

# КИЧИНЕКЕЙ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

## АЛЬ-АЛЬВАНИНИН
## МУСУЛМАН-ХРИСТИАН ДИАЛОГУ
## ТУУРАЛУУ САБАКТАРЫ
## 2010-2017

*Ричард Джонс тарабынан редакцияланган*

КИЧИНЕКЕЙ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

# АЛЬ-АЛЬВАНИНИН

## МУСУЛМАН-ХРИСТИАН ДИАЛОГУ ТУУРАЛУУ САБАКТАРЫ 2010-2017

***Ричард Джонс тарабынан редакцияланган***

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек 2022*

УДК 268:297
ББК 86.38
Р 56

Автору: Ричард  Джонс
Которгон:  Исакова Бактыгүл, Апасова Гулчахра   – Б.: 2022.
Китептин редактору: Муратбекова Бермет

Бул китеп жалпы окурмандарга, ислам динине кызыккандарга, ислам динин изилдегендерге  өтө пайдалуу. Бул китепте  исламга  болгон  жаңы көз караштар сунушталат. Мусулмандарды калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылтып, чыныгы ийгиликке жеткире турчу жолдор чагылдырылат.

Китеп  «Ихсан Хайрия»  коомдук фонду тарабынан бастырылган

Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы
тарабынан тастыкталат. № 11 «25»__1__2022-жыл

**Кичинекей  айырмачылыктар  (Kyrgyz)**

*Ричард  Джонс*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1443 AH / 2022 CE

**Fine differencess  (Kyrgyz)**
*Richard J. Jones*

© The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1441 AH / 2020 CE
ISBN 978-1-56564-955-2 limp
ISBN 978-1-56564-956-9 cased
E-ISBN 978-1-64205-313-5
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон

ISBN 978-9967-9380-6-9 УДК  268:297
ББК  86.38

## СӨЗ БАШЫ

ӨЗ АРА БИРИ-БИРИН ЖӨНҮ ЖОК САЛЫШТЫРА БЕРҮҮ ЖАМАН БОЛОТ ЭМЕСПИ. Өзгөчө бир нерсенин экинчи бирөөдөн артыкчылыгын көрсөтүү үчүн салыштырып жаткан учурларда айкын көрүнөт. Ричард Джонс редакциялаган томдо таптакыр башка көрүнүш. Анда христиандар менен мусулмандарды катар коюп, эч кандай талаш-тартышсыз, "кабылдагыч экуменизмдин" рухунда, өз ара бөлүшүү иретинде изилдөө жүргүзүлгөн. Бул документтердин темалары – кеңири: миграция жана интеграция, зомбулукка мамиле, арачылык, жумуш этикасы, укук, плюрализм... Христиан-мусулман диалогу абдан бай, чети оюлбаган талаа экендигин көрсөтөт. Бул эмгек окурмандардын көп түркүмүнө кызыктуу болот деген ишенимдебиз.

Майкл Л. Фицджеральд, М. Афро

*Апостолдук нунций*

Диний аралык сүйлөшүү боюнча Папалык

Кеңештин экс президенти

# МАЗМУНУ


Кириш сөз vi

Редактордун кириш сөзү ix

1. Багдаддан Лисбургга карай: ат-Таъаруфтун лидери 2
**Зайнаб Альвани**

2. Вашингтон – мусулмандар менен христиандардын жолугушуу жери катары 13
**Ричард Джонс**

3. Тынчтыкты орнотуу: Ислам жана Батыш 32
**Абдулазиз Саид**

4. Арачылыктын наркы: ким төлөйт? 39
**Ричард Джонс**

5. Исламдын экономикалык саламаттыгы, эмгекти бөлүштүрүүсү жана үч чени 53
**Валид аль-Ансари**

6. Жакшы жумуш жана жакшы иштер 100
**Ричард Джонс**

7. Исламдык мыйзам жана өлкөнүн укугу 112
**Азиза аль-Хибри**

8. Америка Кошмо Штаттарында никенин диний жана жарандык мыйзамдары 119
**Ричард Джонс**

9. Куран жана Китеп ээлери 134
**Сайид Амир Акрам**

10. Ыйык Жазманын адамдары: бир христиандын жообу 152
**Пим Валкенберг**

11. Диндин атын жамынып зордук-зомбулук кылуу 172
**Энтони К. Э. Куэйнтон**

12. Исламдын атынан жасалган зордук-зомбулук: келип чыгышы, өнүгүшү жана келечектеги өзгөрүүлөрү 179
**Амр Абдалла**

13. Африкалык улутчулдук жана анын диндер аралык мамилелерге тийгизген таасири 193
**Сулейман С. Ньянг**

14. Африкадагы диний мамилелер, диалог жана башкаруу: Сулейман С. Ньянгга жооп 203
**Кваси Квакье-Нуако**

15. Диндер аралык толеранттуулуктун Курандагы негизи 209
**Абдулазиз Сачедина**

16. Плюралисттик коомдогу диний ишеним 229
**Даниэл А. Мэдиган**

# КИРИШ СӨЗ

Исламдык укук теориясы, юриспруденция (*фикх*) жана *усул ал-фикх* жаатында эл аралык деңгээлде таанылган жана кадыр-барктуу адис Таха Жабир аль-Альвани (1935-2016) – Аль-Азхар университетинин бүтүрүүчүсү, Америка Кошмо Штаттарында, Вирджиния, Ашбурн шаарындагы Кордоба университетинин президенти болгон, Ислам жана Коомдук Илимдер мектебинин Ислам Укук Теориясы бөлүмүнүн Имам Аш-Шафии кафедрасын жетектеген жана ИОЭИ (Ислам ойлору Эл аралык Институтунун) негиздөөчүлөрүнүн бири жана экс президенти. Бул томдо топтолгон лекциялар 2010-2017-жылдар аралыгында Вашингтон Теологиялык Консорциумунун каржылоосу менен ишке ашкан.

Мыкты жазуучу жана изилдөөчү аль-Альвани ар кыл темадагы макалаларын жазып, азыркы коомдун алдында турган көптөгөн маселелер боюнча ислам теологиялык көз карашын баяндаган. Булар негизги тилдерге которулуп, анын ысмын англис жана араб тилинде сүйлөгөн окурмандарга, мусулман жана Батыш дүйнөсүнө тааныштырды. Анын түшүнүктөрү жана таасирдүү логикасы чыгармаларына чоң маани берип, актуалдуулугун жоготпой келет.

Аль-Альвани өз тармагында лидер болгон жана ар кандай диндер менен маданияттардын ортосундагы диалогго бекем ишенген. Ыймандын күчү – бул биригүү күчү, ал эми жамаатты баарлашуу аркылуу таанып билүү – ушуга жетишүүнүн жолдорунун жана аль-Альванинин улуу көз карашынын элементтеринин бири. Чындыкка жетүү үчүн ишенимдин жактоочуларына сүйлөөгө уруксат берилиши керек, башкача айтканда, алар биргелешип жашап жаткан руханий каада-салттар жөнүндө түшүнүктү эркин чагылдырып, жашоонун маанисин, максатын жана адамзаттын Кудай менен болгон мамилесин өздөрү көргөн формада түшүнүшөт. ИОЭИ аль-Альванинин мурасын улантуу максатында, дал ушул нерсени сунуштап, адамдарга “өз оюн айтууга”, башкача айтканда, антологиялык түрдө өз ишенимине болгон көз караштарын жарыялоого мүмкүнчүлүк берди.

Ар бир автор руханий ордун тандап алган теологиялык көз карашка негизделген өзүнүн өзгөчө көргөзмө стилин жана мүнөздүү чечмелөөсүн сунуш кылат. Темалар ар түрдүү жана бир нече убакыттан бери талашка түшүп келаткан учурларды да камтыйт, бирок ошол эле убакта, кылымдар бою сакталып келген жалпы чындыкты сөз кылат. Эң башкысы, тандалган ыкма – бул ачык жана акылга сыярлык диалог. Биз өзүбүздүн жана башкалардын руханий салттары жана мурастарынын ички маанисинен маалымат алабыз.

Диалог – оңой эмес, анткени ал алгач адамды көнүмүш ыңгайлуу жеринен алып чыгат жана акыл-эс аракетин, ой-пикирин кеңейтүүгө түртөт. Бирок, акыры диалог чоң пайданы алып келет. Ушул антологияда келтирилген очерктер – кызыктуу, анткени текстти окуп жатып, жалпылыкка басым жасап, бийик умтулуулардын жана асыл максаттардын планын алдыңызга кое баштайсыз. Окурмандардын айрым көз караштар менен макул болуп, айрымдары менен макул эместиги – талашсыз. Кокустуктун жана айырмачылыктын чекиттерин таап, чоң акылмандыкка ээ болуу ушуну талап кылат. Бул аль-Альвани айткандай, биригип жаткан ишенимдин күчү.

Кудайга болгон жалпы руханий жолубузду жана адамзаттын алдындагы руханий жоопкерчилигибизди дагы бир жолу тастыктоо – бул бардыгыбыздын башыбызга түшкөн жүк жана фанатизмге, бейкалыс пикирге, адамдын мээримине жана адилеттүүлүгүнө чыккынчылык кылган идеологиянын дарысы. Дал ушул кененирээк көз караш азыркы коогаланduу жана нигилисттик мезгилде саясий бөлүнүүчүлүктүн суук мүнөзүнө сокку уруу үчүн гана эмес, балким, адамзаттын ааламдагы ордунда уламдан-улам популярдуулукка ээ болуп жаткан светтик агымын токтотуу үчүн өтө зарыл. Ал адамдын кыялында борбордук орунду ээлейт жана бардык диндердеги салттуу көз караштарды түп тамыры менен жок кылат. Натыйжада, өзүбүзгө жана башкаларга карата кандай иш-аракет кылышыбыз керектигин аныктаган адеп-ахлак кодексин түзөт.

Антология – ошол чоң көрүнүштү көздөгөн кадам. Көрсөтүлгөн көз караштар жана ой-пикирлер сөзсүз түрдө ИОЭИнин көз карашы болуп саналбаса дагы, бул башка конфессиялардын

мүчөлөрүнүн ортосундагы жамааттык мамилелерди өркүндөтүү жана ишенимге негизделген жамааттын катышуусуна мүмкүндүк берүүчү эксперименталдык демилге жана ачык аянтча.

Ислам календары (*хижра*) боюнча даталар келтирилген жерде алар АН деп белгиленет. Болбосо, Григориан календары колдонулуп, зарыл болгон жерлерде СЕ деп берилет. Арабча сөздөр жалпы пайдаланылган сөздөрдөн тышкары курсив менен жазылат. Диакритикалык белгилер заманбап деп саналбаган арабча аталыштарга гана кошулган. Арабча шилтемелерден алынган англисче котормолор котормочуга таандык.

1981-жылы түзүлгөндөн бери ИОЭИ олуттуу илимий аракеттерге салым кошкон ири борбор катары кызмат кылып келет. Ушул максатта, ондогон жылдар аралыгында ал көптөгөн илимий программаларды, семинарларды жана конференцияларды өткөрдү. Ошондой эле коомдук илимдер жана теология жаатында адистешкен илимий эмгектерин жарыялады. Алар бүгүнкү күндө англис жана араб тилдеринде жети жүздөн ашуун аталыштарга ээ, алардын көпчүлүгү башка ири тилдерге которулган.

Авторлорго, редакторго, профессор Ричард Джонско жана ИОЭИнин редакциялык жана өндүрүштүк жамаатына жана ушул китептин аякташына түз же кыйыр салым кошкондордун баарына ыраазычылык билдиребиз.

ИОЭИ кеңсеси
Май, 2020

# Редактордун кириш сөзү

Биздин туруктуу айырмачылыктарыбызга карабастан, коом жана адамдар үчүн бүтүндүк – Вашингтондо сегиз жылдан бери уланып келе жаткан мусулман-христиан диалогунун темасы. Бул диалогдо, театрдагыдай эле сахна, каармандар жана сюжет биздин аракетибизди түздү.

Биз 200 жылдык иммигрант элдин борборунда жайгашканбыз. Согуш жана жакырчылык зоналарынан мигранттар Түштүк Азиядан, Батыш Африкадан жана Чыгыш Африкадан, ошондой эле Жакынкы Чыгыштан келүүнү улантууда. Бул мигранттардын катарына кесипкөй адистер жана окумуштуулар да кирет. Америка Кошмо Штаттарынын бардык аймактарындагы адамдарды ушул жерде иштөөгө же жогорку билим алууга мамлекеттик келишимдер жана жумуш орундары менен камсыздоо кызыктырат. Жергиликтүү университеттер диний сабактарды окуу планына кошушкан. Ал эми христиан теологиялык аспирантуралары иудаизм жана ислам таануу үчүн орун бөлүп берген. Вашингтондо дагы исламды кабыл алгандардын үлүшү бар.

Биздин каармандардын курамына АКШнын Мамлекеттик департаментине Ислам жана Батыш өкмөттөрүнүн ортосундагы диалогго жардам берген окумуштуулар кирген. Башкалары өздөрүнүн каада-салтын үйрөтүүгө терең сугарылган, бирок ыйык жолду карманган ишенгендер менен жүрүүгө убакыт бөлгөн илимпоздор жана дин кызматкерлери да бар арабызда. Бардыгы бүтүндүктү издөө үчүн бир келишимге келишти.

Биздин сюжет тынчсыздануудан негизги ишенимге өтүүнү көрсөтөт. 2007-жылы, 40 жылдык Вашингтон Теологиялык Консорциумунун (азыркыга чейин толук христиан ишениминде болгон) эшиктерин ачууга аракет кылган ыйык Францискде Салес ордеринин дин кызматкери Джон В. Кросин менен ирактык ислам юриспруденциясынын окумуштуусу Таха Жабир аль-Альванинин уулу Ахмед аль-Альванинин ортосунда сүйлөшүү башталды. Кичүү аль-Альвани атасынын ислам илимин Батыштын коомдук

илимдерине байланыштырган долбоору үчүн мекемелик офис издеп жүргөн. Консорциумдагы христиан окуу жайлары мусулман-христиан аспирантурасынын биргелешип окутуусун баалай баштаганда, Судандык ислам укугу боюнча окумуштуу жана Вашингтон районунда эки мечиттин негиздөөчүсү Мохамед Адам Аль Шейх бир нече мусулман аалымдарынын алгачкысы болуп калды.

Доктор Таха туулуп-өскөн жери Багдадда өзү эмнени үйрөтүп жаткандыгын уга алышсын деп сунниттик мечитинин эшигин шиит коңшуларына ачып берген эле. Андан үлгү алган Вашингтон Теологиялык Консорциуму жалпы окумуштууларды бул аалымдардын кесиптештерине берген түшүндүрмөлөрүнө көңүл буруууга чакыра баштады.

Бул бөлүмдөрдө мусулмандар менен христиандардын социалдык жана жеке бүтүндүгүндөгү заманбап көйгөйлөрү жөнүндө ой жүгүртүүлөрү төмөнкүчө баяндалат:

*Диний ишенимдер жана түшүнүктөр социалдык чыр-чатакты күчөтүшү керекпи?*

*Чыр-чатакка арачылык кылган чыгымды ким төлөйт?*

*Адамдын эмгегин баалоонун туура жолу кандай?*

*Америкалык жарандык укукта исламдык үй-бүлөлүк мыйзам кайсы ролду ойношу мүмкүн?*

*"Китеп ээлери" термини – урматтообу же кемсинтүүбү?*

Ушул бөлүнүп-жарылуучу көйгөйлөрдү чечүү менен, мусулман жана христиан ойчулдары өздөрүнүн акыркы ишенимдерин изилдешет. Кээде экөө тең макулдукка келишет. Алар ар дайым өздөрүнүн ички айырмачылыктарын такташат.

Коомдук чочулоолорго жана жеке кооптонууларга карабастан, Вашингтон Теологиялык Консорциумунун эшиктери ачык бойдон калууда. Бул бөлүмдөр силерди көңүл бөлүп, кулак салууга чакырат.

# 1-БАП

## Багдаддан Лисбургга карай: ат-Таъаруфтун лидери

Зайнаб аль-Альвани

ТЕМА: Таха Жабир аль-Альвани кардарлардын ыраазычылыгы өзүлөрүнүн жашоосу үчүн эң зарыл деп эсептеген иракиык соодагерлердин үй-бүлөсүнүн идеалынан тартып, акылдын Кудайдан алган ачылыш менен айкалышып, карама-каршы келгендей чындыктарын чечмелеген Вашингтондук Ислам укук таануучусуна чейин өмүр жолун басып өттү. Анын окумуштуу кызы атасын "ар кандай адамдарды жана ой-пикирлерди Куран менен салыштыруу аркылуу өзүнүн акылын тазалап жашаганга аракет кылган адам болгон" деп мүнөздөйт.

### Алгачкы жылдар

Менин маркум атам, доктор Таха Жабир аль-Альвани, 1935-жылы туулган жана Иракиын Фаллужа шаарында чоңойгон. Фаллужа – Иракиын Аль-Анбар провинциясындагы этникалык жана диний жактан айырмаланган шаар, ал Багдаддан 43 чакырым Батыш тарапта, Ефрат боюнда жайгашкан. Еврейлерди, христиандарды, мусулмандарды жана сабийлерди (байыркы жамааттардын бири[1]) камтыган райондо атам толеранттуулук, кайрымдуулук, сабырдуулук жана кабыл алуу баалуулуктар тутумун калыптандырууга жардам берген ар кандай идеялар жана принциптер менен өскөн.

Башынан эле атам идеологиялык бир жактуулук жана бейкалыс пикирлер коомдук норма болгон, бири-биринен алыстап кетүү эмес, чыныгы өз ара аракеттенүүнү жана *таъāруфту* (Курандагы бири-бирин таанып-билүү түшүнүгүн) жайылткан диний чөйрөдө чоңойгон. Куранда мындай айтылган:

"Оо, адамдар! Биз силерди эркек жана ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн элдерге жана урууларга бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин эң сыйлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Аллах – (баарын) Билүүчү, (баарынан) Кабардар". (49:13)[2]

Атамдын үй-бүлө мүчөлөрүнүн көпчүлүгү соодагерлер жана ишкерлер болушкан, ошондуктан *таъāруф* – алардын негизги жашоо булагы эле. Алар кардарларды аты-жөнү менен билип, товарды көргөндөрдүн баардыгына абдан сый-урмат көрсөтүшкөн. Бала кезинде атам бош убактысын үй-бүлөлүк бизнеске жардам берүү менен өткөргөн экен. Ал адамдардын кызматташуусун өз көзү менен көрүп, атасы менен таякелеринин ар кандай кардарлар менен болгон мамилесин байкап жүргөн. Алар ар дайым сылык жана боорукер болушкан, айрыкча, өзүлөрүнүн мүнөздөрүнөн айырмаланган кардарларга. Атамдын изденүүчү мүнөзү аны адамдардын ар дайым өзүлөрүнүн идеологиясын тандап алгандыгынын түпкү себебин издөөгө түрткү берген жана ал бул процессте өзүнүн ынанымын өзгөртүп турчу. Көп учурларда, ал башкалардын ишенимин түшүнүү жана алардын ой-пикирлерин угуу менен, өзүнүн да ишенимин өзгөртүп, мунун акыры өзүбүздү эң таза ишеним тутумуна алып келерин айткан. Бул түшүнүк Курандагы *Таъāруф* концепциясын ар кандай элдер жана ойлор менен өз ара аракеттенүү аркылуу адамдын акылын жана эсин тазалоо процесси катары колдонот.

Лингвистикалык көз караштан алганда, '*А-р-ф*, *таъāруф* сөзүнүн тамыры, билүү, таануу, изилдөө жана бири-бирин түшүнүү деген маанини билдирет. Бул "жуп" дегенди билдирген "*завж*" термини менен тыгыз байланыштуу. Адамзат Куранда бир үй-бүлө катары же тууганчылык абалында болот деп каралат, бул *таъāруф* амалысыз мүмкүн эмес.

Куран бир жамааттын маанилүүлүгүн баса белгилеп, анын мүчөлөрүнүн ортосунда бекем байланыштын орношун майда-чүйдөсүнө чейин баяндайт, мында 'башкалар' өзүнчө бир нерсе катары бөлүнүүнүн ордуна, "мен"дин кеңейиши катары каралат. Бул бири-бирин билүүгө, билимди бөлүшүүгө жана бири-бирин таануу-

га багытталган ар кандай адамдардын ортосундагы өнөктөштүктү бекемдейт, бул ар түрдүү маданияттын жаралышына алып келет. Менин атам *таъāруф* түшүнүгүнө ушундай караган.

Атамдын *таъāруф* усулу ага адамдардын ортосундагы айырмачылыктарды өзүн өркүндөтүү мүмкүнчүлүгү катары кароого мүмкүндүк берди, бул болсо Куранда мындайча түшүндүрүлөт: "Биз адам балдарын артык кылдык. Аларды кургакта жана деңизде жүргүздүк. Аларга жакшы ырыскыларды бердик жана аларды Биздин жараткандарыбыздан бөлүп (беделин) көтөрдүк". (17:70) Бул усул ага ар дайым жардам берип жүргөн, атам ар дайым пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын салам-салаваты болсун) айтканына шилтеме кылган: Өзүңө каалаган жакшылыкты бир тууганыңа каалбамайынча, толук мусулман боло албайсың.[3]

Ушул көз караш анын жашоосунун бардык тармактарын, анын ичинде бизнести жетектеген. Ал үчүн сергек атаандаштык жана ишкердүүлүк жеке кирешени максималдаштыруу менен эмес, кардарлар жана кошуналар алган канааттануу деңгээли аркылуу аныкталган. Үй-бүлөлүк бизнестин ийгилиги үчүн барометр болуп акча пайдасы эмес, кардарлардын канааттануусу эсептелген. Базарга көбүрөөк кардарларды тартуу жана өз кезегинде бизнести өзүлөрү жана коңшулары үчүн дагы көбөйтүү үчүн кардарларга жакшы мамиле жасоону үй-бүлө өздөрүнүн милдети деп эсептешкен. Алардын ою боюнча, жеке байлыкты топтоого тең салмаксыз басым жасоо ач көздүккө жана өзүмчүлдүккө алып келет, бул инсанга да, жалпы коомго дагы зыян келтирет. Ислам дини бай жана ийгиликтүү адамдардын муктаж болгондорго материалдык жактан колдоо көрсөтүп, билим берүү мекемелерин, балдар үйлөрүн, студенттердин стипендияларын жана башка кайрымдуулук уюмдарын түзүү менен аймактын өнүгүшүнө салым кошуу аркылуу жардам беришин күтөт. Менин атамдын шаары – ошол түшүнүктүн толук кандуу иштеген микрокосмосу болгон. Бул менталитет рынок мыйзамынын эски жана потенциалдуу ачкөздүгүнө жана өзүмчүлдүгүнө каршы турду, бүтүндөй шаардын гүлдөшүнө шарт түзгөн жугуштуу позитивдүү атмосфераны жайылтты.

## *Таъāруф* усулунун Тахынын илимий ишине болгон таасири

*Таъāруф* усулу – атамдын ислам ой жүгүртүүсүн реформалоого багыт берген жарыгы болгон. Ал кээ бир заманбап мусулман аалымдары талаш-тартыш этикетинен четтеп, ошол эле учурда, эң олуттуу маселелерди ачык таштап, арзыбаган укуктук маселелер боюнча талкууларды кандайча жүргүзүп жаткандыгын байкаган, бул Үммөттүн бөлүнүп-жарылышына таасир этип жаткандыгын түшүнгөн.

Бул чындык ага дүйнөгө таанымал болгон *Исламдагы келишпестиктердин этикасы*[4] аттуу китебин жазууга түрткү берди – төңкөрүшчүл текст, анда алгачкы мусулман окумуштуулары өз оппоненттерин жогору баалап, интеллектуалдык эркиндигин кандайча колдонгонуна негизделген келишпестиктердин заманбап үлгүсү келтирилет. Ал илимпоздорду билим менен адептин ортосундагы байланышты калыбына келтирүүгө; тыянак чыгаруу жана дедукция принциптерин жана эрежелерин сактоого; мусулман тилектештигине жетишүү үчүн өз ара макулдашуу жана кызматташуу чөйрөлөрүн чектөөгө чакырган. Ал чыр-чатакка, кастыкка жана баш аламандыкка себеп болгон ар кандай билимди кайра карап чыгуу керек деп эсептеген. Чындыгында, анын кайрадан ой жүгүртүү философиясынын күбөсү катары, ал өзүнүн китебинин биринчи чыгарылышынан 40 жыл өткөндөн кийин, аны кайрадан карап чыкканын белгилесек болот. Ал ар кандай пикирлердин калыс чагылдырылышын камсыз кылып, бир идея экинчи идеяны колдогон жеке пикирлерди алып салууну каалаган.

Дагы бир мисалда, ал *Мусулман азчылыгы үчүн фикх: айрым негизги көз караштар*[5] аттуу китебинде диний мыйзамдар жана этика жарандыкты кандайча бекемдеп, дүйнөнүн каалаган жеринде кыймылдуу өсүп жаткан мусулман калкынын практикалык муктаждыктарына ылайыкташа ала тургандыгы жөнүндө бай интеллектуалдык дискурс түзүүнү көздөгөн. Китеп адамдардын жалпы адамзаттык баалуулуктар менен башкарылган бир үй-бүлө экендигине ишенүү тутумунун негизинде, бири-бири менен кызматташкан ар кандай чакан жамааттар – эң мыкты жамаат болгон деген

көз карашы менен негизделген. Буга Фаллужада өскөн тажрыйбасы түрткү болду. Атам Аллахтын акыркы билдирүүсү Мухаммед пайгамбарга берилген жана бардык пайгамбарлар, элчилер бирдиктүү кабар менен келип, Аллахтын жалгыз экенин билишкен деп эсептеген. Ал Курандын эң бийик максаттары деп кийинкилерди белгилейт:

а) *Таухид* (Аллахтын бир экендигинин ишеними жана тастыкталышы);

б) *Тазкия* (адамзатты жана коомду жамандыктан тазалоо), жеке руханияттан жогору турган такыбалыкты жаратуунун маанилүү процесси;

в) *Умрāн* (адамзат менен ааламдын ортосундагы жакшылыкка жана гармонияга жетүү үчүн баалуулуктарга негизделген цивилизацияны куруу).

Атамдын эмгеги – дүйнөнү жана адамзатты жаратуудагы Кудайдын ой-ниетинин, ошондой эле адамдардын жүрүм-турумуна баа берилип, жетекчиликке алынышы керек болгон негизги критерийлердин көрүнүшү.[6] Ошондуктан *ал фикх аль-таъаайуш* (fiqh al-ta‘ayyush) түшүнүгүн, гармониялуу жашоону түшүнүүнү жайылткан. Бул концепция расасына, динине жана ишенимине карабастан ар бир жарандын бакубатчылыгы, коопсуздугу жана бактысы үчүн кам көргөн идеалдуу жамаатты билдирет.[7]

## Мусулман реформатору жана гуманист ойчул

Атам – мусулман реформатору жана ойчулу катары белгилүү болсо дагы, ал өзүн исламдын призмасы аркылуу карап, философмун деп эсептеген. Анын интеллектуалдык ой жүгүртүүсүнүн багыты исламдын укуктук оюнун жардамы менен адамзатты реформалоого багытталган. Атамдын интеллектуалдык парадигмасынын өзөгүндө окумуштуулар заманбап ислам ой жүгүртүүсүн ар дайым кайрадан карап чыгып, чыныгы жана актуалдуу заманбап идеяларды турмушка ашырууга жардам берүүчү жаңы усулдарды иштеп чыгышы керек деген ишеним болгон. Анын Ислам реформасына чакырыгы “Билимди исламдаштыруу” долбоору катары түзүлгөн.[8] Анын айтымында, төмөнкү маселелер тез арада рефор-

малоону талап кылат: билим булактары, акыл менен аяндын өз ара байланышы жана Курандын максаттары. Анын сунуш кылган синтезин түзүүнүн биринчи кадамы билимди исламдык гносеология жагынан жаңыча аныктоо, ал илимдин бирден-бир булагы болгон Курандын багыттарын изилдөө жана Куранды түшүндүрүп, "жана, эң негизгиси, анын окууларын жана методикасын колдонгон сүннөт"[9] аркылуу жетишүү керек. Ал бул стратегияны төмөнкү алты баяндама аркылуу түшүндүрөт:

1. Ыйманды акыркы суроолорго адекваттуу жооп берүүгө жөндөмдүү чыгармачыл жана динамикалык интеллектуалдык күчкө айландырууга боло турган исламдык билим парадигмасын (*таухид* эпистемасы) түзүү. Билимдин исламдашуусу – Шарияттын эң жогорку баалуулуктары жана ислам окууларынын табияты болгон ыйманга негизделген.[10]
2. Адамдарга тарыхый жана заманбап көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүгө мүмкүндүк берген Курандын методикасын иштеп чыгуу. Куранды илимдин булагы катары табигый жана коомдук илимдердин түшүнүктөрүнө бириктирүү менен, адам жашоосун бекемдөөчү баалуулуктарга натыйжалуу салым кошууга мүмкүнчүлүк берет.
3. Салттуу Куран илимдерин карап чыгып, кайра ойлонуп чыгуу. Атам салттуу ислам илимдери негизинен Куран жана Хадистин айланасында болуп, сүрөттөөчү мүнөздө экендигин моюнга алган. Ошондуктан, алар текстти биринчи кезекте лексикалык жана риторикалык көз караштан талдоого басым жасашып, Куранды чечмелөө (*тафсир*) сөзү менен түшүнүшкөн. Атам Куранды билимдин булагы катары окуунун жаңы методикасын иштеп чыгуу зарыл деп эсептеген.[11] Аалымдар менен изилдөөчүлөрдүн Курандан ишенимдүү жыйынтык чыгарышы, атүгүл туура суроолорду түзүшү үчүн, ал *тафсир аль-Куран би аль-Куранды* (Куранды Куран аркылуу чечмелөө) ыйык текст менен илимпоздордун олуттуу кызматташуусунун натыйжалуу жолу деп атады.[12] Анын методикасы Куранды өзүнүн ички түзүлүшү жана өзүнүн теология тили жана сөзү аркылуу түшүнүү керектигин баса белгилеген. Атамдын методикасы боюнча, мусулмандар су-

роолорду, көйгөйлөрдү жана жоопторду түзүү үчүн Куранды башынан аягына чейин окушу керек. Ошондой эле, ал сөздү, анын актуалдуулугун жана маанисин жакшыраак түшүнүүгө жетишүү үчүн, Курандын белгилүү бир түшүнүгүн же принцибин Куранда издөө туура илимий ыкма деп эсептейт. Окумуштуулар/окурмандар ар бир контекстте бир эле сөзгө/түшүнүккө жана анын маанисине карата ар кандай шилтемелерди издеши керек. Бул изилдөө методу окурмандан интеллектине тексттик өнөктөш катары өзүнүн тиешелүү ролун берүүнү талап кылат. Анын айтымында, жогорудагы эки айкалышкан окуудан тышкары, бул усул Куранды, сүннөттү жана Ислам мурастарын окууга жана түшүнүүгө багыт бериши шарт.

4. Куран окууларын тактоонун жана жүзөгө ашыруунун негизги булагы катары сүннөт менен иштөө методикасын иштеп чыгуу. Чыныгы турмуштук кырдаалда аны колдонуунун үлгүсү болгон бул билимдин жыйындысы, “Тирүү Куран”[13] деп да белгилүү болгон, Пайгамбарыбыз ишенген адамдык мүмкүнчүлүктөрдүн эң жогорку деңгээлиндеги практикалык тажрыйба бойдон калууда. Демек, мусулмандар аяндын окууларын чыныгы жашоого кантип байланыштырууну түшүнгөн усулдарды курушу керек. Башкача айтканда, сүннөттүн мыйзамдуу өкүмдөрүнө эмес, анын ой жүгүртүүсүнө көңүл буруу керек, анткени бул аны белгилүү бир суроолорго жана жагдайларга берилген конкреттүү жооптордун жыйнагы болуудан куткарат.
5. Ислам дининин интеллектуалдык мурастарын адамзаттын акыл-эсинин жемиши катары кабыл алуу жана биздикинен кыйла айырмаланган тарыхый чындыкты эске алуу менен кайра карап чыгуу методикасын иштеп чыгуу.[14] Куран окуудагы жана мыйзамдуу прецеденттерди түзүүдөгү *Турастын* (Ислам мурасы) ролу жөнүндө маселе каралган. *Турас* – бул сынчыл жана мусулмандарды толугу менен четке кагуу, толук кабыл алуу же жарым-жартылай кыйыштыруу субъективдүү мамилелеринен арылта тургандай түшүнүү керек болгон бай булак.

6. Батыштын заманбап ой жүгүртүүсүн терең ой жүгүртүп, андан сабак алуу жана анын мыкты элементтерин так аныкталган стандарттарга ылайык кабыл алуу.

Билимдин исламдашуусу, анын ою боюнча, мусулман аң-сезимин кайрадан кеңири мааниде[15]– мыйзам өзүнөн өзү билинбеген булактардан көз карандысыз ой жүгүртүүнү жүзөгө ашыруу жана адамзатка билимдин трансценденттүүлүгү менен байланышкан билимди жана илимди сунуштоо аркылуу жаңы кырдаалдарга туура келген жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу – ижтихад (сөзмө-сөз "аракет") жасай тургандай кылып түзүүгө багытталган атайын жараян болгон.[16]

Билим, адатта, адамдардын турмуштук кыйынчылыктарды жана коомдук кубулуштарды курчап турган окуяларды түшүнүүгө болгон аракетинде иштелип чыккан маанилердин, түшүнүктөрдүн, ишенимдердин, баалоонун жана сүрөттөөлөрдүн жыйындысы деп түшүндүрүлөт. Ал билимге *вахи* (Аян) жана *вужудду* (физикалык ааламдын) тастыктоочу далилдерин камтышы керек деп кошумчалайт жана баса белгилейт. Аян адамзатка *аалам аль-гайб* (көзгө көрүнбөгөн дүйнө), адам кабыл ала албаган дүйнө жана *аалам аль-шахада* (кабыл алынган дүйнө) жөнүндө бир аз билим берет.[17] Адамдын түздөн-түз тажрыйбасынын чегинен тышкары болгон билимди Кудайдын аяны аркылуу гана аныктоого болот.

Атамдын методикасы ижтихаддын жандануусуна жана андан кийин Кудайдын Аянын, жаратылышты, ааламды жана адам жашоосун түшүнүү үчүн интеллектуалдык жана чыгармачыл көнүгүү катары колдонууга басым жасады. Бул ой жүгүртүү процесси адамдын акыл-эси жана беш сезими чалгындоо, текшерүү, индуктивдүү ой жүгүртүү жана чечим кабыл алуу үчүн жооптуу деп айтат.[18] Натыйжада, ал *акл* (акыл) менен *вахий* (аян) ортосунда эч кандай карама-каршылыкты көрбөй, *вахий* менен *вужуддун* биргелешип окулушу – эки дүйнөнүн ар тараптуу түшүнүгүнө жетүү үчүн фундаменталдык ыкма деп эсептейт.[19] Физикалык дүйнө жөнүндө билим акылдан, кабылдоодон же тажрыйбадан алынышы керек. Курандын окуулары боюнча натыйжалуу жана мыйзамдуу натыйжаларга жетүү үчүн тышкы далилдер менен

бекемделген күчтүү аргументтер, жүйөлүү ой жүгүртүүлөр жана катуу талаш-тартыштар зарыл. Демек, адамзат билимдин негизги булагы – *Вахийди* түшүнүү үчүн *аклды* жана беш сезимди колдонушу тийиш. Демек, *акл* менен *вахий* бири-бирине карама-каршы келбей, бири-бирин толуктап турат.[20]

Таха Жабир аль-Альванинин ислам илимдеринин тармагына кошкон негизги салымы – ислам салттарынын азыркы турпатынын негизинде жаңы усулдарды түзүү үчүн дарбазаларды ачуу болгон. Реформатор катары атам исламдын классикалык каада-салтынан баш тартууга ишенбей, тескерисинче, ислам илимдерин, билимин жана мурастарын жакшылап бекемдөөгө жана терс идеялар менен кырдаалдарды жеңүүгө жардам берүүчү усулдарды иштеп чыгуу зарылчылыгына ишенген.

Анын укуктук, тафсирдик, теология ж.б. чөйрөлөрүндө исламдык укуктук салттар таянган негиздерге болгон урмат-сыйы чоң. Ошол эле учурда, ал мусулман окумуштуулары бири-бирин кайталаган классикалык тафсирлердин ордуна, мусулман үммөтүнүн жана адамзаттын интеллектуалдык келечеги үчүн жаңы башталышты түзө турган билимди өрчүтүшү керек деп бекем ишенген. Буга бизден айырмаланып тургандарды түшүнүү жана кабыл алуу менен, өзүбүздүн эс тутумубузду тазалоо аркылуу гана жетишүүгө болот. Кудай адамзатка бардык жаратылгандардан артыкчылык бергендей эле, биз да ушул үлгүнү сактап, бири-бирибизди чындап таанып-билүүгө умтулушубуз керек.

## Жыйынтык

Жыйынтыгында, мен сизге Багдадда белгилүү аймак болгон *Каррада аш-Шаркия* (Karraadah al-Sharqiyah) жөнүндө бир эскерүүнү айтып берейин. Бул негизинен христиандар, шииттер жана сунниттердин чакан тобу жашаган кенен аймак. Ал көркөм Тигр дарыясынын жээгинде жаткан белгилүү Абу Навас көчөсү менен чектешкен. Менин атам ал жердеги сунниттер салган чоң мечиттин имамы болгон. Анын жума хутбалары мусулмандарга гана таасирин тийгизбестен, башка ишенимдеги адамдарды да өзүнө тартып турган. Адамдар анын адеп-ахлактык жана социалдык

баалуулуктарына суктанышчу. Анын насаатынан кийин аны менен баарлашып отурган ар кайсы катмардагы адамдарды көрчүмүн. Алардын бири атам менен диний, саясий жана философиялык маселелерди талкуулаган биздин христиан кошунабыз – Джон болчу. Алар ар кандай ишенимде болсо дагы, Джон ага ишенип, анын билимине таянган. Атам өмүр бою башка адамдар менен табигый мамиледе болууга умтулган. Бул мисал атамдын билимге болгон берилгендигин жыйынтыктайт.

## ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Сабийлер биздин кошуналар, классташтар жана кесиптештер болгон. Алар алтын жана күмүш жасоо чеберчилиги менен белгилүү болушкан. Сабийлер – Куранда китеп ээлери катары үч жолу айтылган диний топ. Сабийлер жөнүндө 2:62, 5:69 жана 22:17де айтылган: ("Чындыгында, ишенимге [ушул Кудайдын Аятына] жеткендер, жөөттөрдүн ишенимин ээрчигендер, сабийлер, христиандар жана сыйкырчылар [бир жагынан] жана кудайчылыкты Аллахтан башка нерсеге таандык кылгандар [экинчи жагынан], чындыгында, Кыямат Күнү Аллах алардын ортосунда чечим чыгарат, анткени Аллах баарына күбө"). (Асад)
2. Куран араб тилинде табылып, арабча текст түп нускасында сакталып калган. Куран дүйнөнүн көпчүлүк тилдерине которулган, бирок түп нуска текст гана ыйык деп кабыл алынат. Бул изилдөө Абдулла Юсуф Алинин котормосуна таянат, эгер башкача белгиленбесе, Ыйык Куран: Текст, Котормо жана Түшүндүрүү (The Holy Qur'an: Text, Translation and Commentary), Абдулла Юсуф Али.
3. Сахих Бухари жана Муслим.
4. Исламдагы макул эместиктин этикасы (Ethics of Disagreement in Islam), (Херндон: ИОЭИ, 1993) 3-чыгарылыш, 2011.
5. Таха Жабир аль-Альвани, "Азчылык үчүн фикх: айрым негизни көз карштар" (Towards a Fiqh for Minorities: Some Basic Reflections), (Лондон жана Вашингтон: IIIT, 2003).
6. Зайнаб Аль-Альвани, "Курандын максаттары: Заманбап көйгөйлөрдү баалоо методикасы жана Фикх аль-Акаллият" ("Maqāṣid Qur'āniyya: A Methodology on Evaluating Modern Challenges and Fiqh al-Aqalliyyāt"), The Muslim World, көлөмү 104, 4-чыгарылыш, Октябрь 2014, 465–487 бб.
7. Анын макалалар жыйнагын караңыз: Шейх Таха Жабир аль-Альвани: Заманбап исламдык ой жүгүртүүнүн көйгөйлөрү (Лондон, Улуу Британия: ИОЭИ, 1426/2005).

8. “Курандын максаттары: Заманбап көйгөйлөрдү баалоо методикасы жана Фикх аль-Акаллият” (“Maqāṣid Qur’āniyya: A Methodology on Evaluating Modern Challenges and Fiqh al-Aqalliyyāt”), 474-475 бб.
9. Т. Ж. аль-Альвани жана И. Д. Халил, Куран жана сүннөт: мейкиндик-убакыт фактору (The Qur’an and the Sunnah: The Time-Space Factor), Occasional Papers 3, оңдолгон басылышы (Лондон, ИОЭИ, 1995), 28 б.
10. Зайнаб Аль-Альвани, “Курандын максаттары: Заманбап көйгөйлөрдү баалоо методикасы жана Фикх аль-Акаллият” (“Maqāṣid Qur’āniyya: A Methodology on Evaluating Modern Challenges and Fiqh al-Aqalliyyāt”), 471-472 бб.
11. Аль-Альвани классикалык Куран илимдерине сереп салгандыгы анын жокко чыгаруу теориясын талдоосунда чагылдырылган (Naḥwā Mawqif Qur’āni min al-Naskh), [Жокко чыгаруу жөнүндө Курандын мамилесине карай] (Каир: Maktabat al-Shurūq al-Dawliyya, 2007), muḥkam and mutashābih концепциясы. Аль Мухкам жана Муташабих [Үн жана эки маанилүүлүк] (Каир: Maktabat al-Shurūq al-Dawliyya, 2007).
12. Т. Ж. аль-Альвани жана И. Д. Халил, Куран жана сүннөт (The Qur’an and the Sunnah), 15-17, 22-24 бб.
13. Т. Ж. аль-Альвани жана И. Д. Халил, Куран жана сүннөт (The Qur’an and the Sunnah), 30 б.
14. аль-Альванини караңыз, Исламдагы чындыктан четтөөчүлүк: тарыхый жана библиялык анализ (Apostasy in Islam: A Historical & Scriptural Analysis), Нэнси Робертстин котормосу (Лондон жана Вашингтон: IIIT, 2011).
15. Ижтихад “сөзмө-сөз аракет кылуу, максатка карай иштөө, өзүн-өзү жумшоо, көп эмгек кылуу” дегенди билдирет. Исламдык укуктук терминологияда бул “шарият мыйзамдарын анын булактарынан – Куран жана сүннөттөн алуу процесси” дегенди билдирет. Мужтахид – исламдык укук тутумунун адиси.
16. Т. Ж. аль-Альвани, Заманбап исламдык ой жүгүртүүнүн көйгөйлөрү (Issues in Contemporary Islamic Thought), 22 б.
17. Ибид, 16-17 бб.
18. Ибид, 132 б.
19. Ибид 94 б.
20. Т. Ж. аль-Альвани, Заманбап исламдык ой жүгүртүүнүн көйгөйлөрү (Issues in Contemporary Islamic Thought), 94 б.

# 2-БАП
# Вашингтон – мусулмандар менен христиандардын жолугушуу жери катары

Ричард Джонс

ТЕМА: Вашингтон – Европа-Америка аймагынан, афроамерикалык азчылыктан же ислам дүйнөсүнөн келген адамдар айкалышып жайгашкан өзгөчө жер. Вашингтон христиан менен мусулмандардын жолугушуусуна көптөгөн түрткүлөрдү берет. Улуттук, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өсүп келе жаткан көп улуттуу жана көп конфессиялуу калкка, жаңы диний топторго, айрыкча мусулмандарга жакшы көңүл бурат. Жергиликтүү мектептер жана илим борборлору мурунку диний каада-салттарды өткөрүп берүүгө жардам берет, бирок ошондой эле алар жаңы билимдерди өздөштүрүп, биздин инсандыгыбызды кайра карап чыгууга көмөктөшөт. Таха Жабир аль-Альванинин диний жамааттын жашоо чөйрөсүн, анын ичинде социалдык азчылык статусун өмүр бою изилдеп жашашы – Вашингтонду бул багытта өсүп-өнүгүшүн күчтөндүрдү.

## I. Вашингтонго карай

*Ислам дүйнөсүнө жакындоо*

XXI кылымдын башында Вашингтондогу айрым айырмачылыктар. Каирден, Дамасктан же Кордобадан айырмаланып, Вашингтон – мурунку ислам данкынын тарыхый жайы эмес; Парижден, Лондондон же Москвадан айырмаланып (эгер сиз Филиппинде америкалыктар Минданаону башкарууга аракет кылган элүү жылды унутууга даяр болсоңуз), Вашингтон – Батыштан тышкаркы коомдордун үстүнөн ачык жарыяланган мурунку империянын борбору эмес. Тайланддан, Индиядан, Чыгыш Африкадан, Батыш Африкадан, Кавказдан жана Босниядан айырмаланып, Вашинг-

тон – учурда мусулмандар индус, буддист же христиандардын көпчүлүгү менен кагылышып жаткан жер эмес.

Албетте, Вашингтон – ислам мыйзамдары мамлекеттин мыйзамы болуп саналган *Дар-аль-Исламга* таандык эмес. Мен дүйнөлүк мегаполисти өзүнүн дүйнө картасында тынчтыкка жана жап-жашыл түскө боёого даяр турган бир дагы мусулман активистин билбейм. 2010-жылы март айында Вашингтон Пост гезити Вирджиниядагы Делегаттар Үйүндө болгон бир кагылышууну кабарлаган: анда спикер айрым делегаттардын нааразычылыгына кабылган. (анткени ал Фейрфакс округунун имамы Жохари Абдул-Маликти Мыйзам чыгаруу жыйынын ачылышында сыйынуу үчүн чакырганы себеп)

Ошентсе да, Вашингтон – исламдын бар болушу үчүн күрөшүүгү керек болгон *Дар-аль-Харб* эмес. Muslim Link гезити өз баракчасында шаарда элүү төрт ислам борборун тизмектейт; Түндүк Американын Ислам ийрими сайтында дагы төрт жергиликтүү мечиттин тизмеси келтирилген.[1] Биздин аймак – картада терең исламдык жашыл түскө татыксыз болушу мүмкүн, бирок ал душмандык ачык сары түскө дагы ээ эмес.

Мен Түндүк Американы жана айрыкча, Вашингтондун аймагын Ислам картасында жок дегенде, ачык жашыл түскө боёого татыктуу деп сунуштайм, анткени бул Ислам коомчулугу негизинен таза жол менен жашоого жетишкен жер. Дар-ас-Салаам – ислам коомчулугу Мухаммед пайгамбардын жолун такыр бузбай, жашоого жетишкен жер. Менин көз карашымда, Вашингтон – азыркы заманда мусулман болуп жашоого ыңгайлуу жай. Вашингтон – бүгүнкү күндө мусулмандар жашай турган бейпил жай деген ойдо калдым.

Албетте, биз дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө жайгашкан, чыныгы исламдык өкмөттү Фогги Боттомдогу окуя үчүн (1600 Пенсильвания Авеню, Н. У.; Лэнгли, Вирджиния; же Потомактын жээгиндеги беш бурчтуу имарат) күнөөлөп, агрессивдүү чабуулдарды жасап жаткан исламдык согушчан топтор жөнүндө билебиз. Ошондой эле, полициялык отчеттор жана ачык сот процесстеринен Түндүк Вирджиниядагы ислам согушчул топторуна жалданган жаштар жөнүндө кабарыбыз бар. Кызык, маркум Усама бин Ладен же жакынкы күнгө чейин эле Вирджиниядагы кошунабыз

болгон, эми Йемендеги америкалык бомбалоонун бутасына айланган имам Анвар аль-Авлаки, ушул эки согушчан башчылар дагы Вашингтондо жашаган жана намаз окуган мусулмандар жалпысынан коопсуз жайда жашашкандарын тана алышмак беле?

*Европа-Америка аймагына жакындоо*

Мусулман иммиграннттардан европалык жана христиан динииндеги америкалыктарга кайрылсак, алар Вашингтонду мусулмандар менен жолугуу жер катары кандай кабыл алышат? Колумбия районунда туулган Исанын жолдоочусу болгондуктан, мен бул топ үчүн сүйлөй алам. Вашингтонду бизди жандуу жана ар тараптуу мусулман коомчулугунда тарбиялаган шаар деп эсептейбиз. Мен өзүм Вашингтондун Түндүк-Батышында чоңойгом, Массачусетс проспектисиндеги Ислам борборунун курулушу башталганын көргөм. Бирок, мен эч качан мусулман менен жолуккан эмесмин. Эгер 1950-жылдары Джон Итон башталгыч мектебинде окуган классташтарымдын арасында мусулмандар болсо дагы, мен алар жөнүндө билген эмесмин. Мехди Р. Али деген Ыйык Албандын балдар үчүн мектебиндеги классташымды эстейм, бирок, мусулман катары эмес, пакистандык дипломаттын уулу гана катары. Менин Кливленд паркындагы ак конушумда кара түстөгү мусулмандар бар экендигин билген эмесмин.

Отуз жылдан кийин Канаданын Торонто шаарында жана Вирджиния штатындагы Александрияда чоңойгон балдарым азыр андай шартта өсүшкөн жок. Менин уулума Сент Стефан жана Сент-Агнес мектебинде исламды кабыл алган жалындаган америкалык Абдул Малик дүйнөлүк тарыхтан сабак берген. Менин кызымдын жакын досторунун арасында Тами Рауф да бар болчу, ал мусулман үй-бүлөсүндө тарбияланган. Уулум менен кызымдын мууну фалафелдин жана ооган нанын татып, *адал* тамак-аш дүкөндөрүн жана мечиттердеги жума күндөгү элди тааныды, ошондой эле, Рамазан айында орозо кармаган мусулмандардан кабардар болушту. Менин оюмча, Washingtonian журналы жана Washington Post сыяктуу жергиликтүү телерадиокомпаниялар жана басылмалар динге карата толеранттуулукту жана этникалык ар түрдүүлүктү Исламга байланыштуу ар кандай шектенүүлөргө же кооптонууларга караганда көбүрөөк баса белгилешет. Албетте, Америка

Кошмо Штаттары үчүн Вашингтондо кездешкенден башка дагы, кеңири жана ар тараптуу көп нерсе бар. Америкалык Университеттин профессору, Пакистандын мурунку элчиси Акбар Ахмед бул тууралуу 2008-жылы *Америкага саякат* тасмасы үчүн Америка Кошмо Штаттарынын мусулман коомчулугу менен маектешкенден кийин айтты. Айрым жерлерде мусулмандар Вашингтондогу аймакка караганда анча таанымал эмес, этностук мүнөзү аз жана кадыр-баркы төмөн болушу мүмкүн. Бирок жергиликтүү калкка көңүл буруп, Вашингтондун пейзажы европалык жана христиан динин тутунган, эч качан көпчүлүк мусулман өлкөлөрүнө барбаган же бир класста мусулмандар менен чогуу отурушкан америкалыктар үчүн исламды ачыкка чыгарат деп ырастайм. Бул шаар Ислам жөнүндө билүүгө чакырат.

*Афро-америкалык азчылыкка жакындоо*

Кливленд паркындагы Ак тоолордогу өскөн балалыгымдагы бир учурду эскерип айтып берейин. 1970-жылы кыш күндөрүнүн биринде, күүгүм кирген маалда Вашингтондун эстелигинин байкоочу палубасына чыгып, көк жана саргыч көчө чырактары күйүп жаткандыгын көргөн элем. Ошондо шаардын борборунун ар кандай жолдордон жана төрт бурчтуктардан турган көчөлүк схемасын байкадым. Дөбөнүн башында турган Вашингтон мунарасын да көрдүм. Чыгыш терезеге өтүп караганымда, электр жарыгы мурда мен билбеген Түндүк-Чыгыш Вашингтонду жана Анакостияны жарык кылып көрсөткөнүндө таң калып турганым эсимде.

Бул кварталдардын жашоочуларынын көпчүлүгүнүн теги афроамерикалык болгон. Алардын айрымдары федералдык аймак Мэриленддин Эркин штатынан бөлүнүп бүтө электе эле бар болчу. Ал Америкадагы жарандык согуш учурунда мурдагы кулдар отурукташкан жер катары пайда болуп, Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жумуш оруңдары көбөйгөндүктөн кайрадан өскөн. Вашингтондун эстелигинен түшүп келип, Чыгыш Капитолий көчөсүндөгү Күнөөдөн арылуу чиркөөсүнүн диний окуу жайына окууга кирдим. Ошентип, кечигип, жыйырма сегиз жашымда орто жана жогорку класстагы кара христиан вашингтондуктар менен тааныштым.

Дүйнөнүн башка жерлериндеги чиркөөлөрдө кызмат кылып, отуз жыл кечиккенден кийин, мен акыры Вашингтондогу эң эски мечитке биринчи жолу окуучум, Таалиба Хасанды ээрчип бардым. Ал 1930-жылдары Ильяс Мухаммад жана жергиликтүү жолдоочулар тарабынан Чикагодо, Милуокиде жана Детройтто уюштурулган мечиттерден кийин *№ 4 Мухаммеддин Ислам Ыйык Ибадатканасы* деген ат менен курулган. 1960-жылы салынган жана кийинки мечиттердин тобун баштаган эне мечиттин имараты Нью-Джерси проспектисиндеги NW төртүнчү көчөсүндө активдүү пайдаланууда. Төртүнчү көчөнүн бул бөлүгү шаардык Кеңеш тарабынан 1992-жылы “Ислам жолу” деп өзгөртүлгөн.

Вашингтондун афроамерикалык жарандары өз шаарында эле болушса жана бүт өлкө боюнча афроамерикалык азчылыктын өкүлдөрү бул калаага жашаганы келишсе, Колумбия округу жана Мэриленд штатындагы Принц Джоржес округунда кара шайлоочулар көпчүлүктү түзүп калышмак. 80 жылдан бери Вашингтондогу америкалык мусулмандар каралар барчу чиркөөлөр менен кошо бир эле максатка жетүү үчүн иштеп келишкен: коомчулукту шайлоого гана эмес, балдарды, үй-бүлөнү коргоого, сабатсыздык, үйсүздүк, баңгилик, оорулар жана кылмыштуулук менен күрөшүүгө уюштурушкан. 1975-жылы Ильяс Мухаммаддын өлүмүнө чейин мусулмандар бул максаттарды ишке ашыруу үчүн өздөрүнчө ишкана ачышкан, басымдуулук кылган актардын коому таңуулаган көзөмөлдөн баш тартып, өзгөчө кийимдерди кийишкен, өзүнчө ысымдарды алышкан. Кара улутчулдук күчөгөн 1963-жылы 7-Гарлемдик ибадаткананын имамы, “Мухаммад сүйлөйт” деген жергиликтүү гезиттин редактору Малькольм Икс Вашингтондогу 4-мечитти убактылуу башкарып калган. Малькольм Икстин Вашингтондо болушу анын Ильяс Мухаммад менен кол үзүшүп, Меккеге зыяратка барып, расалык эмес сунниттик исламга киришинин алдында болгон.[2]

Мен Вашингтонду – үч муундан бери түпкү афроамерикалык мусулмандар жаралган жана алар калктын саны кыйла көп кара христиан жамааттары менен кийинки иммигрант топтору тарабынан жакшыраак каржыланган жаңы мечиттердин ортосунда өз ордун ээлеген жер катары эсептейм. Вашингтондогу ар кандай мусулман-христиан диалогу мусулман калкынын бул катмарынын

– афроамерикалык, бирок христиан эмес, мусулман, бирок жаңы эмес америкалыктар эмес, өзгөчөлөнгөн өзөгүн таанууга тийиш.

Биз бардыгыбыз Вашингтонго өз жолубуз менен келебиз. Вашингтондун дареги – стратегиялык мааниге ээ жана кимдир бирөө тарабынан кокустан жана жөн эле берилгендиктен тандалып алынат, ал эми дагы бирөөлөр үчүн алар түшүндүрүп, негиздеп бериши керек болгон жагдай катары көрүнөт. Вашингтон – биз үчүн эсеп-кысап дареги эмес, анын биз үчүн үй катары мааниси – мусулмандар катары христиандар менен, христиандар катары мусулмандар менен жолукканда маанилүү пикир алышуу. Массачусетс штатынан келген АКШнын Өкүлдөр палатасынын төрагасы О Нил “Бардык саясат жергиликтүү” деп айтпады беле? Канча конференцияга катышпайлы, эл аралык байланыштарды баалабайлы, маанилүү христиан-мусулман жолугушуулары жергиликтүү деңгээлде болот деп ойлойм. Маанилүү жолугушуулар – бул эртең өзүңүз да катышкан жана бүгүн кечинде айткан же кылган ишиңиз үчүн жооптуу болгон жолугушуулар.

## II. Вашингтондогу диалог үчүн стимулдар

*Өкмөттөр*

Жакында Вашингтондун Улуттук кеңешинде каноник (христиан диний кызматчысы) Джон Петерсон жыйырмадан ашык суннит, шиит, англичан жана рим-католик теологдоруна анын чиркөөсүнүн мунарасы (собор) эң жогорку бийиктикте көрүнүп турарын, “бул собордун символикалык жана чогултуучу күчү” чон болгондуктан, эл аралык тынчтык жолугушуу үчүн ылайыктуу жер экендигин айтты.

Эгерде собор өзүн элге символикалык маанисин жана адамдарды чогултуучу күчү бар экендигин тааныта алса, анда күчтүү штаттардын борборунда орношуп, коңшулаш Мэриленд менен Вирджинияда жайгаштырылган, бийликтин көптөгөн иштерин пландаштырган жана аткарган тажрыйбалуу мамлекеттик кызматкерлери, аскерлери жана жеке подрядчылары бар өкмөт канчалык деңгээлде бул кадамга барышы мүмкүн?

Үчүнчү муундагы Түндүк Африкадан келген иммигрант калкына таандык Париждин тегерегиндеги шаар четинен, Германиянын ири шаарларындагы түрк жумушчу иммигранттарынын же Британиянын шаарларындагы Түштүк Азиялык иммигранттар жашаган кварталдардан айырмаланып, Вашингтондун аймагында көпчүлүгү мусулман өлкөлөрүнөн келген иммигранттардын эмгек акысы жана статусу кең географиялык мейкиндикте жайгашууга мүмкүнчүлүк берет окшойт. Мен Вирджиния штатындагы Арлингтон округунан кичинекей Сайгонду кайдан табууну билем, бирок кичинекей Багдадды, кичинекей Могадишону, кичинекей Кабулду же кичинекей Тегеранды кайдан табууну билбейм. Мусулман иммигранттар жашаган чачыранды структура исламга ишенген ата-энелерден бир райондук мектепте эле эмес, бир топ мектептердеги жана райондук мекемелердеги түшкү менюдагы *адал* тамактар, коомдук иш-чаралар жана студенттердин кийимдери боюнча көйгөйлөрдү чечүүнү талап кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, албетте, ири испан азчылыгын жайгаштырууга көп маани беришет. Мага Принц Уильям округунда, Вирджиния штатында мамлекеттик мектептерде англис жана испан тилдеринен кийин, көбүнчө фарси жана араб тилдери колдонулат деп айтышты.[3]

Окуу программалары жана коомдук турмуш билим берүү, укук коргоо органдарын жана жумуш берүүчүлөрдү алгач афро-америкалыктарга, андан кийин латын-америкалык студенттерге, маданий мурасы Ислам дүйнөсүнөн келгендерге көңүл буруусуна даярдады. Районубуздагы мамлекеттик мектептердин окуу программалары христиан эмес диндердин, анын ичинде ислам дининин дүйнөлүк тарыхтын курстарынын мазмунунда маанилүү экендигин моюнга алышууда. Жеке мектептер, анын ичинде чиркөө мектептери, дүйнөлүк диндерди окууну программасына кошушту. Албетте, жеке менчик мектептердин жетекчилиги башка диндерди түшүнүү азыркы дүйнөдө өтө маанилүү деп эсептегенге байланыштуу, мындай көрүнүш болуп жатат.

Мамлекеттик мектептердеги окуу программа, жүрүм-турум жана сыйынуу сыяктуу жергиликтүү маселелер, же иммиграция саясаты, кылмыш иши жана тергөө иштери сыяктуу улуттук маселелер болобу, Вашингтондогу өкмөт акыркы он жылдыктарда

христиан жана иудейлерден гана эмес, ошондой эле индус, ислам жана башка диндерден дагы кабар алууну адатка айландырды. Түндүк Американын Ислам Коомунун Вашингтон бөлүмдөрү, Америка Ислам Мамилелер Кеңеши жана Түндүк Американын Ислам Чөйрөсү медиа жана өкмөттүк мамилелер боюнча эксперттерге айланышты. Ак үйдө биринчи жолу Клинтон администрациясынын тушунда уюштурулган ооз ачыруучу жайлар (ифтар) мусулман эместер тарабынан абдан бааланган. Менин Америка Кошмо Штаттарындагы өкүлүм жана округ кеңешчилерим менен жолугушкан жерим – Вирджиния штатындагы Фэйрфакс округундагы Дар аль-Хижра мечитиндеги ифтар. Шайланган чиновниктер жергиликтүү мечиттерде шайлоочуларды тосуп алуу менен саламдашууну туура көргөндө, Ислам жамааты эл арасында таанылды деп жыйынтык чыгарсак болот.

*Университеттер, колледждер жана аналитикалык борборлор.*

Вашингтондун аймагында көптөгөн университеттер жайгашкан. Алардын улуулары түпкү теги боюнча христиандык болушкан. Джорджтаун Иисус коому тарабынан улуттук өкмөт Филадельфиядан Потомак дарыясынын жээгиндеги айылдык Колумбия округуна көчүп келгенге чейин эле негизделген Америка Университети, Джордж Вашингтон Университети жана Американын Католик Университети XIX кылымдын аягында өсүп келе жаткан державанын борборунда таасирин орнотуу үчүн методисттердин, баптисттердин жана рим-католиктердин демилгелерин билдирет. Мэриленддин мамлекеттик университети Вашингтондун четиндеги Колледж паркта жайгашкан. Вашингтондун эмгек жамаатынын үзгүлтүксүз билим берүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн акыркы элүү жыл ичинде университеттердин жаңы муунун түзүлдү. Алардын катарына Вирджиниядагы Фейрфакстагы Джордж Мейсон Университети, администрациясы башка жерде жайгашкан университеттердин филиалдык бөлүмдөрү, мисалы Джон Хопкинстин Эл аралык изилдөө жогорку мектеби; ошондой эле көп тармактуу мамлекеттик коомдук колледждер жана шаардын бүт билим берүү тармагында чачылган бардык менчик бизнес-мектептер кирет.

Бул мекемелер менен кошо Брукингс институту, Карнеги фонду, Рэнд корпорациясы жана Жакынкы Чыгыш менен Азиядан баштап саламаттыкты сактоо, Византия тарыхы жана криптографияны изилдеген атайын институттар дагы бар. Ислам динин объективдүү изилдөөгө багытталган эксперттик билимдердин мындай зор топтолушу абдан жакшы. Мындан тышкары, *эки акыл борбору* динге ишенгендер жана алар үчүн исламды изилдөөгө умтулушат. Алардын бири – Вирджиния штатындагы Херндон шаарында жайгашкан *Ислам ойлору Эл аралык институту жана Джордж Мейсон Университетиндеги Ислам таануу кафедрасынын жаңы демөөрчүсү*. Экинчиси – *Лисбург жана Виржиния (Херндон) ислам изилдөөлөрүнүн жогорку мектебин жыйырма жылдан бери каржылап келген, эми Вашингтондогу диний консорциумунун мусулман-христиандык изилдөөлөр боюнча аль-Альванинин кафедрасынын демөөрчүсү*. 1990-жылдардын аягында Вашингтондун университеттеринде дин таануу, араб тили жана ислам таануу кафедралары бир топ күчтүү болгондуктан, ислам таануу боюнча докторлук программаны сунуш кылганга жарап калышкан. Маалыматтарга караганда, бул аракеттер кайсы университет даражаларды берет деген болжолдуу суроо үчүн ишке ашпай калган. Бирок 2001-жылдагы америкалык обьекттерге мусулман террористтеринин чабуулдарынан кийин, бул аймактарда изилдөөлөр жана сабак берүүлөр күчөгөн болчу. Бул мекемелерге мусулман окумуштууларды жумушка алуу жана студенттердин жаңы муунунун исламга кызыгуусунун убактылуу күчөшү мусулман-христиан жолугушуулары үчүн дагы бир чоң түрткү болгон. Жергиликтүү университеттердин мусулман студенттери үчүн азыркы коомдогу чыңалуу өз ара колдоо көрсөткөн исламдык жаштар бирикмелеринин баалуулугун күчөтөт.

*Ибадат кылуучу жамаат*

Жергиликтүү шаарчалардагы мусулман студенттеринин бирикмелери жөнүндө ой жүгүртүү мени бүткүл аймагыбыздагы турак жай кварталдарында жайгашкан мусулман жана христиан диндеринин жамааттарына алып барат.

Вашингтондун аймагында, АКШ жана Канададагыдай эле, мечиттердин уюму өнүгүүнү улантууда. Менин өзүмдүн сапарым

өтө эле чектелүү болчу: Элчиликтин катарындагы Ислам борборуна, Фейрфакс округундагы эки күчтүү мечитке, Даллес аэропортунун жанындагы Жети бурч жана Адамс борборунун жанындагы Дар-аль-Хижрага; Вашингтондун NW 4-көчөсүндө жайгашкан Масжид Мухаммадга бардым. Вашингтондогу мечиттер Америка Кошмо Штаттарынын мечиттеринен айырмаланат. 2001-жылы социолог Ихсан Бегбинин сурамжылоосу боюнча Американын университетине караганда, чет өлкөлөрдөгү ислам университеттеринен жогорку илимий даражаларына ээ имамдарды жолуктуруу көбүрөөк ыктымал эле. Айрым мечиттердин, айрыкча афро-америкалык мечиттердин күчтүү имамга таянганы маалым. Негизинен иммиграннттар жашаган мечиттерде чечим кабыл алуучу кеңеш бар жана анын имамы негизинен намаз окуу жана Куранды үйрөтүү менен гана чектелет деп күтүлөт. Бэгби мындай деп билдирет: "Акы төлөнбөгөн ыктыярчылар Американын мечиттеринин басымдуу көпчүлүгүн башкараары анык. Бул афроамерикалык мечиттерде акы төлөнүүчү имамдар жок жана иммигрант мечиттер акы төлөнүүчү имамдарга чоң лидерлик милдеттерин бербейт деген кош чындыкты чагылдырат".[4] Менин оюмча, кичинекей мечиттер – бирдиктүү этникалык топтон турат, ал эми ири мечиттер – көп улуттуу.

Намаз окуу чогулуштары ишенимди бекемдөө жана кийинки муундун ишенимин өрчүтүү үчүн кызмат кылат. Чогулуштар каада-салтты сактап, өткөрүп беришет. Ошол эле учурда, мечиттер – салттар сыналган, талкууланган, кээде жайылып же ылайыкташтырылган жерлер. Аялдар мечитте иштейби, окутушабы жана эркектер менен бирдей намаз окуйбу – көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан суроолордун бири. Тереңирээк талаш-тартыштар мусулмандардын жергиликтүү мечитке кандай берилгендик жана каржылык милдеттенме бериши керектиги, мусулмандардын мамлекеттик мектептерде жана саясий турмушта канчалык деңгээлде катышкысы келиши жана чет мамлекеттеги жана дүйнөдөгү ислам коомчулугунун жыргалчылыгы жана ийгилиги менен байланышкан Америкадагы жашоосу жөнүндө кандай ойлошорун чагылдырат.

Бул диний жамааттардын айрымдары өздөрүн диндер аралык диалог үчүн жай катары сунуштоону туура көрүшөт. Вашингтон-

догу мечиттер мусулман эмес кошуналарына 11-сентябрь окуясынан кийин түшүндүрүү иштерин күчөтүп жаткандыгы жөнүндө эки окуя эсимде бар. Дар-аль-Хижра мечитинде коомчулуктун мүчөлөрү кайтаруучулар катары мобилизацияланып, өч алууну алдын алуу үчүн дарбазалардагы унааларды кайтарып жатышканын көрдүм. Андан кийин, кийинки ишемби күндөрү Дар-аль-Хижрада коңшуларды тосуп алып, белектерди берип, ислам дини менен мечиттин программалары жөнүндө бир катар ачык эшиктер күнү өткөрүлдү.

Экинчиси, Брэддок Ли квартираларында жашаган Вирджиния Теологиялык Семинариясынын студенттери үйлөнгөн. Көп жылдар бою алар Ферлингтон Бириккен Методисттер чиркөөсүнүн унаа токтотуучу жайы жума күнү түшкө маал мусулмандар *Жума* намазына келгенде таксилерге толуп калганын көргөнгө көнүп калышкан. Менден эч кандай жетекчилик албастан, мусулман коңшуларына кам көргөндүктөн, бул христиан студенттер мусулман жамаатына Исламды тынчтык жолу деп түшүнүп, намаз окуган кошуналарын өздөрү чыгарган "ыйык согуш" үчүн өз жанын кыйган кылмышкер-террористтер менен байланыштырбагандарына ишендирген кат жөнөтүштү.

Мусулман эместер өзүлөрүн коомдук иштерге тартуу, мусулман эмес жамааттарга, маалымат каражаттарына жана саясий иштерге аралашуу үчүн исламдык билим берүүдөн тышкары мечиттер менен көп байланышта болушат. Бул сыяктуу мечиттер христиан-мусулман, ошондой эле христиан-мусулман-еврейлердин Вашингтондогу баарлашуусуна түрткү берет. Вашингтондогу көптөгөн христиандар менен еврейлердин жыйналыштары сүйлөшүүгө ынтызар экендиктерин көрсөтүштү. Бетме-бет жолугушуу – маектешүү үчүн эң жакшы жагдай. Бирок жылуу жүздүн артында ар дайым татаал жана кээде чыр-чатактуу жамаат турат.

Атайын же кокустан болобу, башка диний каада-салттардагы жамааттар менен мамилешкен жеке чиркөөлөр белгисиз жолду басып өтпөшү керек. АКШдагы Христиандардын Улуттук Чиркөөлөр Кеңеши, АКШнын Католик епископторунун Кеңеши жана Түндүк Американын Ислам коому сыяктуу улуттук уюмдар ар дайым өз сунуштарын беришет. Биздин жергиликтүү сот туту-

мундагы христиандардын биримдигинин көйгөйлөрүн чечүү үчүн дайындалган динаятчыларга эми көбүнчө диндер аралык маселелер боюнча кеңештерди таркатуу милдети жүктөлгөн. Жыйырма беш жылдан бери биздин коңшулук мусулмандар, христиандар жана мормондорду камтыган ондогон диний каада-салттардын өкүлдөрүн чогултуп, бири-биринин коомдук музыкасынын жыл сайын укмуштуудай үлгүлөрүн угуу жана чакан чөйрөлөрдө “Мен эмнеге мусулман болгонду жактырам (же христиан, же мормон ж.б.)” деген суроого жеке жооп берүү үчүн уюм. Бул Вашингтон Митрополит Конфессиялар Конференциясын Кларк Лобенштейн жетектөөдө. Вашингтондогу башка диний каада-салттардагы жыйындар менен байланышууга даяр болгон жыйындар сыйынууга дем берүү үчүн толук даяр.

*Теологиялык билим берүү мекемелеринин ролу*

Вашингтондун аймагында дагы бир мусулман-христиан жолугушуулары үчүн ыңгайлуу шарт бар. Бул Балтимор-Вашингтон-Ричмонд аймагында, айрыкча Вашингтондо көп болгон теологиялык мектептер. Учурда Вашингтон Теологиялык Консорциуму менен байланышкан он алты мекеме – бул төрөлгөндөн өлгөнгө чейин диний жамааттардын мүчөлөрүн окутуу, башкаруу, сыйынуу жана камкордукка үйрөтүүчү жергиликтүү мектептердин бир аз бөлүгү. Бул он алты мекеме жалпы христиан салтынын алкагында ар кандай мазхабдарды жана ар кандай сабактарды камтыйт. Кырк жыл бою, бул мектептер христиандар үчүн аспирантурадан кийинки теологиялык билим алуу мыкты христиандык экуменикалык шартта жүргүзүлөт деп эсептешкен. Көпчүлүк мүчө уюмдар көрүнүп турган биримдикти калыбына келтирүү – бирдиктүү Чиркөөнүн миссиясы үчүн абдан маанилүү деп эсептешет. Исанын жолдоочулары Исанын Иерусалимдин сыртындагы Гетсемани багында, бүтүндөй адамзаттын күнөө туткунунан бошоп, тозоктон куткарылышы үчүн азап чегип, өлүмгө берилип кеткен түнүндө шакирттери үчүн мындайча сыйынганын билишет: “Ата, сен мендесиң, мен болсо сендемин. Мени жибергениңди жана мени сүйгөндөй аларды сүйгөнүңдү дүйнө билсин”.[5]

Иса тирилгенден кийин элчилерден башталып, XIX-кылымда бүткүл дүйнөлүк кыймылга айланган Чиркөөнүн миссиясы, XX

кылымдагы христиандардын экуменикалык кыймылы менен тыгыз байланышта. Кытай, Индия, Африка жана Жакынкы Чыгыш сыяктуу жерлерде чиркөөлөр бөлүнүп-жарылган, атаандашкан, бири-бирине карама-каршы келген ызы-чууну жана христиан эмес байкоочулардын арасында башаламандыктарды жараткандыгын түшүнүштү. Ушул себептен чиркөөнүн көзгө көрүнгөн биримдигин калыбына келтирүү багытында бүгүн да бул кыймыл уланууда. Вашингтон Теологиялык Консорциумунун мүчө-институттары, адатта, ар бир илимий даражага талапкерден өзү окуган семинариядан же колледжден тышкары, башка окуу жайдан жок дегенде бир курс окуп келүүсүн талап кылышат. Ошентип, студенттер өздөрүнүн ишениминен кандайдыр бир деңгээлде айырмаланган христиандык түшүнүктөрү жана ынанымдары бар башкалар менен кездешип келишет.

Жакында эле Швейцариялык Рим-католик Ханс Кюнг сыяктуу христиан теологдору, христиандар дүйнөдөгү башка диндер менен өз ара аракеттенишүү үчүн, алгач өзүнүн гана бөлүнгөн бир туугандары менен мамиле түзүүдөн чыгыш керек экендигине көңүл бурушту. Максат – окшоштуктарды табуу, ачык айырмачылыктарды баалоо жана биздин чындык, укук жана берилгендик сыяктуу ар кандай түшүнүктөрүбүз сырткы формасы жагынан болбосо дагы, мазмуну боюнча бири-бирине дал келген мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

Канадалык либерал протестант Уилфред Кантвелл Смит бүт өмүрүн диндердин тарыхын изилдөөгө арнаган. Ал жалпы ишеним тажрыйбабыз биздин ишенимдерибиздин карама-каршы мазмунунан дагы маанилүү деген тезиске келди.

Христиан биримдигин кеңири кылуу боюнча бул теологиялык чакырык Вашингтондун Теологиялык Консорциумунун Кеңешине акыркы он жыл ичинде ассоциацияланган мүчөлөрдү кабыл алуу чечимине жардам берди, анын ичинде өзүн бардык адамдар үчүн сыйынуучу үй деп мүнөздөгөн Вашингтон Улуттук собору жана христиан дининен башка каада-салттардан келип чыккан медитация жана сыйынуу ыкмаларын үйрөтүүчү Шалем руханий билим берүү институту бар. Жакында эки өнөктөш мүчө кошулду: борбордук Вашингтондун Конфессиялар аралык Конференциясы, ал диний коомдук кагылышуу учурларында коомдук тилектештикке

жана азык-түлүк сыяктуу күнүмдүк иш-аракеттерде кызматташууга үндөйт. Биздин максаттар үчүн эң негизгиси – Ислам жана Коомдук Илимдер Мектебинин Вашингтон Теологиялык Консорциумуна келип кошулуусу.

Өкмөттөрдө, университеттерде, изилдөө борборлорунда жана жыйналыштарда теологиялык мектептер диалогго кандай түрткү берет? Алар диндер аралык диалог үчүн даярдалган билимдүү адамдарга туруктуу институционалдык ресурстарды сунушташат. Ошондой эле, алар ушул сүйлөшүүлөр үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды камдашат. Мисалы, Католик Университетинде христиан теологиясын жана дин таануу сабагын окуткан Бенедиктиндик кечил Джеймс Уиземан Рим-католик кечилдери менен Тибет будда кечилдердин ортосундагы диалогду он жыл бою сактап, медитация сыяктуу фундаменталдык идеяларды изилдөөгө чоң салым кошкон.

Ошентип, семинариялар пасторлорду чыгарышат. Бүтүрүүчүлөр өз өмүрүн ишенимин өстүрүп, ар башка динге ишенген коңшуларын жана жалпы Америка коомчулугун жетектеп өткөрөбүз деп тилек кылышат. Христиан семинариялары Библиядагы чечмелөөнү өздөштүрүүгө көп күч-аракет жумшашы мүмкүн, ал эми Ислам жана Коомдук Илимдер Аспирантурасынын же ИОЭИнин студенттери пайгамбардын салтын чечмелөө үчүн көп күч-аракет жумшашы ыктымал, бирок эки топ тең эч качан таза интеллектуалдык чечмелөө менен чектелип калбашы керек. Алар өздөрү элге насааттаган нерсени өздөрү аткарышы тийиш. Алар өздөрү менен бир диндеги адамдар өз ынанымы менен жашашына жана Кудайга жеке ишенимдери өсүшүнө кам көрүшү зарыл. Мамлекеттик жана университеттик изилдөөлөр диний жамааттар мурунку заманда жана азыркы учурда өздөрүн кандай алып жүрүшкөндүгү жөнүндө маанилүү илим бериши мүмкүн, бирок семинариянын бүтүрүүчүлөрү, раввиндер жана мечит имамдары бул тарыхый билимдердин же психологиялык түшүнүктүн чегинен чыгуулары керек. Алар “Эми эмне кылуу керек?” деген суроону берүүлөрү тийиш. Алар “Кудай азыр менин жана элимдин кандай жашоосун каалайт?” деп сурашсын. Диний башчылар өздөрүнө жамааттарынын, башка динге ишенген улутташтарынын жана ишенбеген жарандардын жашоосуна жоопкерчилик алуула-

ры керек. Пасторлор диний жактан аралашкан никени кыйууда, муктаж болгон кошуналарыбызга жардам берүүдө жана адамдык мыйзамдарды кармануу боюнча мамлекеттин талаптарын аткарууда кандайдыр бир туруктуу көз карашка ээ болуу зарылчылыгын сезишет. Семинариялар жана ага окшогон диний мектептер азыркы учурда Вашингтон аймагында башчыларды өстүрүп жатат жана ар бир христиан-мусулман диалогдорунда жүрөк менен акыл-эс катышуусу керек. Мындай жолугушууларда сабырдуулук менен сүйүү  көңүл чордонунда турушу зарыл.

## III. Вашингтон аймагындагы диалог чакырыктары

*Кимде убакыт бар?*

Вашингтондо толук кандуу Мусулман-Христиан диалогуна жолтоо болгон эң чоң тоскоолдук – бул сүйлөшүүгө убакыт табуунун кыйынчылыгы. Жалпы бир максатты көздөгөн мекемелердин ичинде маектешүү стратегиялык пландаштыруу, саясатты карап чыгуу же артка чегинүү сыяктуу аталыштар менен пландаштырылышы мүмкүн.

Көз карандысыз жамааттардын ортосундагыдай эле, ар бири өз жашоо ритмине ээ болуп, чогулуп турушу үчүн кандайдыр бир тышкы кысым талап кылынат окшойт, мисалы, мусулмандарга каршы сүрөт  граффитинин башталышы же укмуштуудай сот жараяны, же,  кызыгы, майрамдардын календардык дал келиши, мисалы, Рамазан, еврейлердин Пасхасы жана христиандардын Пасхасы майрамдары бири-бирине дал келгени. Вашингтон шосселеринде унаа кыймылы тез жүрүп, бирок жадатма тыгындарга дуушар болгондой эле, биздин жашообуздун тез жүрүшү диндер аралык баарлашуудан тапкычтыкты жана чыдамдуулукту талап кылат.

Жаңы америкалыктардын жашоо-тиричилиги узактан түптөлгөн америкалыктардыкына окшош эмес. Илгертен бери келе жаткан диний каада-салттарынан жана жашаган жеринен бошобогон адамдардын тыгыз жашоосу ата-бабаларынан башка диний салтты кабыл алган биринчи же экинчи муундагы динчилдердин же коомго отурукташкан жаңы келгендердин жашоосунан башкача

траекторияга ээ. Иммиграннттар менен башка динге өткөндөрдүн жаңы инсандыгын аныктоо, жашоо мүнөзүн калыптандыруу жана эл алдындагы берилгендиктерин аныктоо иштери бар. Тез арада кийинки муун  жаштар ата-энелеринин ишениминде жана башкача ишенген курдаштары менен достукта кандайча жашашы кerekтиги жөнүндө жоопторду талап кылат. Эбу Пател жакында Чикагодогу индиялык мусулман иммигрант ата-энесин урматтап, күндүз алардын каада-салтын үйрөнүп, билип чоңойгонун айтып берди. Түн ичинде достору менен гамбургер, сүт коктейлдерди ичип, MTV музыкасын угуп жүргөн. Пателдин өмүр бою жасаган иши бул интеграция. Өз салты менен же Вашингтонго салыштырмалуу жаңы келген мусулмандар светтик көз караштын актуалдуулугун, ошондой эле көпчүлүктүн күткөн кийим, тамактануу жана жарандык милдетине байланыштуу мыйзамдуулукту көрсөтүү үчүн эмгектениши керек.

Тарыхый көпчүлүк  статусуна ээ болгон христиандар үчүн баары оңоюраак. Вашингтондо материалдык жыргалчылык менен баңги заттар –  абдан чоң азгырык. Бардык жерде компьютерлештирилген технология күч-аракетти талап кылбаган жеңил турмуштун иллюзиясын жасайт. Адамдын көп учурда материалдык жыргалчылыкты тандап алышы – коом алдындагы көптөгөн милдеттерине көз жумду мамиле жасашына алып келет. Вашингтондогу христиандык башчылардан талап кылынган иш –дүйнөгө светтик көз караш менен күрөшүү. Тилекке каршы, христиандар ойгоо убактысынын көп бөлүгүндө динди салттык нерсе катары гана карашат, Кудайды баштарына көйгөйлөр, өзгөрүүлөр келгенде гана эстешет. Биздин милдет – аларга дүйнөнү Кудай жараткандыгын түшүндүрүү.

Ошентип, мусулман жана христиан болгон экөөбүз тең “Кудайга жаккан жакшы коомдун формасы кандай болот?” деп сурайбыз. Келечекте экөөбүз тең коомубузга жеке иш-аракеттер жана топтордогу жүрүм-турум менен таңуулаган форма үчүн жооп беребиз. Жалпы жана ар кандай милдеттерибиздин үстүндө иштеп жатканда, биз көптөгөн кырдаалдарда жолугуп калабыз. Аймактык кеңештин угууларында жана мектеп кеңешинде жолугушабыз. Биз чогуу жашаган иммиграция жана улуттук мамлекеттик коопсуздук эрежелерине жооп бергенде жолугушабыз.  Балдары-

бызды этникалык жана диний чектери өтө турган коомдун мүчөсү кылып тарбиялоодо жолугушабыз. Айрымдар бул жолугушуулардын бардыгын – жашоонун диалогу деп аташат.

Вашингтондун Теологиялык Консорциуму Мусулман-Христиан диалогун жөн гана нерсе эмес, дүйнөнү жакшырттууга жардам бере турган нерсе деп атоону тандап алганына кубанычтамын. Мусулман-Христиан таануу боюнча биздин сертификатыбызды каалаган студент, башка диндин ишенимдери, иш-аракеттери жана диний тажрыйбалары менен таанышуудан баштайт. Студент ааламдын кандай көрүнүштө экендигин жана өзүнүкүнөн айырмаланып турган кээ бир фундаменталдык божомолдорду кармоо менен *кантип адам боло алам* дегенди үйрөнөт. Студент Америкадагы мусулмандар жана христиандар туш болгон жана биз бирдей жооп бербеген практикалык маселелерди изилдейт: төрөлүү, нике, кечиримдүүлүк, оору, өлүм жана мурас. Студент динге ишенгендер менен алардын чиркөөдөгү жана мечиттеги жетекчилеринин ортосундагы мамилени, ошондой эле, чиркөө же мечит менен жалпы коомдун ортосундагы мамилени карап чыгат.

Сертификат алардан мурун, студент дин аралашкан социалдык чыр-чатактарды чечүү жолдорун изилдейт.

Мен мусулмандар менен христиандардын диалогунун баалуулугу бирдей болушу керек деп эсептебейм. Исанын жолдоочулары буга ар кандай себептер менен мамиле кылышы мүмкүн, бирок жан дүйнөсүнүн тереңирээк бир жеринде алар Муса тарабынан кабыл алынган жана Назареттик Иса жана анын элчилери тарабынан бекемделген Кудайдын *биз жакындарыбызды өзүбүздөй сүйүшүбүз керек* деген буйругун эстешет. Жакындын баалуулугу кандай экендигин – Кудайдын адамдын табиятын баалап, адамзатты куткарып, калыбына келтирүү үчүн киши кейпин кийип келген Исаны жибергенинен билсек болот. Исламдык мотивация – Исанын адамзатты күнөөдөн куткаруучу миссиясына негизделбейт, бирок, ал Аллахтын бардык пайгамбарларын жана ушул пайгамбарлардын жетекчилигин уккан адамдарды урматтап, ошону менен, Ислам гүлдөп кетиши мүмкүн аймакты кеңейтүү буйругунан келип чыгышы мүмкүн.

## IV. Диний мекемелерде жүргүзүлгөн христиан-мусулман изилдөөлөрүнөн кандай натыйжаларга үмүттөнө алабыз?

Биз өзүбүздүн эң тереңде жаткан баалуулуктарыбызды ачыгыраак көрсөтө алабыз деп ойлойбуз. Диний аралык жолугушуулар жөнүндө менин студенттеримдин отчеттору алар мурда түшүнбөгөн жана баалабаган кошуналардын ишенимдерин көбүрөөк түшүнүп калышкандыктарын билдирет. Алар ушундан улам өздөрүнүн да түпкү милдеттерин ачык-айкын түшүнө башташты. Кээде студенттерим өздөрүнүн айрым ойлоруна жана кылык-жоруктарына да өзгөртүү киргизишкен учурлар болот.

Мен өзүмдүн тажрыйбам жөнүндө айтып берейин. Мечитте намаз окуганга келе жаткан мусулмандарды көргөн сайын, мечиттин залындагы саптардын толгону мени таң калтырат. Имамдын артында биринчи сап пайда болот. Ким үчүнчү келсе, экинчиси менен ийиндеш турат. Мусулмандар мечитте өздөрүнүн туугандары, жакындары менен чогуу отуруп, намаз окушпайт. Алар пайгамбар буюргандай, төштөрүн тегиздеп, Аллахка жана башка намаз окуган адамга жакын туруп окушат. Исанын жолдоочулары менен чогулган сыйынууга барганда, менин өзүмдүн жүрүм-турумума таасирин тийгизди – аялым жана балдарым ырасташат, кээде алар менин ушул жоругуман уялып да кетишет. Мен жакын отурууну каалабастан, алыстаган христиандардын катарын толуктоого аракет кылып, маңдайдагы бош отургучтарды көздөй бет алам.

Пайгамбарлык жана пайгамбарлык ийгилик жөнүндө исламдык көз караштарды изилдөө менен, Кудайды жана Анын Иса болуп келиши, азаптуу өлүмү менин жеке түшүнүгүм үчүн канчалык маанилүү экендигин түшүндүм. Кудайдын жерге адам болуп түшүү сырын жана улуулугун терең түшүнгөндөн кийин, Иса тууралуу Никейлик ишеним символу болгон “Ыйык Рухтун күчү менен кыз Мариядан төрөлүп, адам болду”[6] деген сөздөрдү жөн эле окуп койбой, байыркы христиандардын башын ийип окуган адатын кабыл алдым. Мен азыр Кудайдын бул улуу белегинин алдында башымды ийип, таазим этем.

Христиан-мусулман диалогунда канча бир убакыт катышкандан кийин жакшы кошуна боло алабызбы? Бири-бирибиздин суроо-жоопторубузда ийкемдүү болуп каларбыз... Олуттуу жана аша чапкан каалоолорго, ачыктык менен жабыктыкка ар кандай мамиле кылганды үйрөнөрбүз. Кыйын болсо дагы өткөнкү таарынычтарды жана жүрөктөгү тактарды кетиребиз деп үмүттөнөбүз. Кайсы учурда бири-бирибизге жардам керек, кайсы учурда анын кереги жоктугун түшүнүп кала турган чыгарбыз. Андан кийин чындыкты сүйүү менен, айтуу менен баарын Кудайга тапшырып, ыраазы бололу. Кудай – Угуучу, Көрүүчү, Баштоочу жана Аяктоочу.

## ШИЛТЕМЕЛЕР

1. The Muslim Link, (MD, VA, and DC Metropolitan Area Bi-Weekly Newspaper), 26. Февраль, Март, 2010, 27-бет; www.icna.org/2010/01/ 11-Март, 2010.
2. “Malcolm X”. Encyclopedia Britannica Online., 2010. Web. 10-Март, 2010 <http://0search.eb.com.librarycatalog.vts.edu/eb/article-905; Амир Н. Мухаммад, Вашингтондогу алгачкы мусулмандардын мечити Мухаммеддин тарыхы, (The History of Masjid Muhammad the Early Muslims in the Washington), DC Area (Вашингтон: FreeMan чыгарылыштары, 2009), 17-бет; Салем Абдул-Матин менен интервью, 4-Март, 2010.
3. Метрополитен Вашингтондун калкындагы тил жана этностук маалыматтарды Метрополитен Вашингтон Өкмөттөр Кеңешинин сайтынан караңыз, www.mwcog.org.
4. Ихсан Бегби, АКШдагы имамдар жана мечит уюмдары (Imams and Mosque Organizations in the United States), Филиппа Страм, чыгарылыш, Америка Кошмо Штаттарындагы мусулмандар: Инсандык, Таасир, Инновация (Вашингтон: Вудро Вилсон атындагы Эл аралык окумуштуулар борбору, 2005), 26-б.
5. Жакандан Жакшы кабар, 17-бөлүм, 21-сап, Жаңы Оксфорддо Аннотацияланган Библия (The New Oxford Annotated Bible), (Нью Йорк: Оксфорд, 1991).
6. Жалпы сыйынуу китеби (The Book of Common Prayer), (Нью Йорк: Church Publishing, 1979), 358-б.

# 3-БАП

# Тынчтыкты орнотуу: Ислам жана Батыш

Абдулазиз Саид

ТЕМА: "Күчтүү Америка" гегемониялык тышкы саясий стратегиясы бийликти узак мөөнөттүү нааразычылыкты жана чыр-чатакты камсыз кылган жол менен колдонуп, кыска мөөнөттөгү коопсуздукту издейт. Андан акылдуу "Эр жүрөк Америка" стратегиясы башаламандыктын түпкү себептерин жоюуга жана арабдар менен мусулмандарды шериктештикке тартууга багытталган. Тынчтыкты орнотуш үчүн жергиликтүү ресурстар диний баалуулуктарды, тарыхый эс тутумду, маданиятка байланыштуу лексиканы жана жергиликтүү, көбүнчө формалдуу эмес процесстерди камтыйт. Батыштын энергетикалык көз карандысыздыгын кыялдануунун ордуна, эмне үчүн Египеттин айыл жериндеги жана Газа тилкесиндеги фермерлер энергияны кайра иштетүүнү глобалдык түрдө жакшы жолго коё алышпайт?

## I. Кириш сөз: Үч тарых.

Азыркы Ислам-Батыш мамилелери кризисти башынан кечирип жатат, бул албетте, кооптуу жана оор учур, бирок ошондой эле мүмкүнчүлүктөрдүн мезгили. Окуяларды пессимисттик түрдө чечмелесек – анда тирешүүнүн тарыхын көрөбүз. Бул тарыхты баяндаган эксперттер менен окумуштуулар азыркы исламдык-батыштык чыңалуу – илгертен бери келаткан экөөнүн ортосундагы тирешүүнүн акыркы көрүнүшү дешет. Ушул эки цивилизацияда сөзсүз түрдө карама-каршы табият жана келишпес баалуулуктар көрүнөт. Алар бири-бирин өздөрүнөн төмөн көрүшөт, өзүн – коркутуп жаткан тарап катары карашат жана мурдатан бери келе жаткан кектери жана азыркы учурдан алган таарынычтары кайнап турат.

Ал эми жаңы башталышка үмүттөнгөндөр – тарыхты жана биздин азыркы кыйынчылыктарыбызды башкача окуп, бөлөкчө чечмелөөнү сунуш кылышат. Алар тирешүүнүн эмес, бири-бирине айкалышкан шайкештиктин тарыхын айтып беришет. Бул тарыхтын айтуучуларына ылайык, Батыш менен ислам цивилизациянын жалпы мурасына ээ жана кызматташууга негиз боло турган көптөгөн диний жана гуманисттик баалуулуктарды бөлүшөт.

Тирешүү тарыхы жалпы баалуулуктарды четке кагып, учурдагы чыңалууну маданий жактан тамырлаган идеологиялык ажырым менен байланыштырса, шайкештик окуясы коркуу, сабатсыздык, караңгылык жана дүйнөлүк саясий себептер көбүнчө Ислам-Батыш мамилелерин курчутуу үчүн атайын жасалат деп болжолдойт. Шайкештик тарыхына кошумча болуп дагы бир ушуга окшош шартта айтылган жаңы окуя бар. Мен аны өз ара толуктоо тарыхы деп атайм. Ал жалпы позицияларды жана жалпы баалуулуктарды белгилеген шайкештик окуясынан башталат жана ошону менен бирге баалуулуктун приоритеттериндеги айырмачылыктарды дагы тааныйт. Ал туура эмес чыккан жаңжал ар бир тараптын эң кымбат баалуулуктарына коркунуч келтирет жана адамдарга эч кандай пайда алып келбейт деп аныктайт. Өз ара толуктоо тарыхына ылайык, ислам менен Батыш бир-бирине муктаж. Экөө тең мында калуу үчүн керек. Батыш адамдары менен мусулмандар өздөрүн “мамиледен тышкары” эмес, “мамиледе” болуусун сезүүлөрү тийиш. Алар азыркы бөлүнүп-жарылууларынын маанисин аңдап билип, өз ара шерик болуу үчүн бири-бирине муктаж.

## II. Тынчтыкка даярдануу

Жакшы дүйнө үчүн өнөктөштүктү калыбына келтирүү үчүн, батыштыктар жана мусулмандар биринчи кезекте *жаңы тандоолорго даярбызбы* деп өздөрүнөн сурашы керек.

Америка Кошмо Штаттары эки жолдун бирин тандап алууга укуктуу. Ал дүйнөдөгү элдерди мындан ары дагы бөлүп-жарууга же улуттар аралык бузулууну токтотууга жөндөмдүү жолго түшүрүшү керек. Биринчи жол – “Күчтүү Америка” деп аталса, экинчи жол – “Эр жүрөк Америка” болот.

**Күчтүү Американын** жолу белгилүү. Анын иш-аракеттерине коркуу сезими түрткү бергендиктен, “Күчтүү Америка” гегемониялык тышкы саясат стратегиясын, башка өлкөлөргө коркунуч туудурган жана алардын кызыкчылыгына каршы келген жол менен өз коопсуздугун камсыз кылууга негиздей берет. Тартипти өзүнүн тар түшүнүктүү кызыкчылыктарына дал келген жол менен калыбына келтирүү үчүн, АКШ кыска мөөнөттүү бийлик саясатына таянып, болжолдонгон досторун колдойт жана болжолдуу душмандарын жок кылат. Кыска мөөнөттүү коопсуздукту тандап, Күчтүү Америка узак мөөнөттүү күрөштү жана наразычылыкты камсыз кылуучу күчтү колдонот.

**Эр жүрөк Американын** жолу узак мөөнөттүү глобалдык гүлдөп-өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн кыска мөөнөттүү бир тараптуу концессияларга, ошондой эле эки тараптуу жана көп тараптуу компромисстерди жасоого таянат. Бул жол – башкаруу эмес, лидерликтин жолу. Коопсуздукту сактоодогу приоритет – стратегиялык артыкчылыкка басым жасоонун ордуна, башаламандыктын түпкү себептерин жоюу болот. Эр жүрөк Америка арабдарды жана мусулмандарды өнөктөш катары өзүнө тартып, кызматташуунун жаңы дооруна жол ачат.

АКШнын Жакынкы Чыгыштагы саясаты – исламдык-батыштык кыжырдануусунун негизги булагы болуп саналат. АКШнын демократияны колдогон кесиптештери Жакынкы Чыгыштагы мусулман аудиториясынын ишенимине ээ эмес. Көпчүлүк АКШнын саясаты – репрессиялык союздаштарды колдоо, стратегиялык каршылаштарды басмырлоо жана АКШнын кызыкчылыгын көздөгөн деңгээлде гана өзгөрүүлөрдү колдоо аркылуу региондун жаратылыш байлыктарын көзөмөлдөө ниетинен келип чыккан деп ишенишет.

**Мусулмандар** Жакынкы Чыгыштагы өзгөрүүлөрдү колдоону, диний активдүүлүктүн оң потенциалын баалоону талап кылат, бул экстремисттик коркунучтардын булагы гана эмес, диний жарандык активдүүлүктүн өзгөрүшү жаңы катышуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүшү мүмкүн. Прогрессти секулярдуулуктун баласы деп эсептебеген жана жаңы диний ой жүгүртүүнүн катышуусундагы башкарууда, социалдык жоопкерчиликте, адам укуктары менен социалдык адилеттүүлүктө ролду тааныган тең салмактуу көз караш

керек. Америкалыктардай эле, мусулмандардын да маанилүү тандоолору бар. Аларда мусулмандардын жана башка маданий жана диний жамааттардын мүчөлөрүнүн бири-биринен алысташына басым жасаган коргонуу, жамааттык дүйнө тааным жана социалдык акыйкаттык, адамдык кадыр-барк жана маданий плюрализмдин салттуу исламдын осуяттарын заманбапка ылайыктуу кылууга умтулган кеңири инклюзивдүү түзүмдүн ортосунда тандоо бар.

## III. Конфликттерди трансформациялоо стратегиясын иштеп чыгуу

### 1. Кооперативдик стратегиялар:

1. Чыр-чатактарды жөнгө салуунун же чыр-чатактарды күчөтүүнүн ордуна, учурдагы чыңалуунун негизги булактарын чечүүчү конфликттерди трансформациялоонун биргелешкен стратегиялары керек.
2. Америка Кошмо Штаттары жана башка Батыш актерлору саясий процессте үлүшкө ээ болууну көздөгөн ислам кыймылдары менен кызматташууга даяр болушу керек.

### 2. Макулдашылган чечимдерди талап кылуу:

1. Биргелешип иштелип чыккан сунуштардын үстүнөн иштөө жана диалог-сүйлөшүүлөр үчүн диндер аралык "экинчи жолду" өркүндөтүү менен, Батыш жана Ислам лидерлери Израиль менен Палестина ортосундагы чыр-чатакты конфессиялар аралык кагылышуу "кресттүү жүрүш" эмес, же "демократияны коргоо" эмес (Вашингтондун көз карашы менен), Ибрагимдин үй-бүлөсүнүн ичиндеги кастык катары караса, тынчтыкка чоң салым кошо алышмак.
2. Араб-перс жана суннит-шиит айырмачылыгы сыяктуу региондор аралык атаандаштыкты манипуляция кылуунун ордуна, Батыш саясаты наиразычылыктарды чечүүгө биргелешкен күч-аракеттерди жумшоо менен коопсуздукка туруктуу салым кошо алат.

**3. Ислам дүйнөсүндөгү “ичинен өзгөрүү”:**

1. Мусулман өлкөлөрүндө акырындап “ичинен өзгөрүүнү” жайылтуу – Батыш-Ислам шериктештигинин эң маанилүү милдеттеринин бири.
2. Америка Кошмо Штаттары саясаттын, экономиканын жана коомдун өзүнүн моделдерин ааламдаштырууга аракет кылгандан көрө, гумандуу, гүлдөп-өнүккөн жана тынч коомдун максатына жетүү үчүн иштөөнүн бир нече жолу бар экендигин моюнга алышы керек. Жакынкы Чыгышта жана дүйнөнүн башка жерлеринде тынчтыктын тамырлары болушу керек.
3. Дүйнөнү исламдык контекстте локалдаштыруу – жергиликтүү тынчтык ресурстарды жигердүү пайдаланууну билдирет. Дүйнөнүн жергиликтүү ресурстары ар кандай формада: диний жана маданий баалуулуктар тутуму, тарыхый эс тутум, маданиятка мүнөздүү лексика жана жергиликтүү (жана көбүнчө формалдуу эмес) процесстер.

**4. Угуу жана сүйлөө үчүн коомдук дипломатияны колдонуңуз:**

1. 11-сентябрь окуясынан кийин Кошмо Штаттарда, коопсуздук чараларын күчөтүүдөн жана аскердик стратегияны иштеп чыгуудан тышкары, эң олуттуу маселелердин бири – Кошмо Штаттарды жана анын саясатын чет өлкөлөргө “сатуу” үчүн коомдук дипломатиянын аракеттери жетиштүү болушун камсыз кылуу эле. Маркетингге болгон мындай кооптонуу, тышкы саясий өнүмдүн наркына же коомдук дипломатиянын чет элдик аудиторияны өлчөөдө жана алардын билдирүүлөрүн америкалыктарга жеткирүүдө пайдалуулугуна салыштырмалуу кызыгуу менен коштолгон жок.

**5. Диний тынчтыкты курууну колдоо:**

1. Конфессиялар аралык тынчтыкты куруу бири-биринен кескин айырмаланган социалдык жана маданий чындыктарда жашаган дин тутуучулардын ортосундагы баа жеткис байланышты камсыз кылат.

2. Ыйык жайлардын зордук-зомбулукка болгон алсыздыгынын өсүп жаткандыгын эске алганда, мусулман, христиан жана еврей дин лидерлери ыйык жерлерди куруу жана коргоо боюнча биргелешип иштөөнү олуттуу ойлонушу керек.
3. Чиркөөлөр, синагогалар, храмдар жана мечиттер сыяктуу ыйык жерлерди коргоо боюнча өнөктөштүк ар кандай формада болушу мүмкүн, анын ичинде ар кандай жамааттарда жана өлкөлөрдө жергиликтүү демилгелер болот. Бирок, диний жайларды коргоо боюнча эл аралык конвенцияга алып келиши мүмкүн болгон дүйнөлүк үгүт өнөктүгүнө орун бар.

**6. Маданияттар аралык ишенимди жүзөгө ашыруу:**

1. Тынчтык үчүн конфессиялар аралык структураларды түзүү. Визуалдык искусствону, музыканы, театрды, адабиятты, телевидениени жана кинону спорт жана эс алуу үчүн колдонгон маданий иш-чараларды каржылоо үчүн Батыш жана Жакынкы Чыгыш фонддорун түзүү. Жаштардын энергиясын тартуу жана иштетүү, ошондой эле санариптик маалымат каражаттары жана Интернет аркылуу жаштарга окуяларын бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн өзгөчө аракеттер көрүлүшү мүмкүн. Балдарга өз коомчулугу жөнүндө билим берүү үчүн, кайрымдуулук уюмдары диндер аралык аңгемелерге демөөрчү болушса болот, ал билимдер китептерге басылып чыгып, ошондой эле телекөрсөтүүдө жана бүткүл дүйнөлүк желеде чагылдырылышы керек.
2. Диний жана конфессиялар аралык тынчтык курулушунун билимин жана тажрыйбасын кеңейтүүгө, ошондой эле дүйнөнүн көптөгөн диний каада-салттарында тынчтыктын принциптери жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатууга багытталган конфессиялар аралык Тынчтык Институтун түзүү аркылуу бул аракеттерди кеңейтүүгө жана бекемдөөгө болот.
3. Экологиялык жактан туруктуу жана кайра калыбына келүүчү энергетиканын пайдасына карата азыркы жүйөөлөр улуттук коопсуздуктун көз карашынан айтылгандыктан, бул жак жөнүндө ой жүгүртүү үчүн мүмкүнчүлүк бар. “Энергетикалык көз карандысыздык” деген сүйлөм – Америка менен Жакынкы

Чыгыштын көйгөйлүү карым-катнашын жакшыртуунун эң жалгыз жолу – бул мамилени үзүү керек деген түшүнүктү күчөтөт. Албетте, энергетика тармагынан мамлекеттик деңгээлде толук түрдө кол үзүү мүмкүн эмес болгондуктан, биз туруктуу энергетикалык өз ара көз карандуулуктун логикасын кабыл алып, аны көйгөйлөрдү андан ары чечүү үчүн стимул катары колдонсок болот.

4. Туруктуу энергетикалык өз ара көз карандылыкка багытталган долбоорлор ар кандай формада болушу мүмкүн, анын ичинде кайра жаралуучу энергияны биргелешип изилдөө жана өнүктүрүү демилгелери бар. Жетиштүү эл аралык ресурстар жана колдоо менен Египеттин айыл жериндеги дыйкандар жана Газа тилкесиндеги палестиналыктар туруктуу келечек үчүн глобалдык изденүүнүн баштоочулары боло алышат.

## IV. Корутунду

Бизге чыныгы согуштарды актоо үчүн "терроризмге каршы согуш" түшүнүгүнөн чыккан жаңы стратегиялык доктрина керек. Пессимисттик ашыкча жеңилдетүүлөрдөн жана ураандардан (мисалы, "исламофашизмге каршы узак согуш") алыс болуу менен, ислам дүйнөсүндөй эле Батыш лидерлери, ошондой эле ислам дүйнөсү учурдагы белгисиздикке натыйжалуу жооп кайтарууга негиз түзө алышат.

Тынчтыкты сактоо – согуштан айырмаланып, үстүртөдөн маанилүүгө, оорудан чыгармачылыкка, коргонуудан ачыктыкка, коркуу саясатынан үмүт саясатына өтүү үчүн максаттуу аракеттерди талап кылат. Бизге ретроспектива эмес, перспектива керек. Ретроспектива тынчтык маданиятын кура албайт. Бизге атаандаштар эмес, өнөктөштөр керек!

# 4-БАП

## Арачылыктын наркы: ким төлөйт?

Ричард Джонс

ТЕМА: Чыр-чатактын катышуучулары жакшы нерсени сактап калалы жана олуттуу зыян келтирбөө керек деген бүтүмгө келишсе, анда арачылыктын иштеш мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, Америка Кошмо Штаттарында же ушул сыяктуу коомдордо иштелип чыккан арачылык ыкмалары талашып жаткан тараптардын жашын, кастасын же акылмандыгын башкача баалаган коомдордо жакшы иштебей калышы мүмкүн. Куран өзүнө-өзү зулумдук кылуу, жакынына жана Кудайга каршы туура эмес иш кылуу өңдүү зомбулуктарды айыптайт. Курандагы пайгамбарлар күнөөкөрлөргө эскертүү милдетин аткарышат. Христиандар ааламда адамдардын Кудай менен болгон талаш-тартышында, Кудай өзү ортомчу болуу демилгесин көтөрүп, чыгымдарды өз мойнуна алган деп ырасташат.

### 1. Суроо

Эгерде потенциалдуу арачы айрым бир уруштун катышуучуларынын максаты жана кастыгынын курмандыгы болуп калса, анда биз бул натыйжаны арачылык техникасынын иштебей калгандыгы, кырсык деп эсептешибиз керекпи же элдешүүгө мүнөздүү, балким, зарыл болгон чыгым катары карайбызбы?

Бул суроо мага Серхио Виейра де Мелло окуясын угуп, ал жөнүндө ой жүгүрткөндөн кийин келди.

Де Мелло мыкты даярдыгы бар, сүйкүмдүү дипломат болгон. 1948-жылы Рио-де-Жанейродо туулуп, дипломаттын уулу болуп чоңойгон, ар кайсы чет элдик борборлордо жашап, акыры фран-

цуз аялга үйлөнүп, Женевада турмуш курган. Расмий фотосүрөттө Бириккен Улуттар Уюмунун желегинин асман-көк фонунда, боз түстөгү храмдардын ортосунда ак жумал, сулуу жигит жылмайып турат. Де Мелло көп тилдерде эркин жана күчтүү сүйлөгөн жана анын өмүрүн бир журналист Джеймс Бонд (агент 007 киносериалынын каарманы) менен Бобби Кеннеди экөөнүн чогуу туундусу катары мүнөздөгөндөй деңгээлде, драмалык саясий окуялардын сахнасында өткөн.[1]

Серхио де Мелло адамдардын жоготууларын азайтууга жана көптөгөн чыр-чатактуу кырдаалдарда тынчтык үчүн түзүмдөрдү бекемдөөгө салым кошту. 1971-жылы Бангладеш Пакистандан бөлүнгөндө, ал Индияга качып кеткен бенгал качкындарын мекенине кайтаруу үчүн иштеген. 1972-жылы ал өлкөнүн биринчи жарандык согуш учурунда Түштүк Судандан коңшу мамлекеттерге тарап кеткен качкындардын жашоосун кайрадан калыбына келтирүүгө катышкан. Жыйырма сегиз жашында де Мелло БУУнун Мозамбиктеги Качкындар боюнча жогорку комиссиясынын кеңсесин жетектеген. Ал өзүнүн карьерасын ошол агенттикте жасаган, анын ичинде Ханойдогу жана Вашингтондогу өкмөттөр менен вьетнамдык кемечилердин кетишин токтотуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Ал Башкы катчы тарабынан 1993-жылдагы кыргындардан кийин Руандага, 90-жылдардын аягындагы согушта Балкан өлкөлөрүнө жиберилген жана Индонезиядан бөлүнүп чыккандан кийин эки жыл Чыгыш Тимордун иш жүзүндө губернатору болгон. Чыгыш Тимордогу де Меллону байкаган журналист: “Парижде билим алган, сүйкүмдүү, жарашыктуу жигит Сержио менен жылдап токойдо жашап, түрмөдө отурган бул жигиттин [Ксанан Гусмао] ортосунда жылуулук, достук жана сүйкүмдүүлүк бар эле. Экөөнүн ортосундагы байланыш дененин тили менен ушунчалык айдан ачык болгондуктан, [Де Мелло] анын ишенимине ээ болду. Бул дипломатиянын адамдык элементинин эбегейсиз зор маанисин гана көрсөттү” деп белгилеген.[2]

2003-жылы май айында баш катчы Кофи Аннан де Меллодон Багдаддагы атайын өкүлү болуп төрт ай иштешин суранган. Сержио 2-июнда келди. 22-июлда ал Коопсуздук Кеңешине Бириккен Улуттар Уюму Американын оккупациялаган Иракта иштеши керек болгон өзгөчө шарттар жөнүндө отчет берген. 2003-жылы 19-ав-

густта түштөн кийин де Мелло жана жыйырма бир кесиптеши автоунаада баратышканында Ирактык Аль-Каида тобуна таандык бомба жарылып, өмүрлөрүнөн ажырашты. Бул Бириккен Улуттар Уюмун бутага алган эң кандуу кол салуу болду. Ошондо Баш катчы: “Менин бир эле Сержиом бар болчу”, – деп өтө кайгырган эле.

## 2. Арачылык практикасы

Ошентип, Сержио Виейра де Меллонун зордук-зомбулук менен өлтүрүлгөндүгүнөн эмне жыйынтык чыгара алабыз? Бул техниканын иштебей калгандыгыбы же кайгылуу жана күтүлбөгөн кырсыкпы? Бул өлүмдөр арачылыкты жүргүзүүнүн куткарылгыс чыгымы беле?

Эгерде тараптар арачылык сүйлөшүүгө даяр болушса, эки тарап алардын ортосунда жакшы нерсе бар экендигин көрүп, олуттуу зыяндарды сезгенде, алардан кутулууну каалашса, анда арачылык (ортомчулук) кылуу мүмкүнчүлүгү бар. Тажрыйба жана окутуу арачыга жалпы кызыкчылыктарды аныктоо, диалог жүргүзүү эрежелерин белгилөө жана талашып жаткан тараптарды өзүлөрү жашай турган шарттарга келүү үчүн жоопкерчиликти алууга түрткү берүүчү жол-жоболорду бере алат.

Арачылык ийгиликтүү болсо, тараптардын түшүнүгү өзгөрүлүп, терс чечимдер аныкталып, мамилелер жаңыланат. АКШнын басып кирүүсүнөн кийин Иракта башталган кагылышуу сыяктуу, курч жана терең тамырлашкан чыр-чатактарда, ортомчулук, жок дегенде, зыяндын ордун толтурууга жардам берет.

Бирок тараптар сүйлөшүүдөгү маанини түшүнбөй калсачы? Эгерде бир тарап даяр болуп, экинчи тарап даяр болбосо же чыр-чатакта наразычылыктарын бириктирүүдөн баш тарткан үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи тараптар болсо, анда кантип ортомчу орто жолду таба алат?

Коркконум же ачуум ушунчалык күчтүү болуп, сүйлөшүүлөрдө баш тарталбаган кымбат нерселерди мойнума алгандан көрө, зордук-зомбулук менен жеңем деген үмүт менен ойлой турган учурларды оңой элестете алам.

Менин элдешпестигимде акылга сыйбас нерсе болушу мүмкүн. Мен өз кызыкчылыгымдын душманы боло алам. Тилекке каршы, акыл адамдын инсандыгын көзөмөлдөө үчүн эрк жана табит менен атаандашышы керек. Адамдар дайыма эле акыл-эстүү болуп, өз кызыкчылыгы үчүн иш алып бара алышпайт.

Сержио де Мелло докторлук диссертациясын Сорбоннада тарыхтын акылга сыйбаган элементи жөнүндө жазган, бирок ал адамдар, атүгүл аскердик кумарларга берилип кеткендер дагы деле болсо акылдын күчүнө таянат деген үмүт менен жашоосун түптөдү. Бирок бул оюнда жеңилип калды.

Мен конфликттин чечилишине же барымтачылардын ыктыярдуу алмашуусу аркылуу келишимдин аткарылышына түрткү болгон илгерки коомдор жөнүндө окудум. Мурун атаандаш башкаруучулардын ар бири уулдарын экинчи тарапка аманат кылып жиберишчү, эгер кийин душман ишенимдүүлүгүн сактабаса, анын баласы өлүм жазасына тартылуу үчүн ыңгайлуу жана алсыз курмандык болуп калчу. Ошондон улам айрым кырдаалдарда арачы ыктыярдуу барымтага окшогон нерсенин ролун аткара алабы деген суроо менин башыма келет. Ошол бир кездердеги арачылар XX кылымда ийгиликтүү эмгектенип жаткан америкалык арачыга кайрылып: “Сиз күрөшүп жаткан душмандарыңыздын арасында досторуңуз бар. Аларга сизди душман катары көрсөтүү үчүн себеп болбоңуз”, [3]– дешкен экен. БУУнун Багдаддагы миссиясынын иши боюнча, де Меллонун командасын жаңжалга катышкан бир же бир нече тарап ыңгайлуу жаңы каршылаш катары эсептешкен окшойт.

## 3. Арачылыктын баасы

Арачылык жөнүндө сөз болгондо, адамдардын чыр-чатактарга жасаган бир катар реакцияларын түшүнөбүз. Абдул-Азиз Саид жана анын мурдагы кесиптеши Натан Фанк бизди башка коомдордо келип чыккан чыр-чатактарга АКШда же ушул сыяктуу коомдо иштелип чыккан арачылык түшүнүгүн таңуулоодон сак болууну эскертишти.[4] Акылдуу эл аралык арачы: “Техникаң болсо, саякаттайсың” деп жарнамалабайт. Биз көз караштарыбызды жана ык-

маларыбызды эмгек мамилелерин башкаруунун же Батыштын жарандык же эл аралык согушунан кийин же үй-бүлөнүн алкагында тынчтык келишимдерин аткаруунун өзгөчө тажрыйбасына таянып иштеп чыктык. Жергиликтүү акылмандыгыбыз – биз үчүн пайдалуу жана маанилүү, бирок алардын айрымдары жакшы тамыр албай калышы мүмкүн.

Мисалы, талыкпаган эмгек менен алынган Батыштын олуттуу акылмандыгы: "Адамды көйгөйдөн бөлүп сал" деген ураан менен чагылдырылган. Бул жергиликтүү макал бизди партиялардын статусунан жана эмоцияларынан убактылуу баш тартууга үйрөтөт, ошол эле учурда, алардын айырмачылыктарынын маңызына токтолобуз. Адамдардын мындай бөлүнүшү бизге кандайдыр бир деңгээлде тең укуктуу жана мобилдик коомдо өскөн көйгөйлөрдү чечүүчү аналитиктерге кайрылат. Азыраак мобилдүү, көбүрөөк бирдиктүү коомдордо адамдарды көйгөйдөн бөлүү анчалык акылдуу болбой калышы мүмкүн. Бул жерде талашып жаткан адамдардын жаш курагы, чыккан теги жана акыл-эси өзүлөрү жаңжалга чоң салым кошушат. Куруктын, тектин жана акылдуулуктун ушул эле белгилери келечектеги арачынын натыйжалуулугун шартташы мүмкүн.

Мындан улам *"Арачылык үчүн ким төлөшү керек?"* деген суроо туулат. Арачылык үчүн ким акча төлөшү керек деген суроо кээ бир коомдордо эч качан жаралбашы мүмкүн деп ойлойм. Көптөгөн салттуу коомдордогу арачылык – бул уруу же айыл аксакалдарынын иш-аракеттеринин бири. Арачынын ролу – алардын аксакал статусунун бир бөлүгү. Ошентип, аксакалдар катары улууларга төлөнүүчү экономикалык компенсациялар алардын талаш-тартыштарды жоюу боюнча атайын жумуштарды аткаруусуна байланыштуу болушу мүмкүн.

Бүгүнкү Америка Кошмо Штаттарында белгиленген арачылар өз кызматын колдонгон тараптардан акы күтүшөрүн түшүнөм. Төлөмдөр ар кандай. Талаш-тартыштын айрым тараптары – мындай байлыгы бар компаниялар же жеке адамдар, эгерде алар сottук териштирүүгө барып, утулуп калса, олуттуу финансылык чыгымдарды алдын ала көрө алышат. Азыраак жоготуулар менен талашып-тартышкандар дагы, арачылыктын жардамы менен кетирген убактысы жана сезимдери үчүн төлөнө турган баанын баа-

сы татыктуу деп ойлошу мүмкүн. JAMS (мурунку Арбитраж жана арачылык кызматы) сыяктуу пенсиядагы соттордун ири улуттук фирмалары болобу же Вирджиниядагы коңшулаш чиркөөнүн жер төлөсүндө жайгашкан Pastoral Care and Consulting сыяктуу чакан ишканам болобу, бул ортомчуларга келген тараптар акы төлөшөт.

Акыркы жетимиш жылдагы америкалык арачылык тажрыйбасы мамлекеттик арбитраж жана ортомчулук кызматтарынын пайда болушуна алып келди. Бирдей жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча комиссия, Ички кирешелер кызматы жана Федералдык Медиация жана Элдештирүү кызматы келишим келишпестиктерин чечүү үчүн, арачыларга салыктык киреше аркылуу төлөйт.[5] Коомчулук катары биз арачылардын эмгек акысы жана колдоосу жогорулаган өндүрүмдүүлүк жана коомдук ынтымак менен акталат деп болжолдоп, алардын ишин кубаттайбыз. Бул арачыларга калк тарабынан төлөнөт. Ал эми айлык акыга же роялтиге эмес, Кудай аларды ушул ишти жасоого чакырганын түшүнгөндүктөн кийлигишип жаткан ортомчулар жөнүндө эмне айтууга болот? Мен сизди адамзаттын тарыхына тийгизген таасири, алардын баасына карабастан, Кудай арачылык кылууга түрткү берген деген терең ишенимине негизделген төрт адам жөнүндө ойлонууга чакырам.

VII кылымдагы Аравиядагы Мухаммед пайгамбар – биографтар тарабынан кынтыксыздыгы жана адилеттик сезими менен урматталган инсан катары эскерилет. Өзүнүн пайгамбарлык чакырыгы аны жамаатынын атынан сүйлөшүүчү, туруктуу аскер башчы жана элдешкис башкаруучу кылган. Бирок, Мухаммед пайгамбарлык мансабына чейин жана өзүнүн жаңы коомчулугунун Мекке шаарындагы туулган үйүнөн кетишине чейин, чыр-чатактардын арачысы жана тынчтыкты сактоо келишимдеринин колдоочусу болгон.

Кудай үчүн сүйлөөгө чакырылган тажрыйбасынан бир топ мурун эле меккеликтер Мухаммедге чынчыл, ишенимдүү деген ысым беришкен. Ал Меккенин эң бай соодагер аялдарынын бирине үйлөнгөн, анткени ал аны чебер жана чынчыл кербен башкаруучусу деп тапкан. Жакында таржымал жазуучу Тарик Рамазан Мекке урууларынын ортосундагы тынымсыз чыр-чатактардан улам Мухаммеддин тарткан азаптарын айтып берди. Кландык коргоого ээ болбогон соодагерлер жана башка коноктор бул зом-

булуктун курмандыгы болушкан. Рамазан бир салтты мисал келтирет, ага ылайык, кийинки жылдары Мухаммед уруу башчыларынын арасындагы "жаңжалдарга кийлигишүү жана эзилгендерди эзүүчүлөргө каршы туруу үчүн... биринчи кезекте тууганчылык же бийлик себептеринен улам..." деген адаттан тыш келишимге катышкандыгын кубаныч менен эскерген... Пайгамбарыбыз "Абдулла ибн Джудандын үйүндө келишим түзүлгөндө, ушунчалык сонун болгондуктан, мен ага катышуумду кызыл төөлөрдүн үйүрүнө да алмаштырмак эмесмин; эми эгерде исламда менден дагы ушундай нерсеге катышуумду сураныша, мен кубаныч менен кабыл алмакмын"[6] деген экен.

Болжол менен кырк жаштан өткөндөн кийин, Мухаммед өзүнүн Кудай берген пайгамбарлык чакырыгы үчүн меккеликтер менен талашып-тартышып, куугунтукка дуушар болгон, бирок алар менен келишимге келгенге макул эмес эле. Бул жөнүндө Курандан биз азыр арачыга караганда сотко көбүрөөк окшош болгон өзүн-өзү сүрөттөгөн билдирүүнү угабыз:

"Мен ээлик кылбайм жана араңардан кадыр-барк же бийлик издебейм. Кудай мени силерге элчи кылып жөнөттү, мага Китепти түшүрдү жана силерге жакшы кабар алып келип, эскертип коюуну буюрду. Мен силерге Раббимдин кабарын жеткирип, жакшы кеңештерди бердим. Эгер мен алып келген нерсени менден кабыл алсаңар, анда бул дүйнөдө жана келечекте ийгиликке жетелейт; Эгер мен алып келген нерсени четке каксаңар, анда Кудай биздин ортобузда өкүм чыгарганча мен чыдамдуулук менен күтөм "[7] (Рамазан 45). Мединада жашаган Мухаммед – арачы катары да эмес, акы төлөнбөгөн сот, Кудай бул кызматка отурууга аргасыз кылган жана жеңилдик берүүгө укугу жок арбитр катары бизди көбүрөөк таң калтырат.

Менин кийинки эки мисалым – өздөрүн Кудай чакырганын билген акысыз эки арачылар. Бири – Бешинчи Кресттүүлөр Жортуулу мезгилиндеги Египеттин Султаны; экинчиси – Франциск аттуу өз ыктыяры менен кечил болгон Ассисинин жакыр адамы. Малик аль-Камил Мухаммед – Христиан кресттүүлөрүнөн Иерусалимди ийгиликтүү кайра тартып алган Салахадиндин жээни болгон. Андан кийин христиан Европасынан бешинчи кресттүүлөр жортуулу уюштурулуп, бул жолу Ыйык Рим Императору

Фредерик II олуттуу армияны мобилизациялады. Христиандар үчүн Исанын жашаган, өлгөн жана тирилген жери болгон Иерусалимге жетүү маанилүү болгон жана аларга Кудайдын урмат-сыйы коркунучта тургандай көрүнгөн, буга дагы көптөгөн дүйнөлүк мотивдер да кошулган. Мусулмандар үчүн Ислам коомунун бүтүндүгү жана Аллахтын сый-урматы коркунучта болгон. Эки тараптын тең дипломаттары сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, коркутуу менен жеңилдиктерди сунушташты.

Франциск согуштун запкысын жеке өзү башынан өткөргөн, туулуп өскөн Ассизи калаасы үчүн атаандашы Перуджа шаарына каршы согушуп жатып жаракат алган жоокер болгон. Кийин ал жердеги көп мал-мүлкүнөн баш тартып, Батыш чиркөөсүн Инжилдеги жашоонун жөнөкөйлүгүнө кайтууга чакырган тез өсүп келе жаткан карапайым кыймылга башчылык кылды. Момун, бирок эч нерседен коркпогон Франциск Рим епископу Иерусалимге христиандардын бийлигин калыбына келтирүүгө үндөгөн ири аскердик өнөктүктөрдүн бирине катышууга аргасыз болгон. 1219-жылы жайдын аягында, эң активдүү согуш театры Мисирде өткөн, ал жерде Батыш аскерлери Нил дарыясынын Дамиетта шаарын курчап, Каирди көздөшкөн. Франциск алгач Папанын легат элчисин көзү ачыктык кылып, чыдамдуу курчоодон Дамиеттага активдүү кол салууга өтүү христиан аскерлери үчүн каргашалуу болот деп алдын ала эскерткен. Андан кийин Франциск дагы бир кечилдин коштоосунда Египеттин султаны Малик аль-Камил Мухаммеддин лагерине жөө жөнөгөн.

Малик аль-Камил өзүнүн лагерине кызыктай элчини кабыл алды. Султандын эки кечилге эмне үчүн башпаанек берген себептерин билбейбиз. Кыязы, булардын душмандардын ыйгарым укуктуу сүйлөшүүсү үчүн келген элчилериби, же тыңчыларыбы, же жөн эле жиндилерби, өзү текшерүүгө даяр болчу. Францискке Султандын конушунда сөз сүйлөөгө уруксат берилди. Ал Иса пайгамбар жөнүндө сүйлөдү. Эч ким ал динге кошулган жок. Францисктин мусулмандар менен достоштурам деген терең үмүтүнө карабастан жана Египеттеги согуштук аракеттерди токтотуу үчүн христиандарга Иерусалимге кирүүгө уруксат берүү жөнүндө Султандын сунушуна карабастан, жолугушуу Бешинчи кресттүүлүк жортуулун токтотууга тоскоолдук кыла албагандыгын билебиз.[8]

Арачылык аракети катары, Дамиеттанын сыртындагы жолугушуу ийгиликсиз деп эсептелет. Арачылар аларды Кудай шыктандырган жана жетектеген деп билиши мүмкүн, бирок бул жолугушууда ийгиликке жете алышкан жок.

Өзүн *Кудайга кызмат кылуучу* деп түшүнгөн медиатордун үчүнчү үлгүсү – швед дипломаты Даг Хаммаршельд болду. Хаммаршельд – Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы болгон, 1953-жылдан баштап ал “профилактикалык дипломатия” деп аталган нерсени жүзөгө ашырууга аракет кылган. Хаммаршельд бир же бир нече күчтүү мамлекеттер тарабынан кийлигишүүлөрдүн ордуна эл аралык аскерий кийлигишүүлөргө мүчө мамлекеттердин колдоосун алган. Ал Европанын колониялык өкмөтүнөн көз карандысыз улуттук өкмөткө Израилден жана Иорданиядан башталып, мурунку Бельгиялык Конгодо аябагандай зордук-зомбулук менен өтүүдө арачылык кылган. Хаммаршельд 1961-жылы 17-сентябрдан 18-сентябрга караган түнү Руанда-Конго чек арасына жакын жерде болгон авиакырсыктан көз жумган. Ал Катангага БУУнун куралсыз күчтөрү менен бөлүнүп-жарылган Түштүк провинциясынын армиясынын ортосундагы жаңжалды жөнгө салуу үчүн бара жаткан эле.[9]

Хаммаршельд өзүнүн күндөлүгүндө өзүн кандайча чакырылганын жана кандайча жооп бергенин мындай деп жазган: “Суроону ким же эмне сураганын билбейм, качан берилгенин билбейм. Кантип жооп бергеним дагы эсимде жок. Бирок качандыр бир кезде мен бирөөгө, же бир нерсеге “Ооба” деп жооп бергем, ошол сааттан баштап бар болуу маңыздуу экенине, ошондуктан, өзүмдү багындырган жашоомдун максаты бар экенине көзүм жетти. Ошол учурдан баштап “артка кылчайбоо” жана “эртеңки күндү ойлобоо” деген эмнени билдирерин аңдап жеттим”.[10]

Бул христиан эл аралык кызматчысынын сөздөрү мага өлүмдү издебеген, бирок өз жанын тобокелге салган ортомчу адам катары таасир калтырды, анткени Исага окшоп, ал өз өмүрүн берген.

Мухаммед, Малик аль-Камил, Фрэнсис жана Даг Хаммаршельд – салттуу коомдогу аксакалдардан тартып, бай коомдордогу жамааттар менен отставкага кеткен мамлекет башчыларынын ортосундагы чыр-чатактарды чечүүчү ыктыярдуу медиаторлорго чейин, көптөгөн ортомчулардын төрт мисалы. Алар өздөрүнүн

кадыр-баркын шайлоонун жыйынтыктарын текшерүүгө жана согушуп жаткан адамдарды анча катуу эмес варианттарды карап көрүүгө, көндүрүүгө жумшашат. Кудай жетектеген бул ортомчулар өзүлөрүнүн ишинин ыйык экендигин жана алардын сыйлыктары акча баасына баш ийбей тургандыгын түшүнүшкөн.

## 4. Арачылыктын баасына Кудайдын көз карашы

Мен баяндаган арачылардын бардыгы, мейли алар акы же айлык маянасы болобу, адамзатты сүйүү үчүнбү, же Кудайга кызмат кылуу үчүнбү – бардыгы адамдардын ортомчулары. Эми мен Вашингтондогу Теологиялык Консорциумдагы Аль-Альвани Мусулман-Христиан Изилдөө Төрагасы жөнүндө сөз кылып, талкууну башка жакка бургум келет.

Социологдор байкап, тарыхчылар далилдеп бере турган адамдын жүрүм-турумунан тышкары, биздин акыл-эсибиз адам топторунун жердеги иш-аракеттериндеги ийгиликтери менен кемчиликтерин түшүндүрүп берүүчү теориялардан тышкары, мен дагы мындай деп сурасам болот: Кудай биздин чыр-чатактарды чечүүгө жасаган аракетибизди кандай көрүп жатат?

Андан тышкары, *Кудай – биздин адамдык абалыбыз талап кылган арачылыктын чыгымдарын Өзү көтөрүп чыгуучу жана жооптуу* дегендин мааниси барбы деп суроого батындым. Бул теология. Мен мында алсызмын. Бирок менин оюмча, жок дегенде, мындай суроо – берилүүгө татыктуу: адамдардын талаш-тартыштарын чечүү ааламдык чыгымдарды талап кылабы?

Куран бизге адамдардын таң каларлык жана укмуштуудай жөндөмдөргө ээ экендигин ачык-айкын көрсөтүп турат. Бизге жандык экенибизди моюнга алуу же жандык экенибизди таануу үчүн, таң каларлык, укмуштуудай мүмкүнчүлүк ишенип берилген. Дүйнө жаралганда, Кудай бул мүмкүнчүлүктү тоолорго сунуш кылган, бирок алар титиреп, баш тартышкан. Бул мүмкүнчүлүк асмандарга жана жерге сунушталган, “бирок алар аны көтөрүүдөн баш тартышты жана андан коркушту”. (Куран 33:72) Андан кийин Кудай Өзүнө дайыма мактоолорду келтирип туруу үчүн, мындай мүмкүнчүлүктү адамга сунуш кылды. Адам кабыл алды. “Жана адам

бул нерсени көтөрүп жүрөт". Эркин түрдө берилген жана эркин кабыл алынган ушул ишенимден улам, биздин Кудайды таанып, аны урматтоо жана Жаратканыбызды көрмөксөн болуу, унутуу же Ага баш ийбөө сындуу адамдык жөндөмүбүз пайда болот. Куранда: "Ал [адам баласы] – чындыгында адилетсиз жана акылсыз болгон" деп кошумчаланат.[11]

Андан ары, Куран Кудайдын адамзат тарыхына болгон көз карашын ачып берет. Куранга негизделген ислам теологиясы биздин адамдык табиятыбызга жана Жаратканга болгон мамилебизге үмүт арткан. Адам акыл-эси жок болушу мүмкүн, бирок ал эскертүүлөргө жана эскертмелерге жооп берет. Адам алсыз болушу мүмкүн, бирок ал Кудайдын жетекчилигине кулак салат.

Адамзат коомунда Жаратқандын ыктыярына маани берилбесе жана Анын жаратууларын, анын ичинде башка адамдар жараткан нерселерди сыйлабаса, анда Кудай бул тоготпостукту кандай кабыл алат? Аллахтын мээримин караңыз, акыркы ачык эскертүү болгон Куран жана адамзатынын Жаратканга болгон урмат-сыйынын эң бир кемчиликсиз өрнөгү болгон акыркы элчи Мухаммед пайгамбар келгенге чейин Ал өзүнүн ырайымы менен элчинин артынан элчи, эскертүүнүн артынан эскертүү, жол көрсөтүүнүн артынан жол көрсөтүү жиберген.

Тирүү кезинде пайгамбарыбыз Аллахка гана таандык болгон сыйынууну жана өкүмдарлыгын четке кагууну артык көргөн Курайштын бутпарастарына каршы күрөшкөн. Баш ийбеген коом жетекчиликке каршы турган. Ынандыруунун ордуна мажбурлоого жана куралдуу зулумдукка жол ачылган. Куранда өзүн-өзү алдоо, жакынына карата адилетсиздик жана Кудайдан башка бир нерсеге сыйынуу аркылуу Аллахка карата адилетсиздик сыяктуу "зулумдук" тамырын колдонуунун жүздөн ашык учурлары камтылган.[12] Аллах Таала 7:172-аятында: "Мен сенин Раббиң эмесминби?" - деген суроону узатат.

Адамзаттын жыргалчылыгына жана жаратылышка кам көрүү үчүн Кудайдын эркин аткаруу милдетин адамдарга өткөрүп берүү чыгымын көтөргөн бул – Кудуреттүү күч. Ааламдардын Жаратуучусу жана Раббиси өзүнүн чыдамдуулугу менен күтүп тургандай сезилет. Сурак алуучунун гана эмес, ырайымдуу Эгемдин: "Мен сенин Раббиң эмесминби?" – деген үнүн угууга болот.

Ушуга чейин мен Кудайдын адам баласынын туура эмес иш-аракетине жасаган мамилеси жөнүндө исламдык ой жүгүртүүнүн эскизин түзүүгө аракет кылдым. Эми мен арачылыктын ааламдык наркы жөнүндө христиандардын ой-пикирин айткым келет. Кудай Өзү адамзатты чыдамдуулук менен күтүп гана тим болбостон, арачылык үчүн акы да төлөп жатат деп айтууга болобу?

Христиан ойчулдары Висконсин, Мэдисон штаттарынын бюджети жөнүндө сүйлөшүүлөрүнөн тартып, Багдаддагы министрлер кабинетиндеги сүйлөшүүлөргө чейин, дүйнө жүзүндөгү бири-бири менен касташкан этникалык топтордон нике өнөктөштөрүнө чейинки адамзатындагы келишпестиктер жөнүндө ой жүгүрткөндө, бул нерселерден Кудайды капаланткан көп нерселерди байкай алабыз.

Байыркы еврей пайгамбарлары бизге бирден-бир чыныгы жана тирүү, кудуреттүү жана түбөлүктүү, ар бир жакшы белекти берген булак жана аяктоочу – Кудай экенин үйрөтүшкөн.

Башында Кудай Өзүнүн Жаратылышына көз чаптырып, аны жакшы деп жарыялагандыктан жана Кудай жерди адамдарга кам көрүүнү жана аны багып берүүнү тапшыргандыгы үчүн, христиандар Кудай адамдардын бейкапарлыгына капаланганын жана ачуулангандыгын түшүнүшөт. Кудайга бир элди (еврей) сактап калуу, тарбиялоо жана үйрөтүү үчүн тандап алуу жетиштүү болгон. Ошондуктан башка элдер ал элдин тарыхынан, адилеттүүлүгүнөн жана боорукердигинен Анын адилеттүүлүгү менен ырайымдуулугун кандайча чагылдырыларын үйрөнө алышмак. Кудай эскертүүчүлөрдү жана жол көрсөткүчтөрдү – пайгамбарларын жиберген жана алардын четке кагылгандыгын көргөн. Андан кийин мугалимден да, үлгүдөн да, эскертүүдөн да артык пайгамбар келген. Бул адам, өзү чыныгы адам болгондуктан, адамдын терсаяктыгын түшүнүп, андан жапа чеккен жана бул терсаяктыктын азабын өзүнө алган. Ушул эле адам, толугу менен Кудай болгондуктан, адамзатынын сабырсыздыгынын туңгуюгунан чыгып, адамдарга мүнөздүү боорукердигинен эмес, Аллахтын ырайымына дайыма ыраазы болгондугунан улам, адилеттүүлүккө жана ырайымдуулукка жол ача алмак. Христиандар адамзат менен Кудайдын ортосундагы ааламдык талаш-тартыштарда Кудай Өзү арачы болгон деп ырасташат. Иса пайгамбар Кудай бул арачы-

лыктын толук наркын өзүнө алган. Төртүнчү кылымда Эдессадан келген Эфраим аттуу христиан ойчулу сирия тилинде жазып, Кудайдын бул табышмактуу чеберчилигин сөз менен чагылдырууга аракет кылган: "Кудай, Сени ким менен салыштырууга болот? көзөмөлчү уктап калды, улуу кичирейди, таза болсо суугa чөмүлдү, өмүр өлдү, падыша баарын урматтоо үчүн өзүн кемсинтти. Сенин даңкыңа мактоолор болсун".[13]

Кудай ортомчу болуп, арачылыктын баасын төлөп, ошол эле учурда дагы деле болсо кудуреттүү бойдон кала алабы?

## 5. Корутунду

Жер бетинде адамдардын кагылышуулары уланган сайын, жаңжалдарды чечүүчү арачылар ар кандай стимулдар менен ортого түшүшөт. Кээ бирөөлөр арачылык адамдардын кайгы-муңун азайтат жана адамдардын ортосундагы мамилелердин балансын адилетсиздиктен адилеттүүлүккө өзгөртөт деген момун үмүт менен өз иштерин аткарышат. Айрымдар болсо өтө маанилүү, алдын ала болжоого болбой турган адамдык мамилелердин чыгармачыл чөйрөсүндө иштөөгө тартылышат. Алар адамдардын кагылышуусунан кандай жыйынтык чыгарын көрүүгө ынтызар болушат. Арачылардын адамдын табияты жана ааламдагы тагдырыбыз жөнүндө терең тамырлаган идеологиялык божомолдору адатта көмүскөдө калат. Менин максатым сиздерди – теоретиктерди жана конфликтти арачылоонун кайраттуу жана креативдүү практиктерин, сиздердин ишиңиздердин түпкү негизи жана аягы жөнүндө ой жүгүртүүгө чакыруу болуп саналат. Мен сиздердин эмгегиңерге ыраазымын. Кудайга Анын ишин чагылдырган иштериңиз үчүн ыраазычылык билдирем.

# ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Саманта Пауэр, Жалынды кубалоо: Сержио Виейра де Мелло жана Дүйнөнү сактап калуу үчүн күрөш, (Chasing the Flame: Sergio Vieira de Mello and the Fight to Save the World ) (Пингвин, 2009), Кириш сөз.
2. Спенсер Аккермандын цитатасы, “Заманбап Дипломаттын Мурасы” The Legacy of a Modern Diplomat, http://wash-ingtonindependent.com/71/the-legacy-of-a-modern-diplomat, киргизилген 2/16/2011.
3. Теодор В. Хил, Чыр-чатактарды жөнгө салуунун ачкычтары, (The Keys to Conflict Resolution) (Нью-Йорк: Four Walls Eight Windows, 1999), 82-б.
4. Натан С. Фанк жана Абдул Азиз Саид, “Тынчтыкты локалдаштыруу: Туруктуу тынчтыкты куруу күн тартиби”, (Localizing Peace: An Agenda for Sustainable Peacebuilding), Америкалык Университеттин Эл аралык Кызмат мектеби, 13-20-бб.
5. Питер Ловенхайм жана Эмили Доско, Арачы болуу (Becoming a Mediator) (Беркли К. А.: Ноло, 2004), 1/5, 5/12, 3 / 1-23 б.
6. Тарик Рамазан, Пайгамбардын изи менен (In the Footsteps of the Prophet), (Нью-Йорк: Оксфорд Университетинин Басмасы, 2007), 20-б.
7. Тарик Рамазан, 45-б.
8. Пол Муса, Ыйык адам жана Султан (The Saint and the Sultan), (Нью-Йорк: Эки эселенген дин, 2009).
9. http:nobelprize.org/nobel_prizes/laureates/1961/hammarskjold, 22.02.2011.
10. Джордж Эпплтон, ред., Оксфорддогу сыйынуу китебинде цитата келтирилген (The Oxford Book of Prayer), (Нью-Йорк: Oxford University Press, 1985), 265 б.
11. Сүрө 33:72, Сачико Мурата жана Уильям К. Читтиктин которуусунда, Исламдын көрүнүшү (The Vision of Islam), (Сент-Пол, Миннесота: Парагон Хауз, 1994), 135-б.
12. Кеннет Крегг, Исламдагы трагедия (The Tragic in Islam), (Лондон: Мелисенде, 2004), 20-бет, 18-шилтеме.
13. Hymnal 1982, Episcopal Church (New York: Church Hymnal Corporation, 1985) колдонулушуна ылайык, Hymn # 443. Сириялык Дж. Ховард Рис тарабынан которулган, Ф. Бланд Такер ылайыкташтырган жана өзгөрткөн.

# 5-БАП

## Исламдын экономикалык саламаттыгы, эмгекти бөлүштүрүүсү жана үч чени.

Валид аль-Ансари

ТЕМА: Мусулмандар экономикалык ишмердүүлүктү адам ишмердүүлүгүнүн баалуулуктар чөйрөсүнөн бөлөкчө чөйрө деп эсептөөнүн ордуна, адам эмгеги адамдын табиятын толугу менен өрчүтүүнү камтыйт деп түшүнүшөт. Туура ниет менен айкалышкан туура экономикалык иш-аракеттер адамдын руханий муктаждыктарын канааттандырат. Биздин убадаларды аткаруу үчүн жүргүзүлгөн ички жихадсыз базарлар болбойт. Ислам экономикалык мыйзамы тобокелдик соодасынын ордуна тобокелдиктерди бөлүүгө үндөйт, ошону менен изгиликти жана жамаатты сактап калат. Экономика адеп-ахлаксыз болушу мүмкүн эмес.

Осман Бакар 2010-жылы ислам экономикасы боюнча жазган макаласында медициналык саламаттык менен экономикалык саламаттыктын ортосундагы окшоштукту сунуш кылган. Ал "оорунун симптомдорун дарылоого аракет кылуу менен, анын түпкү себептерин жоюу аркылуу айыктыруунун ортосундагы айырманы" баса белгилеген.[1] Медицина менен экономиканын ортосундагы ушул окшоштукту өркүндөтүп, ал салттуу ислам медицинасы бирдиктүү экенин жана оорунун түпкү себебин дарылоого багытталганын, ал эми заманбап медицина "симптомдорду дарылоого багытталганын" белгилеген. Анын сыңарындай, ал ислам экономикасы экономикалык ден соолукту жана ооруларды дарылоодо бирдиктүү экендигин, ал эми "азыркы экономика жана ага байланышкан каржы тутуму кайра-кайра кайталанган оорунун жөнөкөй белгилерин айыктыруу үчүн каражаттарды издөө менен гана чектелет деп ырастайт".[2]

Чындыгында эле, Роберт Фоули белгилегендей, заманбап экономикалык мамиле "жеке кызыкчылыктарды көздөгөндөргө пайдалуу натыйжаны камсыз кылган инсандык мыйзамдар менен башкарылуучу эки чөйрөдөн турган жеке демилгенин жана өз ара аракеттенүүнүн экономикалык чөйрөсү" деген түшүнүккө негизделген.[3] Бул кээде "өзүнчө домен" аргументи деп аталат.

Бирок, анын ордуна этиканын жана экономиканын алмашуу процесстериндеги ажырымы кыска мөөнөттө экономикалык туруксуздукка алып келип, узак мөөнөттүү келечекте туруксуз болгон секулярдаштырылган өндүрүш процесстеринен[4] көз каранды болсо, анда этикалык принциптер – экономикалык ден соолук үчүн актуалдуу гана эмес, зарыл дагы. Эгер андай болсо, экономикалык системага ак ниеттүү адамдар керекпи же экономикалык системанын өзү стабилдүүлүк жана туруктуулук үчүн институционалдык мүнөздүү болушу керекпи? Демек, "экономикалык тутумдагы баалуулуктардын ролу жөнүндө өзүнчө домендин көз карашы керекпи" деген адилеттүү маселе келип чыгат. Демек, ошондой эле ислам медицинасы кадимки аллопатиялык (химиялык дары-дармек берүү) медицина менен врач-пациент мамилесинин ислам укугунун айкалышы менен гана чектелбегендей эле, ислам экономикасы да заманбап экономикалык теориянын (же теориялардын) жана исламдык экономикалык мыйзамдардын айкалышы менен гана чектелбейт. Тилекке каршы, айрыкча көптөгөн экономисттердин божомолдорун эске алуу менен, акыркы ыкма – адабияттардагы ислам экономикасына болгон стандарттуу мамиле болуп саналат: 1-заманбап алмашуу ар кандай акыркы максаттарга шайкеш келет, алар өзүмчүл же альтруисттик болушат, бул рухий жактан бейтарап өнөр жай капитализмин түзөт[5] жана 2-экономика экономиканы руханий жактан бейтарап кылган ар кандай акылга сыярлык же ички ырааттуу баалуулуктарды топтоо үчүн аналитикалык куралды камсыз кылат.[6] Бул учурда, "ислам" (же "христиан", "буддист" же башка экономикалык теорияга карата башка диний мамиле), эң жакшы дегенде, азыркы экономиканын "өзгөчө окуясы" болмок (диний баалуулуктар бири-бирине шайкеш келген шартта).

Бирок, бул "өзгөчө иш" өзүнчө бир аргументти гана эмес, адам жана жаратылыш жөнүндөгү ислам илимдеринин өнөр жай

өндүрүшү жана алмашуу процесстерине (же анча мааниге ээ эмес) байланыштуу эмес экендигин, ошондой эле заманбап экономикалык теориянын аналитикалык куралдарына да тиешеси жок деп эсептейт. Бул жалган божомол: Заманбап экономикалык теория жана практика социалдык-экономикалык тең салмактуулук жана экологиялык туруктуулук үчүн кийинки кесепеттери менен илимдин жана дүйнө таанымдын бүтүндөй философиясынын эмес, механиканын продуктусу болуп саналат.[7] Бул макалада исламдык космологиялык илимдер менен исламдык экономикалык ой жүгүртүүнүн тыгыз байланышы (бирок учурда эске алынбай жатат) түшүндүрүлөт. Заманбап экономикалык теорияны ислам мыйзамына (*фикх*) айкалыштыруу менен, адам жана жаратылыш жөнүндөгү башка ислам илимдерине көңүл бурбай коюу – ислам экономикасына карата бирдиктүү мамилени калыптандырбайт, бирок мындай чектелгендик ислам экономикасын белгилерди дарылоодон башка нерсеге жараксыз кылат. Ушуга ылайык, Батыштагы дин менен илимдин заманбап бөлүнүшү этика менен экономиканын светтик бөлүнүшүнүн негизи болуп саналат.

## I. Салттуу ислам экономикасы этиканы жана экономиканы интеграциялады

Ислам双ининде жашоонун ар бир аспектиси – ыйык, анткени эч нерсе Абсолюттан тышкары эмес жана жашоонун бир дагы тарабы булганган эмес, анткени бардыгы Кудайга байланган. Эң жөнөкөй бааланган нерсе да диний мааниге ээ. Мухаммед Абдул-Рауф белгилегендей, Куранда жашоо үчүн күрөшүү – бул ишенимди коргоого барабар деп айтылган.[9] Пайгамбарыбыз бул чындыкты Бадр согушунан мурун, пайгамбарыбыз өз эли менен жолугуп, сүйлөшүп жатканда, бир чымыр денелүү жигиттин чуркап бараткан учурунда белгилеп айткан. Кимдир бирөө ал жигиттин денесин жана ден соолугун Аллахтын жолунда колдонуп, ыйманды коргогондордун катарына кошулушун каалаарын айтты. Пайгамбарыбыз ага мындай деп жооп берди: “Эгерде бул жигит башкаларга көз каранды болбоо жана кайыр суроодон алыс болуу ниети менен чуркаса, анда ал Аллахтын жолунда. Эгер алсыз ата-энесинин же алсыз балдарынын оокатын камсыз кылууну көздөсө, анда ал

Аллахтын жолунда. Эгерде ал ден соолугун сыймыктануу менен көрсөтүүгө аракет кылса, анда ал шайтандын жолунда болот".[10]

Пайгамбарыбыздын бул сөзү иштин руханий маанисин исламдык көз караштан ачык-айкын көрсөтүп турат, ага ылайык, ишти "[адам] ибадат кылып сыйынгандай" аткаруу керек".[11] Мусулмандар үчүн иш физикалык жана материалдык жыргалчылыкты сактоо үчүн гана кызмат кылбастан, анын руханий өлчөмүн ишке ашыруу үчүн экономикалык иш-аракеттердеги туура аракеттерди туура ниет менен айкалыштырууну талап кылган адамдын табиятын толугу менен түзүүнү камтыйт. Туура ниет эң биринчи орунда турат, анткени "бир эле аракет – (биз ар бир иш-аракет жөнүндө сөз кылбайбыз) – ниетке жараша жакшы же жаман болушу мүмкүн, тескерисинче иш-аракетке байланыштуу ниеттин жакшы же жаман болушу туура эмес".[12] Эмгектин руханий өлчөмү араб тилинде этимологиялык жактан "сыйлык" деген сөз менен чагылдырылган, ал эми бул сөз *ижара* жана *ужра* же "эмгек акы" сөзүнүн уңгусун түзөт. Ошентип, "руханий сыйлык (*аль-ажр*) – Аллахтан, ал эми эмгек акы (*аль-ижара*) – адамдан" деп айтылат.[13]

Чындыгында, Кудайдын Мыйзамы адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон бардык иш-аракеттерге (жөнөкөй жыргалчылыктан сырткары) диний маани берет.[14] Мындан тышкары, англисче "work" сөзү көбүнчө араб тилине которулганда "*амал*" же "*күн*" деген маанини берет, мында биринчисинин мааниси "иш-аракетти" билдирсе ("билимден" айырмаланып), экинчиси "жаратуу" же көркөм мааниде "өндүрүү" (демек, исламдык өндүрүш процесстерине карата) деген маанини берет. Демек, эмгек – адам жашоосунун этикалык жана эстетикалык тармактарынын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет, алар болсо өз кезегинде өздөрүнүн принциптерин түзгөн интеллектуалдык жана руханий чөйрөлөргө кайрылышат. Кыскасы, эмгек физикалык гана эмес, руханий муктаждыктар менен да чырмалышкан. Физикалык муктаждыктар – сандык, өлчөнүүчү жана чектүү болсо, руханий муктаждыктар – сапаттуу, сандык эмес жана чектелбейт. Демек, руханий муктаждыктарды (эгер алар мындай деп таанылбаса дагы) физикалык каражаттар менен канааттандыруу үчүн, саноого мүмкүн болбогон нерсени саноого же өлчөөгө мүмкүн эмес нерсени өлчөөгө аракет кылуу натыйжасыз. Адамзаттын бардык улуу руханий салттары-

на ылайык, чексиздикте гана канааттанган адамдын жүрөгү үчүн чектелүү чындык жетишсиз.

Ошентип, акча, албетте, биздин сандык муктаждыктарыбызды канааттандырууга өбөлгө түзөт, ал эми акчалай эмес товарлар биздин жогорку сапаттагы жана руханий муктаждыктарыбызды канааттандыруу үчүн зарыл. Болбосо, сулуулук, сүйүү, өзүн-өзү сыйлоо сыяктуу сатып алууга мүмкүн болбогон нерсени сатып алуу аракеттери, акыры, алардын канааттандырган муктаждыктарын канааттандырбай турган жасалма базарлардын пайда болушуна алып келет. Демек, бул муктаждыктардын иерархиясын канааттандыруу үчүн этика менен экономиканы айкалыштырган рыноктук жана рыноктук эмес институттар керек. Эгер мындай мүмкүнчүлүк болбосо, бизде төмөнкүдөй ыңгайсыз суроо туулушу тийиш эле:

> Кантип эле, адам өзүнүн жердеги жашоосун сактап калуу үчүн, өзүнүн Жаратканынын кандайдыр бир укмуштуу жаңылыштыгынан улам өзүнүн түпкү терең табиятына мүнөздүү болгон нерседен алыстаткан, тандырган физикалык иш-аракеттерди жасап, өзүнүн табиятынан алыстаткан багытты карманып калды? Эгер биз мындай кыйынчылыктан кутулууну кааласак, анда биздин кылган ишибиз кадыр-баркыбызга төп келбеген, андан оолактап кача турган же кууп жибере турган эмес, табияты терең болушу керек деген тыянакка келебиз.[15]

Эгерде экономикалык иш-аракет биздин жашообузга гана жардам бербестен, муктаждыктардын иерархиясын канааттандырууда, мыкты сапаттарга жетүүгө умтулууга жардам берсе, анда кайсыл болбосун экономикалык тутум талап кылган эмгек бөлүштүрүү жана экономикалык иш-аракеттерди координациялоо – экономикалык гана эмес, руханий да мааниге ээ болушу керек. Чындыгында, адамдын жеке физикалык муктаждыктары канааттандырылган учурда, адам баласынын жогору аспектилери негизинен Кудайга умтулуу же руханий тагдырыбызга – акыркы канааттанууга умтулуу аркылуу өркүндөй берет.[16]

Бир жагынан, Ислам мыйзамдары керектүү жана пайдалуу товарларды жана кызматтарды көрсөтүү үчүн минималдуу эмгек бөлүштүрүүнү белгилейт, анда жамааттын айрым мүчөлөрү жамааттын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ар бир кесип менен алектениши керек деп айтылган. Ошентип, эмгекти бөлүштүрүү – балдар үйүн жана ооруканаларды куруу сыяктуу башка жамааттык жана жарандык милдеттерге окшош. Эгерде бул муктаждыктарды жамааттын мүчөлөрүнүн бири дагы аткарбаса, анда жамааттын ар бир мүчөсүнүн руханий жоопкерчилиги бар. Ошентип, эмгекти бөлүштүрүү прагматикалык мүмкүнчүлүк катары эмес, милдет катары да кабылданат.

Экинчи жагынан, Кудай тарабынан берилген жөндөмдөрүбүздү жакшы башкаруучу катары пайдаланып жана өркүндөтүшүбүз үчүн эмгекти бөлүштүрүүдө адамдын чыгармачыл башталышына жана өндүрүштөгү ички мазмунуна да жетиштүү орун калтырылышы керек. Адам Смит белгилегендей, адамдык жөндөмдүүлүктү колдонбогон өтө жогорку эмгек бөлүштүрүлүшү – олуттуу социалдык чыгымдарды алып келиши мүмкүн жана адамдардын айрым мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтөт. Ал мындай деп ырастайт:

> “Эмгек бөлүштүрүүнүн өнүгүшүндө, эмгек менен жашоо кечирген адамдардын бир кыйла көп бөлүгүнүн, башкача айтканда, адамдардын эбегейсиз массасынын жумушка орношуусу бир нече, көбүнчө бир же эки жөнөкөй операцияга кыскарат. Бирок көпчүлүк адамдардын түшүнүгү алардын кадимки ишинин жүрүшүндө калыптанат. Бүтүндөй өмүрү бир нече жөнөкөй операцияларды жасоого сарпталган, натыйжасы ар дайым бирдей же дээрлик бирдей болгон адамда эч качан пайда болбогон кыйынчылыктарды жоюунун жолдорун издеп, өзүнүн түшүнүгүн көрсөтүүгө же чыгармачылык менен мамиле кылууга мүмкүнчүлүгү жок. Демек, ал мындай аракеттерге болгон адатын, аракетин жоготуп, адатта адам баласы мүмкүн болушунча акылсыз жана сабатсыз болуп калат. Акыл-эсинин сенектиги аны эч кандай рационалдуу сүйлөшүүдөн ырахат ала албай же сүйлөшүүгө катыша албай турган гана

> кылбастан, ошондой эле ар кандай жоомарттык, асылдык жана назиктик сезимдери катылган нерселерди түшүнүүгө жараксыз болуп калат, жана жеке жашоонун көптөгөн жада калса катардагы жөнөкөй милдеттерине карата адилеттүү чечим да чыгара албайт".[17]

Ошентип, эмгекти ашыкча бөлүштүрүү адамдардын психологиялык жана руханий канааттануусун камсыз кылбаган бир тараптуу өнүгүүгө алып келет жана бул өз кезегинде айлана-чөйрөнү эксплуатациялоого негиз түзөт, анткени адам чексизди чексиздикте издейт (айрыкча, жаратылышка болгон сый-урмат адамды сыйлоону билдирсе). Мындай дисбаланс жакынкы же орто мөөнөттүү мезгилде гана сакталышы мүмкүн, бирок узак мөөнөттүү келечекте каралбайт.

Исламдык салттык укук өндүрүшкө шарт түзүп жаткан учурда өндүрүштүн өзөгүн түзгөн адам жана анын ааламдагы орду жөнүндөгү бирдиктүү көз карашка ээ болгон дал ошол исламдык интеллектуалдык илимдер акыр аягында адамдын руханий муктаждыктары менен байланыштуу болгон өндүрүштүн өзөгүн түзүүдө. Исламдык салттык укугу руханий жана башка муктаждыктардын иерархиясын эске алуу менен, исламдын өнүгүшүнө комплекстүү мамиле кылуу үчүн зарыл, бирок бул жетишсиз. Исламдык интеллектуалдык, өнөр жай жана көркөм илимдер да зарыл, анткени Ислам искусствосунунун ченемдери жана принциптери Ислам экономикасында башкаруучу ролду ойнойт.[19] Ушул көз караштан алганда, адамдын жасаган иши же адамдын искусствосу, Кудайдын табиятына же искусствосуна окшош руханий чындыкты жана катышууну билдириши керек. "Бул учурда иштин этикалык аспектиси эстетиканы да камтыйт".[20] Титус Буркхардт түшүндүргөндөй:

> "Кудай – Сулуу жана сулуулукту жакшы көрөт" (*Аллаху джамилюн юхиббу'ль-джамаль*). Пайгамбарыбыздын бул сөзү Кудай сүйгөн сулуулук – бул биринчи кезекте жан дүйнөнүн сулуулугу орун алган руханий жашоо үчүн гана эмес, пайгамбарлык окуунун негизинде түшүнүктүү бол-

гон чыныгы искусство – Кудай жөнүндө ой жүгүртүү үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Кантсе да, сулуулук – бул ааламдагы Кудайдын нуру, ал эми ар бир көркөм чыгарма анын чагылышы эмеспи? Пайгамбарыбыздын (дагы бир) сөзүнө ылайык, "Аллах бардык нерсени кемчиликсиздикке буйруйт" (*Инна-Ллаха катаба-ль ихсана 'аля кулли шай*); Биз "кемчиликсиздик" деп которгон ихсан сөзү дагы "сулуулук" жана "изгилик" дегенди билдирет. Ошентип, ар бир чыгармада кемчиликсиздикке умтулуу мусулмандын милдети жана бул кемчиликсиздик өз кезегинде сулуулукту билдирет. Салттуу көркөм практика ушул максимумду билдирет жана анын негизинде кол өнөрчүлүк менен искусствонун ортосунда эч кандай ажырым болбой тургандыгы анык болот.[21]

Ошентип, Исламда өндүрүш процесси адамдын өндүргөн нерсеси оокат гана эмес, берилгендиктин натыйжасы болгон руханий тартип катары каралат. Ушул көз караштан алганда, "ар бир адам – сүрөтчүнүн өзгөчө түрү", сүрөтчү – "адамдын өзгөчө түрү" эмес.[22]

Бул нерселерди жаратууга болгон мамиле – ар дайым исламдын руханий тажрыйбалары менен тыгыз байланышта, анткени бул көз караштын зарыл шарты – алардын түбөлүксүздүгүн жана абсолюттукка толугу менен көз карандылыгын билүү же "руханий жакырчылык"(факр).[23] Юсуф Ибиш белгилегендей:

"Мисалы, дамасктык токуучулар өз иштерин баштагандан мурда бир нече саат, ал тургай бир нече күн бою руханий жактан даярданууну өткөрүшкөн: тиленишкен, сүкүт чалышкан жана ой жүгүртүшкөн, булардын бардыгы чыгармачыл процесстин ажырагыс бөлүгү болгон, анын аягында бардык илхам булагы менен ишке ашкан гармонияны чагылдырган, сырткы көрүнүшү шыктандырган кооз оймо-чийме пайда болгон. Каллиграфтар жөнүндө да ушуну айтууга болот: жан дүйнө тазалыгы жана мүнөздүн асылдыгы – бул ыйык ислам искусствосуна жетүү үчүн эң негизги шарт болгон".[24]

Ислам метафизикасы жана табигый илимдери өнөр жай илимдеринде архитектурадан жана шаар куруудан баштап, кийим өнөрүнө жана жеке жашоо мейкиндигине чейин колдонулат. Ушул эле нерсе коомдук уюмдан баштап, айлана-чөйрөнү башкарууга чейинки маселелерди чечкен практикалык илимдерге да тиешелүү. Ошентип, Ислам интеллектуалдык илимдери тарабынан түзүлгөн эмгек, руханий билим жана ыйык атмосфера ортосундагы бул байланыш – руханий жана башка муктаждыктардын иерархиясын канааттандыруу үчүн өтө маанилүү жана исламдын көз карашы менен дин, экономика жана цивилизация ортосундагы өз ара байланышты көрсөтөт.[25] Жан-Луи Мичон белгилегендей, “Ислам искусствосу – Ислам пайда болгондон бери көркөм өндүрүштүн айрым түрлөрү менен Курандын түшүрүлүшүнөн улам пайда болгон жаңы диндин көрсөтмөлөрү менен тажрыйбалары ортосунда тыгыз байланыштын натыйжасы жана пайгамбарлык салты же сүннөт”. Жан-Луи Мичон белгилегендей, “Ислам искусствосу – бул ислам пайда болгондон бери көркөм өндүрүштүн айрым формалары жана Куран аяны жана пайгамбарлык салты же сүннөттөн улам жаралган жаңы диндин көрсөтмөлөрү жана тажрыйбаларынын ортосунда түзүлгөн тыгыз байланыштын натыйжасы... Ушул колдонмолор менен куралданып, биз Ислам көркөм өнөрүнүн негизги тармактарын [көрө] алабыз жана алардын ар бири теологиялык негиздердин (*усуль аль-дин*), этикалык эрежелердин (*муъамалат*) жана анын өнүгүшүн баштаган жана коштогон кээ бир улуу белгилер жана салыштырууларды (*амсал*) камтыйт”.[26]

Ошентип, салттуу ислам коомдору рыноктук жана рыноктук эмес институттардын органикалык биримдигинде камтылган этиканы жана экономиканы интеграциялоонун идеалдуу моделин билдирет. Ислам укугуна токтолсок, ал руханий жана башка муктаждыктардын иерархиясын канааттандыруу менен, өндүрүштөгү жана алмашуудагы ички маанини бекемдеген ар кандай экономикалык тажрыйбаларды белгилейт. Мындай интеграциянын эң маанилүү мисалдарынын бири – тарыхта ислам коомдорунда мамлекеттик мекемелерди, айрыкча мектептер менен ооруканаларды түзүү үчүн эң жоопту болгон *вакф* институту же диний кайрымдуулук институту болуп саналат.[27] Кайрымдуулук кылуу көбүнчө имаратты же жер тилкесин тартуу кылуу менен байланыштуу

болсо, бул кайрымдуулук каражаттарынын эсебинен каржыланган башка демилгелер суу менен камсыз кылуу, кулдарды бошотуу, жабыркаган жаныбарларга кам көрүү жана башка көптөгөн кайрымдуулук иш-аракеттерин камтыйт. Буга бир жагынан Ади Сетия "исламдык белек экономикасы" деп атаган нерсе кирет.[28]

Ислам коомдорундагы этика менен экономиканын интеграцияланышынын дагы бир эң сонун мисалы – бул диндин салыктары же *зекеттери*, ал исламдын беш түркүгүнүн бири болуп, бардык мусулмандарга милдеттүү түрдөгү садаканын негизги формасы болуп саналат. *Зекет* – бул байлыкты тазалоонун каражаты жана адатта, бир жылдан ашык убакытка кармалып турган капиталдык активдер үчүн жыл сайын эки жарым пайыздан төлөп турууну билдирет. Салттуу коомдордо бул каражаттар мамлекеттин казынасына төлөнүп, андан кийин аларды кедей мусулмандарга таркатып, кайрымдуулук каражаттарынын эсебинен, мисалы, мектептерди, ооруканаларды жана балдар үйлөрүн куруу жана тейлөө боюнча коомдук долбоорлорго багыттайт.[29] Мындай кайрымдуулук уюмдарынын максаты – жалпы жыргалчылыкка жамааттык милдеттенме өзүнөн-өзү келе турган камкордук жана урмат-сый атмосферасын түзүү аркылуу адамдарды тарбиялоо болуп саналат. Албетте, бул көбүнчө колониялык мезгилден кийин ишке ашышы кыйын болгон идеал, бирок салттуу өндүрүш процесстери күчтүү болуп, ислам коомдору динамикалуу болуп турганда, мусулмандар тарыхка ушул идеалдарга жетүү үчүн таасирдүү мисалдарды келтиришкен.

Ушул умтулуунун, демек, этика менен экономиканын исламдык интеграциясынын өзөгүндө, анын борбордук орду экономикалык чөйрө менен терең байланышын шарттаган келишимдин же макулдашуунун (*'akd*) концепциясы турат. Куранда: "Оо, ыйман келтиргендер! Келишимдериңерди аткаргыла" (5:1) деп айтылат. Бул аят адамдар ортосунда түзүлгөн келишимдерге гана эмес, өзү менен түзүлгөн келишимдерге жана баарынан мурда, адам менен Аллахтын ортосундагы алгачкы келишимге ишарат кылат.[30] Мында чыныгы руханияттын ажырагыс бөлүгү болгон жоопкерчиликти көтөрүп, иш менен кошо сыйынууну да камтыйт, демек, экономикага байланыштуу этиканы да кучагына алат.[31] Сайид Хоссейн Наср түшүндүргөндөй:

> “Исламдагы бардык эмгек этикасынын негизин адамдардын бардык иш-аракеттеринин сөзсүз түрдө адеп-ахлактын чегинде болушу жана адамдын өзүнүн иш-аракеттери үчүн жоопкерчилиги бир гана жумуш берүүчүгө же кызматкерге карата эмес, ошондой эле иштин өзүнө карата жоопкерчиликтүү болушу “субьект” же кызматкер өз ишин колунан келишинче мыкты аткаруусу түзөт. Жумушка болгон жоопкерчилик – баарынан мурда, адамдардын бардык иш-аракеттерине күбө болгон Кудайдын алдындагы жоопкерчилигибиз. Бардык иш-аракеттердин натыйжалары үчүн Аллахтын алдындагы бул жоопкерчиликти сезүү, демек, ишинин экономикалык мазмунунун чектелүү болуусу менен адамдын кабырдан да аркы чектеги, өлбөс жан катары түпкү максатын козгойт”.[32]

Салттуу ислам коомдорундагы Ыйык нерсенин кеңири жайылгандыгын эске алганда, диний жана светтик иш-аракеттердин ортосунда эч кандай так айырмачылык жок.

Ислам идеалы – жашоонун бардык жактарын, атүгүл эң жөнөкөй дүйнөсүн, мүмкүн болушунча ыйык тутуу болуп саналат. Демек, жогоруда талкууланып өткөндөй мусулмандар үчүн иштөө туура иш-аракеттердин маселелери менен гана тыгыз байланышта болбостон, тиленүүнүн бир түрү болушу керек. Чындыгында эле, жумушка ушундай ыкма менен мамиле кылуу – бул нерсенин табиятына шайкеш келүү, ага өзүңдү аң-сезимдүү шайкеш келтирүү, Шюондун айтымында, “Иш-аракеттер, аныктама боюнча, Кудайды көрсөтөт жана ... демек, жаратылган нерселер Кудайды кандайдыр бир жолдор менен тастыктабаган нерселерди жасай албайт.[33]

Исламдык көз караштан алганда, чыгарманын терең табияты өзүнүн сырткы көрүнүшүн салттуу ислам шаарларында да табат, анын уюштурулушу салттуу ислам турмушунун ыргактарын чагылдырат. Эгерде светтик коомдордо намаз жеке иш болсо, ал эми ислам коомдорунда бул ар тараптуу чындык болуп саналат, жумуш менен эс алуу намаздын тегерегинде уюштурулат, тескерисинче эмес. Дагы, Наср:

> Салттуу шаардын архитектурасы ушундай: сыйынуу, эмгек, билим берүү, маданий иш жана эс алуу мейкиндиктери бири-бирине шайкеш келип, өз ара байланышта болуп, бул мейкиндиктердин бири-бирине болгон функциялары жагынан органикалык биримдикке бириккен. Салттуу ислам шаарларында адамдардын мечиттен жумушуна жана үйүнө оңой жете алуусу жана күнүмдүк намаз окуусу, ошондой эле эс алуусу үчүн жумуш убактысын туруктуу түрдө токтото турусу – жумуштун мазмунун терең ачып турат. Жумуш аткарылып жаткан мейкиндик да, убакыт да исламдык дубалардын таасири менен өзгөрүлөт, демек, ошол жумуштун өзү дагы диний түскө боёлуп, исламдык контекстте өзүнүн этикалык маанисин аныктаган диний мааниге ээ болот.[34]

Адам баласы коомдук жана үй-бүлөлүк турмуштун, эмгектин жана намаз окуунун обону менен жаралган гармония аркылуу Кудайдын жаратмандыгынын жакшылыгы менен сулуулугуна аралашат, ал эми тилектер болсо жашоонун темпин белгилейт.

Экономикалык ишмердүүлүктө этиканы камсыз кылуу аракеттери боюнча, салттуу мусулман коомдору бир нече стратегияларды ишке ашырышты. Сырткы шартта *мухтасиб* (көзөмөлчү) өндүрүштү жана алмашууну көзөмөлдөп, этикалык талаптарга жооп берилишин камсыз кылды.[35] Куранда жана хадистерде[36] эмгектин этикалык чен-өлчөмүн аныктаган жалпы принциптер гана белгиленбестен, адилеттүү өлчөөлөр жана таразалар, ошондой эле товарлардын сапатына болгон дооматтардагы чынчылдыкты камтыган сатуу-алып сатууга байланыштуу конкреттүү көрсөтмөлөр камтылат. Ал эми иш орундарында жана соода жасалган жерлерде диний авторитеттердин болушу, ошондой эле базар менен мечиттин жашоосунун табигый аралашуусу аркылуу этикалуулук бир кыйла тымызын деңгээлде сакталды.[37] Насрдын айтымында, “бул иште эң маанилүү кепилдик жеке мусулмандардын абийири жана аларга сиңирилген диний баалуулуктар болгон жана болуп кала берет”.[38]

Башкача айтканда, базарлар дегеле бар болушу үчүн ички *жихадды* (күрөштү же аракетти) камтыган адеп-ахлактык принциптер

болушу зарыл, тактап айтканда: акыйкаттык принциби, же менчик укугунун сакталышы, келишимдин принциби же контракттардын (убадалардын) аткарылышы жана тууралык принциби же "акыйкаттыктын жана келишимдин принциптерин сактоону камсыз кылуу үчүн өкмөттүн ишенимдүү колдоосу" болууга тийиш".[39] Бул принциптер иштин тышкы шарттарына байланыштуу болсо дагы, акыр аягында Аллахтын чындыгына кайрылып келет, андан алар өзүлөрүнүн мыйзамдуулугун жана терең маанисин алышат, башкача айтканда, исламда алар жогорку социалдык негизге гана ээ эмес, жогорку онтологиялык мааниге ээ болушат.

Салттуу ислам коомунда гильдиялар адамга өзү, жакындары жана жаратылышы менен шайкеш жашоого мүмкүндүк берген исламдык доктриналарды жана эмгекти бөлүштүрүүнүн, өндүрүштүн жана базардын алмашуу тажрыйбасын өткөрүп беришкен.[40] Биз исламдык экономикалык тарыхтын конкреттүү тажрыйбаларын калыбына келтирүүнү сунуштабайбыз. Бирок, бул окуя исламдык экономикалык принциптер илгери кандайча колдонулуп келгендигин жана азыркы экономикалык практиканын этикасын чыңдоо үчүн бүгүн кантип колдонсок болоорун түшүнүү үчүн илхам катары кызмат кыла алат. Ушул принциптердин чыныгы колдонулушунан келип чыккан баалуулуктар ислам дүйнөсүнүн көп жерлеринде кеңири формада жок болсо дагы, бул көбүнчө ислам өлкөлөрүндө светтик ой жүгүртүүнүн жана практиканын таасири менен байланыштуу.[41] XIX кылымдын аягына чейин, ислам шаарларынын кирешелүү калкынын дээрлик бардыгы гильдиянын мүчөлөрү болушкан.[42] Гильдиялар өзүлөрүнүн келип чыгышынын диний негиздерин баса белгилешкен, бул диндер аралык кызматташтык үчүн маанилүү болгон:

> "... иш жүзүндө ар бир гильдия белгилүү бир пайгамбарды же олуяны өздөрүнүн өзгөчө кол өнөрчүлүгүнүн колдоочусу катары аныктап, ошону менен кол өнөрчүлүккө каармандын касиеттүү мүнөзүн тартуулаган... Мисалы, жыгач усталар Нух пайгамбарды өздөрүнүн колдоочусу кылып алышкан: ал кеме куруу менен үлгүлүү жыгач уста катары кабыл алынган. Мариьм наристе Исанын жалаяктарын токуп бергендиктен аны токуучулар өздөрүнүн колдоочу-

> су катары кабыл алышкан. Пайгамбарыбыздын персиялык жолдошу Салман аль-Фариси, пайгамбарыбыздын чач тарачы болгондуктан, чач тарачтар гильдиясынын колдоочусу болгон... Уламыш боюнча, Халиф Умар парфюмерияны өз кесиби катары тандамакмын деп айткан: “эгерде андан киреше таппасам, анда ар дайым жанымда эң сонун жыпар жыт болоор эле” дегендиктен, парфюмерлер аны өзүнүн колдоочусу катары тандап алган.[43]

Чындыгында, пайгамбарлардын ортосундагы байланыш диндер аралык гильдиялардын болушуна түрткү болгон (мусулман, христиан жана еврей мүчөлөрү менен) жана ошондой эле салттуу ислам цивилизациясындагы ар түрдүү ички конфессиялык гильдиялардын ортосундагы гармонияга өбөлгө түзгөн.[44] Ошентип, белгилүү бир гильдиянын ичиндеги мүчөлөрдүн баардыгы бир жерден чыккандыктан, алардын ортосунда байланыш болгон.

Өндүрүш менен коомдук уюмга болгон мындай мамиледе жеке алмашуу тутуму болжолдонуп, мүчөлөрдүн ортосундагы координация башкарылууга мүмкүн болгон. Чындыгында, салттуу кол өнөрчүлөр өз товарларын адилеттүү жана туруктуу баада жеткирип туруу милдетин алышкан, анткени эмгекти бөлүштүрүү – укук эмес, милдет болчу.[45] Мисалы, белгилүү бир убакытта рынокто ашыкча же жетишсиз көлөмдө сатылып кетпеши үчүн, чебер кол өнөрчү кошумча шакирттерди кабыл алууну кечендетип же тездетип жибериши мүмкүн, ал эми дагы бир чебер кол өнөрчү жетишсиз же ашыкча жумушка ээ болгон.

Кыскача айтканда, Ислам экономикасындагы тең салмактуулук – ишенимдүү жумуш менен туруктуу киреше аркылуу физикалык муктаждыктар үчүн гана эмес, ошондой эле иштин терең жактарын эске алуу менен руханий муктаждыктарды канааттандыруу үчүн да өтө маанилүү. Бир салттуу экономист жана философ белгилегендей:

> “Эгерде иштин табияты туура бааланып колдонула турган болсо, анда ал азыктар физикалык денеге таасир эткендей эле жогорку жөндөмдөргө азык сыяктуу деңгээлде болот.

Ал жогорку адамды азыктандырып жандандырат жана аны өзүнүн колунан келген мыкты нерселерди өндүрүүгө үндөйт. Ал өзүнүн эркин туура жолго салат жана андагы айбандык башаттарды прогрессивдүү каналдарга тарбиялайт. Бул адамдын өзүнүн баалуулуктарынын масштабын көрсөтүү жана инсандык сапатын өркүндөтүү үчүн мыкты өбөлгө болуп саналат”.[46]

Ошентип, этика менен экономиканы тыгыз айкалыштырган салттуу ислам тутумунда мотивация чоң мааниге ээ. Адам Смит ырастагандай, Кайра жаралуу мезгилинен кийин Батыш Европа сыяктуу жерлерде гильдиялар бузулган болсо дагы, бул бардык гильдиялар сөзсүз түрдө бардык жерлерде болгон жана ар дайым коррупциялашкан дегенди билдирбейт. Европалык гильдиялардын тарыхы бул макаланын чегинен тышкары болсо дагы, гильдия коррупциясы Батышта философия, искусство жана илимдин светтешүүсү башталгандыгынан деп айтуу жетиштүү (экономикалык теория менен практиканын кесепеттери кийинки бөлүмдөрдө каралат) болот.

Ислам экономикалык институттары жана алардын азыркы учурдагы актуалдуулугу, айрыкча алмашуу процесстери жана алардагы этиканын ролу боюнча көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлдү, бирок интеллектуалдык жана өнөр жай илимдери менен ислам мыйзамдарынын ортосундагы байланыштар толук изилдене элек. Албетте, этиканын алмашууга катышуусу маанилүү, бирок мындай жамааттык ишарат интеллектуалдык өзөккө негизделген чыныгы исламдык өндүрүш процесстеринин пайдубалына негизделиши керек, башкача айтканда, исламдык метафизикалык жана космологиялык окууларда баяндалган адамдын көз карашы өндүрүшкө киргизилиши тийиш.

Демек, Исламдын интегралдык өнүгүү программасынын биринчи кадамы – исламдык интеллектуалдык мурастарды калыбына келтирүү, ага ылайык билим берүүнү калыптандыруу жана ислам илиминин жана технологиясынын пайда болушу зарыл.[47] Билим берүү – чындыгында эле, “эң чоң ресурс”, анткени ал мындайча айтканда, ислам принциптерине ылайык суроо-талаптарды жана сунуштарды калыптандырат. Бир жагынан алганда, азыркы

исламдык билим берүү тутуму заманбап табигый илимдин натыйжаларын салттуу табигый илимдерге негизделген билимдин жогорку деңгээлдерине интеграциялашы керек; экинчи жагынан, заманбап ислам өнөр жай илимдери эмгекти адамгерчиликтен ажыратпаган технологияларды салттуу метафизикалык принциптерге негиздөөсү керек.

Э. Ф. Шумахер экономикага диний мамиледе руханий жана башка муктаждыктардын ушул иерархиясына байланыштуу үч максатты сунуш кылат:

- Биринчиден, элге керектүү жана пайдалуу товарларды жана кызматтарды көрсөтүү.
- Экинчиден, ар бирибиз жөндөмдөрүбүздү жакшы башкаруучу катары колдонуп, өркүндөтүүгө мүмкүндүк берүү.
- Үчүнчүдөн, өзүбүздү эгоцентризмден куткаруу үчүн, башкалар менен кызматташып, аларга кызмат кылуу.[48]

Исламда үч максат тең экономикалык жихаддын же ишенимди коргоонун түрлөрү болуп саналат же адамдын иш-аракетине жана ыйманын коргоого багытталат[49]. Ошондой эле үч максат тең этика менен экономиканын ортосундагы байланышты сактоо үчүн зарыл. Ислам экономикалык мыйзамы үч максатка тең тиешелүү, анткени ал керектүү жана пайдалуу товарларды жана кызматтарды аныктайт. Ошол эле учурда порнография жана кумар оюндары сыяктуу “зыяндуу базарларды” (же алып-сатарлыкты) биринчи максатка киргизбейт жана экинчи жана үчүнчү максаттардын аткарылышынын тышкы шарттарын белгилейт. Бирок, акыркы максаттарды ишке ашыруу, талантыбызды башкаруучу катары өркүндөтүү жана өзүмчүлдүктөн кутулуу үчүн биргеликте аракет кылуу үчүн исламдын интеллектуалдык жана эзотерикалык аспектилери да талап кылынат (жана биз көрүп тургандай, исламдык өндүрүш процесстери – узак мөөнөттүү исламдык мыйзамга негизделген экономикалык институттар үчүн өтө маанилүү).

Демек, экономикалык иштин эки аспектиси бар экендигин түшүнүү керек: өткөөл (же объективдүү) аспект жана ички (же жеке) аспект. Эмгек өткөөл болуп саналат, анткени ал тышкы дүй-

нөдөгү кандайдыр бир нерсеге же кызматка багытталат жана аларды өзгөртөт (эмгектин биринчи максаты). Ошол эле учурда эмгек кызматкердин мүнөзүнүн калыптанышына өбөлгө түзүп, ички аспект да боло алат (эмгектин экинчи жана үчүнчү максаттары).

## II. Этиканын жана экономиканын ажырымынын кесепеттери

Мурунку бөлүмдө биз этиканын жана экономиканын интеграцияланышы чындыгында мүмкүн экендигин, ошондой эле, ислам салттары мындай мүмкүнчүлүктүн бирдиктүү негизинин мисалын бергенин көрдүк. Мындай интеграция экологиялык кризисти, экономикалык туруктуулукту жана адамдардын жыргалчылыгын чечүү үчүн керекпи? Бул суроого жооп берүү үчүн, Шумахердин ишинде жогоруда көрсөтүлгөн экинчи жана үчүнчү максаттарынын мыйзамдуулугун текшеребиз. Көрүнүп тургандай, жооптор адамдын антропологиялык жана табигый илимдерге холистикалык же механикалык мамиле жасагандыгынан көз каранды.

### Адамзаттын жыргалчылыгы

Бардык экономисттер адамдын жыргалчылыгы үчүн товарларды жана кызматтарды көрсөтүүгө басым жасоодо биринчи максатты же иштин өткөөл аспектисин тааныйт. Адам Смит сыяктуу кээ бир экономисттер, Шумахердин эмгегинин экинчи жана үчүнчү максаттары менен байланышкан өтпөс (ички) аспектини ар кандай деңгээлде таанып, жогоруда айтылгандай, эмгектин ар кандай түрлөрү ар кандай таасир этерин моюнга алышат. Бирок башка экономисттер, мисалы, Дэвид Рикардо жана Джон Стюарт Миллдин атасы Джеймс Милл, мындай көз карашка каршы чыгышып, зыяндуу кесепеттердин болушун четке кагышкан жана алардын механикалык дүйнө таанымынын контекстинде иштин бардык түрлөрү адамдын өнүгүшү жагынан бир тектүү деп айтышкан.[50] Психологиялык гедонизмди[51] катуу баса белгилеген антропологиянын аркасы менен, бул ойчулдар эгоцентризмден кутулуу мүмкүнчүлүгүн четке кагышып, экономикага эмгектин биринчи гана максатын калтырышкан. Бирок диний көз караштан алганда, биз жөн гана

адамдын “байлыгы” жана “иш-аракеттери” эмеспиз, биз “адамзатыбыз”.[52] Эмгектин жана руханий өнүмдүү кызматташуунун ички маанисине байланышкан суроолорго көңүл бурбоо – өндүрүштүн жана алмашуунун тышкы аспектилеринин гипертрофиясына гана эмес, адамдын жогору инсандык сапаттарынын атрофиясына алып келет. Демек, байлык топтоо үчүн ашкере кабатырлануу өзүн-өзү жок кылууга алып келип, аны азаптын бир түрүнө айлантып жиберет, анткени башка бирөө ар дайым андан көп нерсеге ээ болот.

Э. Ф. Шумахер 1955-жылы өнүгүү маселелери боюнча Бирма өкмөтүнө кеңеш берүү үчүн Бирмага барып келүүгө чакырылганда, бул өзгөчө айкын болгон. Ошол мезгилде Бирма ИДПсы киши башына 50 доллардан туура келген, дүйнөдөгү эң жакыр өлкөлөрдүн бири болгон. Демек, ал байлык, киреше жана бакыт бири-бири менен тыгыз байланышта деген тааныш божомолду эске алып, алардын жан дүйнөсүнөн үрөй учурарлык жакырчылыкты жана азапты табам деп күткөн. Бирок анын ордуна ал башка бир нерсени тапты:

> “Мен жашоомдо кезиктирген эң бир бактылуу адамдарды таптым. Алар жакшы тамактанып, кооз кийинип, климатына ылайыктуу үйлөрдө жашашат экен. Аларда убакыт бар экен! Аларда жумушчу күчүн үнөмдөөчү машиналар жок, бирок эс алууга жана бактылуу болууга көп убакыт бар эле. Бирмада эч кандай чыңалуу жоктой сезилди. Ал жактагы адамдар – эң бир бактылуу адамдар эле. Алар жашоо кандай болсо, ошондой жашашат экен.[53]

Ошондуктан, ал шаар менен айылдын жакырчылыгынын ортосундагы терең айырмачылыктарды көрсөтүп, бакыт киреше менен байланыштуу деген түшүнүктү четке какты:

> “Адамдын бир жылда иштеп тапкан акчасынын көлөмү – алардын канчалык бактылуу экендигин көрсөтпөй тургандыгын мен тез түшүндүм. Мисалы, Улуу Депрессия учурунда мен Англияда жумушсуздарды көрдүм, алардын баскан-турганынан алардын канчалык сынгандыгын бай-

> коого болор эле. Бирок, алардын жумушсуздук боюнча камсыздандыруудан түшкөн накта кирешеси – көздөрүнөн эр жүрөктүүлүктүн нуру жаркырап, сени кучак жайып тосуп алып, колундагы бар нерсесин бөлүшүү үчүн алачыгына чакырган испан дыйканынын кирешесинен көбүрөөк болчу".[54]

Кедейликке жаңыча көз чаптырган саякаттарынан кийин Э. Ф. Шумахер кирешенин төрт негизги деңгээли бар деп сунуш кылган:

> "Акыр-аягы, жашоонун абсолюттук төмөнкү деңгээли – эгерде денең менен жаныңды бирдей сактап калууга каражат жетишсиз болгон учур – азап деп аталышы керек деп чечтим. Кийинки деңгээл – адамдар эч бир ашыкча байлыгы жок туруп жөнөкөйлүк жана сарамжалдык менен толук түрдө адамгерчилигин сактай алган учурду – жакырчылык деп атоо керек. Анан байлык келет... аялуу нерсең пайда болгондо. Мисалы бул орто кылымдын экинчи жарымында Батыш Европанын кылымдар бою кадимки абалы болгон, анда белгилүү болгондой, чоң соборлор курулуп, искусство менен илимде бир топ ийгиликтерге жетишилген. Акыр аягында, чексиз ашып ташыгандык бар..."[55]

Азыркы адам баласы негизинен жыргалчылыкка жана бакытка болгон умтулуусунда дал ушул акыркы категорияга жетүүгө аракеттенет. Жыргалчылыкты материалдык молчулук менен байланыштырып, руханиятты эсепке албоо – адамда "дагы көбүрөөк философияны" пайда кылып, бул аны канаатсыздыкка дуушар кылды. Жашоонун "вертикалдык огу" Кудай менен бүтүп, ошону менен адамдык абал эң жогорку деңгээлде аткарылса, "горизонталдык огу" болсо чексиз созулат, ал чексиз кийинкиге калтырылган аткаруунун артка чегинүүсү менен мүнөздөлөт. Эгерде адамзат жамааты социалдык жашоону, анын ичинде экономикалык чөйрөнү горизонталдык чен-өлчөмдө гана курууга аракет кылса, анда ал руханий жашоого, демек, чыныгы канааттанууга өбөлгө

болгон жашоого эмес, тоскоолдуктар толгон жашоо образына дуушар болот.

Салттуу диний көз караштан алганда, эгоцентризмди жеңүү үчүн маанилүү иш жана кызматташтык маселелерин четке кагуу сөзсүз түрдө этиканын экономикадан бөлүнүшүнө алып келет жана дал ушул бөлүнүү заманбап өндүрүш процесстерин түп-тамырынан бери мүнөздөйт:

> Индустриализм, анын социалдык формасына карабастан... инсанды басат... негизинен көпчүлүк эмгек түрлөрү – кол эмгеги менен ак жакалар таптакыр кызыксыз жана маанисиз болуп калат. Механикалык, жасалма, жаратылыштан алыстаган, адамдын потенциалынын эң кичинекей бөлүгүн гана колдонуп, жумушчулардын басымдуу көпчүлүгүн бул татыктуу кыйынчылыкты да, өзүн-өзү өркүндөтүүнү да, өнүгүү мүмкүнчүлүгүн да камтыбаган, ошондой эле Сулуулуктун, Чындыктын же Жакшылыктын элементи болбогон жумушта эмгек өмүрүн өткөрүүгө өкүм кылат. Заманбап индустриализмдин негизги максаты – жумушту канааттануу менен аткарууну эмес, өндүрүмдүүлүктү жогорулатууну көздөйт; эмгек жагымсыз деп табылгандыктан анын эң сыймыктанган жетишкендиги – эмгектин үнөмдөлүшү болуп эсептелет. Бирок жагымсыз нерсе кадыр-барк бере албайт; ошондуктан, жумушчунун эмгек жашоосу – кадыр-барксыз жашоо. Натыйжада, айлыгы жогоруласа да, жумшармак тургай, күчөгөн түнт жоопкерчиликсиздик руху пайда болгондугу – таң калычтуу нерсе эмес.[56]

Башка сынчылар, ошондой эле өнөр жай базарлары эмгекти кантип сөзсүз жана системалуу түрдө жокко чыгарарын: "Адамдын денеси да, жан дүйнөсү анын ишине катыша алганда гана (бул нерсе фабрикада эч качан мүмкүн эмес), эмгек салтынын [салттуу] принциби [иштөө – бул тиленүү] толук колдонула алат"[57] деп көрсөтүшөт.[58]

Дэвид Рикардо менен Джеймс Миллдин психологиялык гедонизминен айырмаланып, жыргалчылыктын диний теориясы адамдын Чексизге болгон сөзсүз муктаждыгын эске алат. Эгер адам Аллахтын чексиз чындыгында гана толук канааттанууну таба алары чын болсо, анда Чексизди чектүүдөн издөө терең көңүл калууга гана алып келиши мүмкүн, анын азабы көп учурда адамдарды кыйратуучу жүрүм-турумга алып келет. Башкача айтканда, Кудайдын объектисин кичирээк масштабдагы каалоолор менен алмаштырууга аракет кылуу, ылдый түшүп бара жаткан айлампага түртөт. Абдул Хамид Сыддыктын котормосундагы *Сахих аль Муслимдин* китебинде пайгамбарыбыздын сөзү боюнча: (*Зекет* китеби (*Китаб ал-Заках*) (*нафс ал-аммара* же "төмөнкү мен" жөнүндө сөз): "Эгер Адам баласы эки байлык өрөөнүнө ээ болсо, үчүнчүсүн эңсемек. Адам баласынын курсагы тойбойт, топуракка гана толот". Чындыгында, Чексизди туура эмес багыттан издөө – табияттын кооздуктарын жеп-ичүү менен алек болуп, тойбогон табитин ачты. Диний каада-салттарга сиңген философия сунуш кылган адамдын терең көз карашын жана анын ааламдагы ордун жоготушунун кесепетинен адамдарды канааттандырган жандуу диний салтка негизделген ыйык же трансценденталдык сулуулук сезимине алып келген жолдон адамзаттын орчундуу бөлүгүнүн адашуусуна алып келди. Фриджоф Шун түшүндүргөндөй, "акылга сыярлык сулуулуктар – Рухтун сыртында, алардын Аны менен жолугушуусу аздыр-көптүр кокусунан болот; эгер жан сөзсүз жана дайыма бактылуу болгусу келсе, анда ал сулуулукту өз ичине камтышы керек".[59] Демек, ички сулуулуктун жоктугунан пайда болгон боштукту[60] ойлонбогон керектөө менен толтурууну – туздуу суу ичкенге салыштырса болот, бул суусаганды күчөтөт. Дал ушул цикл биз эми кайрыла турган азыркы экологиялык каатчылыкка алып келди.

### *Экологиялык кризис*

Экологиялык кризис жөнүндө жалпы экономикалык ой жүгүртүүнүн негизги концепциясы – "терс тышкы көрүнүштөр" болуп саналат, ал жөн эле каалабаган үчүнчү жактарга жүктөлгөн иш-аракеттердин терс кесепеттерин билдирет. Муну чагылдырган классикалык мисал катары айланасындагы жакынкы аймактарды булгаган фабриканы алсак болот, ал социалдык жана экологиялык

жоопкерчиликке маани бербегендиктен, булганыч заттын кесепетинен коңшуларына “тышкы” чыгымдарды алып келиши мүмкүн. Сырткы жагымсыз кырдаалдарда экономисттер товарларды (мисалы, таза аба) “бааланбайт” деп айтышат (же билим берүү сыяктуу тышкы жагдайларда ашыкча бааланат). Мунун натыйжасы – “рыноктун бузулушу”, же товарлардын чыныгы наркына карата ашыкча (же төмөн) пайдаланылышы келип чыгып, натыйжада ресурстар натыйжасыз пайдаланылат. Гус Шпеттин айтымында:

41. Фред Доннер, Мухаммед жана Ишенгендер: Исламдын башталышында (Muhammad and the Believers: At the Origins of Islam), (Кембридж МА: Гарвард Университет басмасы, 2010).
42. Табатабаи, *Аль-Мизан* фи Тафсир аль-Коран, 3:102-110: 22 ден 16-б. Ал мусулман коомчулугундагы бөлүнүүчүлүккө байланыштуу бир нече салттарды талкуулайт.
43. Махмуд Айюб, Куран жана анын чечмелөөчүлөрүнүн антологиясы: Имрандын үйү (The Qur'an and Its Interpreters: The House of 'Imran), 198-99 бб.
44. Акрами, "Курандагы өзгөчөлүк жана университет" (Particularity and University in the Qur'an), 5-б.
45. Мисалы, 2:62 караңыз, анда ыймандуулар, еврейлер, христиандар жана сабийлер чогуу айтылган.
46. Куран 5: 82-83 "Чындыгында, сен ... ишенгендерге жакын адамдар "Биз христианбыз", - деп айткандар болот, анткени алардын арасында окуу-ларга берилгендер жана аскетиктер бар. Бул адамдар текебердикке жакын эмес жана пайгамбарга түшүрүлгөн нерселерди укканда, алардын көздөрү кандайча жашка толгонун көрөсүң, анткени алар чындыкты тааныйт. Алар айтып жатышат: "Раббибиз, биз ишендик, ошондуктан бизди күбөлөрдүн катарына кош".
47. Одбьерн Лейрвик, "Сыйынуу жана тургузуу: Диний дене тили жөнүндө айрым христиан-мусулмандардын ой жүгүртүүлөрү" (Prostrate and Erect: Some Christian-Muslim Reflections on Religious Body Language), Диндер аралык Диалогдогу изилдөө 16 (2006), 29-40-бб.
48. Табатабаи, *Аль-Мизан* фи Тафсир аль-Коран, 3:190-199.

# 11-БАП

## Диндин атын жамынып, зордук-зомбулук кылуу
Энтони К. Э. Куэйнтон

ТЕМА: 1095-жылы көпчүлүгү кедей жана билимсиз болгон улан-кыздар Папа Урбан IIнин Иерусалимди мусулмандардын колунан кайтарып алуу үчүн крест жортуулуна катышканына биз таң кала тургандай эле, бүгүнкү күндө Ирак жана Леванта Ислам мамлекеттин (ИГИЛ же ДАИШ, англис тилинде ISIS) чакырыгына жооп берген жаш улан-кыздар жөнүндө окуп, таң калып отурабыз. Биздин эки диндин жолдоочулары өз коомчулугундагы бейпил жашоого көбүнчө ыраазы болушат, бирок, ыйык тексттерибиздин экөө тең аяндын сөзүн жайылтуу үчүн алдыга умтулууга үндөйт. Ички бөлүнүп-жарылуу радикал исламчыл кыймылдарды алсыратат деп алдын ала айта албайбыз. Батыш коомдорунун гедонисттик жана материалисттик чектен ашып кетиши биздин эркиндик жана теңдик баалуулуктарыбызга доо кетиреби же жокпу, аны биле албайбыз. Чектөө саясатын бекем жана ырааттуу жүргүзүү акыры саясий ислам менен либералдык демократиянын ортосундагы тынчтык мамилеге алып келиши мүмкүн. Диндин атына жасалган зомбулук менен күрөшүү мүмкүн эмес.

Мен зордук-зомбулук же дин боюнча академик адис эмесмин. Бирок, узак дипломатиялык карьерам учурунда эки мусулман өлкөсүндө – Пакистанда жана Кувейтте, ошондой эле татаал көп конфессиялык коомдо – Индияда кызмат өтөдүм. Зордук-зомбулук жагынан алганда, Картер администрациясынын терроризмге каршы координатору жана Клинтон мамлекеттик департаментинде Мамлекеттик катчынын коопсуздук боюнча жардамчысы болуу бактысыздыгына туш болдум. Ошол кезде биз эң көп тынчсызданган зордук-зомбулук ушул күнгө чейин эч ким ишенбеген динден

келип чыккан: маркстик-лениндик көз караштагы коммунизм болгон эле. Бирок, диндин атына жасалган зомбулук – мени заманбап дүйнөнүн катаал чакырыктары менен күрөшүп жаткан христиан катары бир топ убакыттан бери кызыктырып келген тема.

Христиандар үчүн (жана мусулмандар үчүн дагы) биз карап жаткан окуяны 1095-жылы Франциянын Клермон шаарында башталган деп айтууга болот. Ал жерде бир нече жүздөгөн дворяндардын жана диниятчылардын катышуусунда Папа Урбан II угармандарын Иерусалимди мусулман түрктөрүнөн тартып алуу үчүн чоң кресттүү жортуулга чыгууга үндөгөн. Анын угуучулары буга чейин белгилүү *Деус вулт, Деус вулт* кыйкырыгы менен жооп беришкен. “Кудай каалайт, Кудай каалайт”. Ошентип, укмуштуудай кан төгүү мезгили башталды, натыйжада Европанын төрт бурчунан келген миңдеген христиандар, байлар жана кедейлер чогулду, ошондой эле алардын курмандыктары Ыйык жерди басып алган мусулмандар болду. Эгер алардын ишеними үчүн өлүп калуу бактысыздыгы болсо, баарына бейиштен орун берилери убада кылынган.

Бул алыскы окуялар ислам дүйнөсүнүн заманбап кайрылуусунан жаңырык алып турат. ИГИЛ ислам халифатын калыбына келтирүү үчүн чакырык таштады. Кресттүүлөр бул аймакта жана анын айланасында христиан мамлекетин курууга киришкен. Исанын жолдоочулары корголо турган жана ыйманы бекем сакталып турган ыйык жерлерди кайра тартып алгылары келген. Каапыр деп аталганды жеңүү ошол кездеги христиандар үчүн моралдык милдеттенме болуп калган, азыр болсо жихадчы мусулмандар үчүн ошондой болууда.

Албетте, христиандар менен мусулмандардын ортосундагы зордук-зомбулук Крестүүлөр жортуулунан кеминде төрт жүз жыл мурун башталган, ислам дини өзүнүн негизги мекенин Арабия жарым аралынан христиандык Түндүк Африка менен Жакынкы Чыгышты жана Пиреней жарым аралын басып алуу үчүн жылган. Жер Ортолук деңиздин түндүк тарабында бул салгылаш XVII кылымдын аягы жана XVIII кылымдын башында уланып, 1698-жылы атактуу Вена салгылашуусу менен аяктаган, анда түрктөр биротоло артка чегинишкен. Испанияда *Реконкиста* деп атала баштаган мурунку христиан жерлерин кайра басып алуу,

кылымдар бою Испанияда гана эмес, Ыйык Рим империясында да христиан башкаруучуларынын максаты болгон. Окуя – бул жерде баяндала тургандай, өтө узун жана татаал, бирок христиандар менен мусулмандардын дин жолундагы күрөшү Аль-Каида же ИГИЛ ойлоп тапкан нерсе эмес, бирок анын тамыры терең Батыш дүйнөсүнүн тарыхында. Жакында эле, Биринчи Дүйнөлүк согуштан кийин гректердин түрктөрдү өлтүрүшү жана 1915-16-жылдардагы белгилүү армяндарды кыруу окуясы буга мисал боло алды.

Албетте, миң жылдык диний согуштардын дин менен эч кандай байланышы жок, бирок христиан жана мусулман башкаруучуларынын өз аймагын жана бийлигин коргоону көздөгөн дымактары үчүн болгон деп айтууга болот. Эки тарап тең каапыр деп эсептеген душмандын күчүнө каршы өз ишенимин коргоо – экинчи пландагы максат болгон. Бирок бул айтылган сөздүн чындыгы кандай болбосун, диндин атына жасалган зомбулук биздин мамлекетте илгертен бери эле болуп келгендиги жана адамдын табигый зордук-зомбулукка болгон тенденциясын эске алганда, ал узак убакытка чейин сакталып калаары шексиз.

Христиандарга дагы, мусулмандарга дагы диндин атынан жасалган зордук-зомбулук ислам менен христиандыктын ортосундагы күрөш эмес экендигин унутпоо пайдалуу. 1947-жылы бөлүү учурунда индустар менен мусулмандар бири-бирине каршы мыкаачылыктарды жасашкан. Жакынкы Чыгыштын ар кайсы жерлеринде Сунниттер менен Шииттер бири-бири менен согушуп, эки тарап бири-бирин адашкан деп мүнөздөшкөн. Жакында эле болгон Йемен менен Иракта шийиттердин мечиттериндеги жардыруулар – эң акыркы мисалдар.

Ошол сыяктуу эле, протестанттык реформациядан кийинки диний согуштар, биз анын 500 жылдыгын 2017-жылы белгилейбиз же эскеребиз, Европанын тарыхындагы эң кандуу согуштарга алып келди, анткени эки тарап тең христиан дининин өз тармагы үчүн, саясат жактан үстөмдүк кылуу үчүн күрөшүштү. Африканын аймактарында, дүйнөдөгү эң чоң чөлкөмдө, христиандар бири-бири менен укмуштуудай мыкаачылык менен согушушкан: Руандадагы Туту Хуту менен, Түштүк Судандагы Нуер менен Динк ж.б.у.с. Албетте, диний болуп көрүнгөн бул конфликттин көпчүлүгү көбүнчө бийликке, аймакты көзөмөлдөөгө же уруулар менен

уруулардын ортосунда илгертен бери келе жаткан атаандаштыкка жана кастыкка байланыштуу. Акбар Ахмед өзүнүн *"Коко тикен жана аары"* аттуу китебинде белгилегендей, анда борбордук бийлик менен перифериялык уруунун бийлик борборлорунун ортосундагы күрөшү чагылдырылган. Перифериялык топтор көбүнчө диний азчылыктар болуп саналат, аларды борбор көзөмөлдөп, айрым учурларда жок кылууга умтулат.

Азыркы христиандардын көпчүлүгү чоңоюп жатканда, негиздөөчү ырлардын бири "Алга, христиан аскерлери" болчу. Ал аскерлер "Мурунку сыяктуу эле, Исанын айкаш жыгачы менен согушууга жөнөшкөн". Бул гимн көпчүлүк гимндерде кездешпейт, анткени христиан дининин болжолдуу зордукчул согушчандыгын жок кылуу үчүн алынып салынган. Албетте, гимн согушка чакырбайт, бирок христиандарды согушка бара жаткандай "алдыга", башкача айтканда, ишеним, ынангандык жана берилгендик менен алдыга чыгууга чакырат. Азыр католиктер дагы, протестанттар дагы чоң шыктануу менен ырдаган дагы бир популярдуу гимндин аскердик темасы дагы бар. "Айкаш жыгачты бийик көтөргүлө", Исанын жолдоочуларын ал гимн төмөнкүдөй үндөйт:

> Келгиле, бир туугандар, биздин Согушубуз, жеңиштүү Падышабыз, Кудайдын Уулу Иса кайда кадам шилтесе ошол жакка баргыла. Бул салтанаттуу белги менен бара жаткан Кудайдын аскерлери жеңиштүү катарларда биригишет. Айкаш жыгачка кадалган ар бир жаңы төрөлгөн жоокердин чекесинде Анын мөөрү болот. Бул Шайтандын легиондорунан коркконунун белгиси жана периштелер сый урмат үчүн жүздөрүн жаап турушат.

Сүрөттөр ачык-айкын. Иса пайгамбар биздин Капитан. Бизди жамандыкты жеңүүгө катышууга үндөшөт. Ар бирибиз "жаңы төрөлгөн жоокербиз", ал эми азыркы жарандык укуктар гимнинин тили менен айтканда "Биз жеңебиз". Душман ислам эмес, шайтан, бирок шайтандын легиондорун жеңип ал деген бул насаат жихаддык исламдын күчтөрүнө жайылтылды деген өкүнүчтүү жыйынтык менен, исламды – шайтандык деп жыйынтык чыгаргандар бар.

Акыркы окуялар биз диндин атына жасалган зордук-зомбулукту колдонуунун жаңы, кооптуу этабына кирип жаткандыгыбызды көрсөтүп тургандай. Биз ИГИЛдин (ISIS - Ирак жана Леванта ислам мамлекети) туусу астында согушуп жаткан фанаттар ислам үчүн баштарды кесип, зордуктап жана исламдын атынан кыйноолорду көрүп жатабыз. Биз универсалдуу халифатка чакырууну угуп, бул чакырык кайда алып барышы мүмкүн деп ойлонобуз. 1095-жылы жана кийинки крест жортуулуна көпчүлүгү кедей жана билимсиз болгон улан-кыздар Папа Урбан IIнин Иерусалимди мусулмандардын колунан кайтарып алуу үчүн катышканына биз таң кала тургандай эле, бүгүнкү күндө Ирак жана Леванта ислам мамлекети чакырыгына жооп берген жаш улан-кыздар жөнүндө окуп, таң калып отурабыз.

Демек, тарых – караңгы, ал эми азыркы учур коркунучтуу болсо, биз христиандар жана мусулмандар эмне кылышыбыз керек? Коомдорубузда жана диндерибизде ачык-айкын көрүнүп турган зордук-зомбулукка болгон каалоону артта калтырууга кандай өзгөрүүлөр жардам берет? Баарыбыз үчүн аяттарды көп окуп, талдап чыгуу – көпчүлүк сунуштаган чечим. Христиандардын аз бөлүгү гана Куранды толугу менен окуган деп айтууга толук негиз бар. (Чындыгында, христиандардын аз бөлүгү гана Библиянын ар бир сөзүн окушкан). Менин оюмча, көпчүлүк мусулмандар Библияны, Эски жана Жаңы Келишимдерди башынан аягына чейин окуган эмес. Биз Библиядагы сабаттуулукту жогорулатып, бири-бирибиздин ишенимибиз жөнүндө көбүрөөк маалымат алышыбыз керек деп ойлойм, бирок Ыйык Жазманы үстүртөдөн окусак, биздин бардык көйгөйлөрүбүз чечилет деп ишенбейм. Эки ыйык текст тең асыл жана шыктандыруучу сөздөр менен толтурулган, бирок экөөндө тең күрөшүүгө чакырыктар бар. Иудей-христиан салты боюнча, Кудай Ыйык Жердин жергиликтүү басып алуучулары болгон адамдарга каршы иудейлердин зордук-зомбулугуна уруксат берген көптөгөн мисалдар бар. Иса тынчтыкты орнотуу үчүн эмес, кылыч менен келгенин түздөн-түз билдирет.

Ислам менен христианчылыктын ортосундагы чыңалуунун уланып жаткан себептеринин бири – эки диндин тең түпкү табияты. Буддист, индус же конфуций каада-салттарындагы досторубуздан айырмаланып, ыйык китептерде бизге тиешелүү

пайгамбарларыбыздын сөздөрү аркылуу ачылган эң жогорку чындыктын ээсибиз деп ишенебиз. Христиандык дүйнөнү өзгөртүү жана күнөөнү жеңүү үчүн Кудай жараткан адамдын денедеги элементтерин кошумчалайт. Эки дин тең өздөрүнүн адилеттүүлүгүнө жана биз христиандар евангелизм деп атаган нерсени жасоо – биздин динди бөлүшпөгөн адамдарга ишенимибизди таратуу жоопкерчилигине терең ишенишет. Ыйык тексттерибиз бизди ачыкка чыккан сөздү жайылтуу үчүн алдыга умтулууга үндөйт. Тилекке каршы, бул биз үчүн компромисске өтө аз орун калтырат, ал эми эч кандай компромисс жок жерде зордук-зомбулук көп болот.

Христиан жана мусулман дүйнөсүндө секуляризация (светтештирүү) процесси үгүттөөгө (евангелизацияга) болгон азгырыкты жокко чыгарды деп айтууга болот. Акча табуу жана жакшы жашоо менен алектенип, ишенимибизди жайылта албай жатабыз. Чындыгында эле, биздин коомдогу ар бир диндин жолдоочулары, зомбулук менен прозелитизмге барбай, өз коомчулугунда тынч жашоого канааттанат. Бирок жакында Пакистандагы чиркөөнүн өрттөлүшү, Ирактагы Ассириялык христиандардын уурдалышы жана Египет менен Ливиядагы копторго кол салуулар – дин урматына зордук-зомбулукту токтотуу үчүн дагы бир аз аралыкка барышыбыз керектигин көрсөтүп турат. Жакында Вирджиния университетинин профессору Джон Оуэндин “Саясий исламга каршы туруу” деп аталган китебинде ушул маселелердин көпчүлүгү талкууланып, “Бул кыйынчылыкка кантип туруштук беришибиз керек?” деп суралган. Профессор Оуэнс кийинки жоопту сунуш кылат: “ийкемдүү, чыдамдуу жана өзүңүзгө чынчыл болуңуз”. Бул туура кеңеш. Ал саясий исламды түшүнүүнүн ачкычы – анын ар түрдүүлүгүн ошол ар түрдүүлүккө ылайык таануу жана мамиле кылуу деп эсептейт. Ал Экинчи Дүйнөлүк Согуштан кийин Джорж Кеннандын Советтер Союзуна жасаган мамилесин эске салган чектөө стратегиясын түзүүгө чакырат. Кеннандын стратегиясы ошондой эле тез өзгөрүүнү күтпөстөн, коммунисттик дүйнө таанымдын ички карама-каршылыктарынын пайда болушун күтүп, чыдамдуулукту талап кылган. Албетте, радикалдуу исламдын позициясындагы салыштырууга боло турган ички карама-каршылыктардын бар экендиги жөнүндө маселе ачык бойдон калууда, бирок анын максаты миллиондогон дүйнөлүк жарандардын, анын ичинде му-

сулман дүйнөсүнүн көпчүлүгүнүн гүлдөп өсүшүнө салым кошкон базар капитализминин модернизациялоочу күчүнө карама-каршы келет деп биротоло далилдөөгө болот.

Бул күч мусулман ой жүгүртүүсүнүн эволюциясына кандайча таасир этери азырынча ачык эмес.

Профессор Оуэнстин жүйөөсүнүн негизин – Батыш коомдорун эркиндик жана теңдиктин эң жогорку баалуулуктарына ылайык болууга чакыруу түзөт. Ал ачыктыкка, гүлдөп-өнүгүүгө, эркиндикке жана бакубатчылыкка алып келген светтик коомдордун таасири акыры саясий исламдын эң катаал жана кечиримсиз жактарын бузат деп ырастайт. Бул мен бөлүшкөн үмүт. Бирок, азыркы Батыш дүйнөсүнүн гедонисттик жана материалисттик чектен чыгып кетиши, чындыгында, таза, тартиптүү коомдун мусулман жактоочулары арасында көбүрөөк каршылыктарды жаратат деген коркунучтун дагы бар экендигин билишибиз керек. Профессор Оуэн исламчылар толугу менен Батыш баалуулуктарына кайрылат деп күтпөйт, бирок убакыттын өтүшү менен акырындап кириши мүмкүн деп эсептейт.

Жооп чындыгында саясий ислам менен либералдык демократиянын ортосундагы жакшы жана тынч мамилеге алып келиши мүмкүн болгон бекем, ырааттуу жана компромиссиз ооздуктоо болушу мүмкүн. Бул чыдамдуулук стратегиясы ушул чоң дебаттын эки тарабынын зордук-зомбулукка жооп кайтаруусу үчүн саясий кысымдарга туруштук бере алабы же жокпу, билишибиз керек. Тель-Авивде дагы, Вашингтондо дагы Ирандагы аятоллаларга (Ирандагы шииттердин титулу) каршы согушка чакыруу бизге, кээ бирөөлөр үчүн, зордук-зомбулук саясий исламдын күчтөрүн талкалоонун бирден-бир чыныгы жолу экендигин эске салууга тийиш. Батышта радикалдык жихадчыл ислам менен согушчан күчтөрдүн ортосундагы тирешүүнүн күчөп бара жаткандыгы акырындык менен мамиле ийгиликке жетиши мүмкүнбү деген суроону туудурат. Биз ушундай болот деп гана үмүттөнө алабыз. Албетте, диндин атына жасалган зомбулук чечүүчү жол эмес.

# 12-БАП

## Исламдын атынан жасалган зордук-зомбулук: келип чыгышы, өнүгүшү жана келечектеги өзгөрүүлөрү

Амр Абдалла

ТЕМА: Бүгүнкү күндө таза жана белгилүү өткөн күндөрдү калыбына келтирүү каалоосу мусулмандарга гана таандык болгон деп билими тайкы же Батыш өлкөлөрү жөнүндө билими жоктор айтышат. Билим берүүдөгү жетишкендиктердин деңгээли радикал согушкерлердин орточо же жогорку фактору болуп саналат. Борбордук бийлик алсыраган Жакынкы Чыгыштагы ар бир мамлекетте бийлик үчүн болгон айыгышкан күрөштөр динге байланыштуу болгон. Акыйкаттыкты жана тынчтыкты жайылтуу үчүн өкмөттөр мыйзамдын үстөмдүгүн колдонуп, аскердик күчтү так белгиленген согушчандарга каршы гана колдонушу керек эле. Саясий лидерлер күч колдонбостон, мусулман элдерине жасалган адилетсиздикти оңдоону талап кылышкан.Ал эми педагогдор цивилизация дагы империя болушу керек деген ойду четке кагышы керек болгон. Билим берүү түрмөлөрдө дагы жүргүзүлгөн.

1978-1986-жылдар аралыгындагы Каирде мамлекеттик айыптоочу болуп иштеген тажрыйбам, бүткүл дүйнөдө жашап жаткан согушчандардын жихадын түшүндүрүүгө жардам берген диний элементтер жөнүндө бир аз түшүнүк берди. Бүгүнкү зомбулуктун идеологиялык булагын, ушул идеологиянын жайылышына мүмкүнчүлүк түзгөн реалполитикалык күчтөр менен бирге сүрөттөөгө аракет кылам. Акыйкаттык менен тынчтыкка умтулууга негиз болгон бул идеологияга жооп кайтаруунун айрым жолдорун сунуш кылуу менен билдирүүмдү аяктайм.

**Идеологиялык өлчөм**

Бүгүнкү согушчандардын жихадизми "Кантип жаңылып калдык?" деген суроого жооп болуп эсептелинет. Алты жүз жыл аралыгында ислам дини цивилизацияда да, империяда да күчтүү жана жеңишке ээ болгон деп мусулмандар ишенишкен. (Цивилизация менен империя теңдештирилген, – деп, мен өзүмдүн корутундумда ката кетирдим). Согушкерлер ошол баштарынан өткөргөн даңазалуу күндөрүн калыбына келтирүүнү талап кылышууда. Ислам коомчулугунун алгачкы мезгилдеринде күчтүү душмандарды жеңген аскердик жеңиштин тарыхы бүгүнкү күндө да күчтүү мурас бойдон калууда. Аллахтын каалоосу менен, Мекке пайгамбары Мухаммад аялы Хадижа жана бир нече достору тарабынан гана колдоого алынып, Кудайдын жалгыздыгына жана Анын мээримине ыйман келтирбеген Курайш уруусун жеңген. Пайгамбарыбыз Мединага баш калкалагандан бери, Арабия жарым аралындагы урууларга берилгендик жана биримдик аркылуу биригүүгө жетишти. Ал алардын рухий жана убактылуу башкаруучусу болуп калган. Ал өлгөндөн кийин элүү жылдын ичинде пайгамбарыбыздын жолдоочулары улуу Византия жана Персия империяларынын провинцияларын өздөрүнүн адилеттүү өкмөтүнө баш ийдиришти. Убакыттын өтүшү менен Мухаммеддин билдирүүсүнө жана жашоосуна шыктанган цивилизация дүйнөнүн белгилүү үчтөн эки бөлүгүн камтыган Испаниядан Индияга чейин созулган. Албетте, кылымдар бою ислам башкаруусунда чыр-чатактар жана ийгиликсиздиктер болгон жана бул олуттуу тарыхый изилдөөгө татыктуу тема. Моңголдор жана кресттүүлөр аларга каршы сокку урушкан. Ички чыр-чатактар ислам коомчулугун алсыратты. Европанын экономикалык кубаты аларга атаандаштык кылышып, акыры, улуттук баалуулуктар жана өнөр жай революциясы аркылуу, мусулман өлкөлөрүнөн ашып түшүштү. Египет коомун 1798-жылы Наполеон Бонапарт колго алып, алардын илимге жана башкарууга багынып бергенин көргөндө, буга араб жана бүткүл мусулман дүйнөсү таң калышты.

Мусулмандар Европада бир-эки кылым үстөмдүк кылган мезгилде, Батыштын чакырыгына жооп кайтаруу жөнүндө ойлонушту. Айрымдар бул учурда диндерин заманбап үлгүлөр-

гө ылайыкташтырууга аракет кылышкан. Башкалары исламдын алсыздыгы – Мухаммеддин жолдоочуларынын байыркы муундарынын таза тажрыйбасынан адашкандыктан келип чыкты деп ырасташты. Бүгүнкү күндө таза жана белгилүү өткөн күндөрдү калыбына келтирүү каалоосу билими тайкы же батыштык билимсиз мусулмандарга гана таандык деп ойлоо жаңылыштык болот. Менин Каирдеги айыптоочу катары тажрыйбам 1978-жылы ошол шаардын райондорунун биринде уурулар, киши өлтүргүчтөр жана зордукчулар менен иш алып баруу менен башталган. Ошол тармактын ар бир айыптоочусу айыпталуучулар сурак протоколун баш бармагынын изи менен белгилеши үчүн, столунда сыя кутуларын сактап турушкан.

Мамлекеттик коопсуздук, тынчылык жана терроризм менен күрөшкөн Улуттук коопсуздук прокуратурасына орношконумдан беш күн өткөндөн кийин президент Анвар Садат өлтүрүлдү. Кийинки беш жылды мен биринчи кезекте адам өлтүрүү жана ага байланыштуу кылмыштар үчүн жооптуу болгон Ислам Жихады уюмунун мүчөлөрүн тергөө менен өткөрдүм. Бул адамдар негизинен колледждин бүтүрүүчүлөрү, заманбап идеялардын негизинде калыптанган адамдар болуп чыгышты. Мага эч качан сыя кутучасын колдонуунун кажети жок болчу, анткени алардын бардыгы жакшы билим алышкан! Согушчан жана радикал эмес көпчүлүк мусулман жарандарынын билим деңгээли жогору эмес, ал эми жогорку билим деңгээли радикал согушкерлер арасында орточо же жогорку фактор экени аныкталды. Согушкерлер – акылсыз адамдар эмес. Аларды колдогон идеологиянын ички логикасы бар. Алардын оюнча даңазалуу ислам дининин белгилүү бир баяны алардын коомунун бузулгандыгын аныктайт. Адилеттүүлүк азыркы коомдогу коррупцияны жана алсыздыкты жоюу үчүн зордук-зомбулукту талап кылат.

Исламды калыбына келтирүү чакырыктарынын бири – бул жихад түшүнүгү. *Жихадды* Аллахтын эркине баш ийүү үчүн жеке жана ички күрөш катары түшүнсө жана үйрөнсө болот. *Жихадды* ошондой эле, Аллахтын буйругу менен, ыймандуулар жамаатын тышкы душмандардын кол астындагы эзүү жана жок кылуусунан коргоо үчүн зарыл болгон күрөш деп түшүнсө болот. Азыркы учурдагы согушчан жихад түшүнүгү мусулмандарды пайгамбары-

быздын номиналдык, бузулган жолдоочуларына, анын ичинде саясий режимдерге жана ошол режимдердин чет өлкөлүк мусулман эмес жактоочуларына жана адеп-ахлактык бузукулуктарга каршы өз милдеттерин аткарууга чакырат.

*Реалдуу саясат өлчөмү*

Эл аралык жана регионалдык кызыкчылыктар согушчан жихадизмдин ушул идеологиялык өлчөмү менен айкалышкан. Бул келишим 1979-жылдагы окуялар менен толук ачылып калды.

Биринчиден, Иранда Аятолла Хомейни жетектеген ийгиликтүү революция болгон, бул революция Батыш өлкөлөрүнө багытталган жана светтик көз караштагы Пехлеви режимин Иран ислам Республикасына алмаштырган. Андан кийин Египет менен Израилдин ортосундагы тынчтык келишими түзүлүп, ал Египетти араб мамлекеттеринин арасында лидерлик ролунан четтетип, Израиль мамлекетин жигердүү бойкотко чыгарып, ал мамлекетти алсыратууну көздөдү. Акыркысы, Советтер Союзунун Афганистанда кыйраган Коммунисттик өкмөттү колдоо үчүн жасаган чабуулу болуп саналат. Кийинчерээк Жакынкы Чыгыш элдеринин өкмөттөрүндөгү ушул үч өзгөрүүгө жооп кылып, жаңы күчтөр пайда боло баштаган. Ирандагы жаңы режим Батыш мамлекеттерине каршы маселелерди башка өлкөлөргө жайылтуу үчүн союздаштарды издеп, шииттердин исламдык байкоо жүргүзүүсүн талап кылды. Ирандын таасирине каршы туруу максатында, Иракта Саддам Хуссейндин светтик көз караштагы өкмөтүнүн аскерлери Ирандагы Шиа державасына каршы чыгышты. Натыйжада эки тарапта тең он жылдар бою кан төгүлүп турду. Египетте Израиль мамлекети менен тынчтык келишимин түзүүгө каршы болгондор жана Египеттин аскер күчтөрүнүн мамлекеттик саясаттынын үстөмдүгүнө жана исламга жат мыйзамдарды жана тажрыйбаларды колдонууга каршы болгондор жалпы иш алып барышты. Президент Анвар Садат өлтүрүлдү.

Афганистанда локалдаштырылган уруу армиялары Студенттер (*Талибан*) деген ысым алган идеологиялык жактан шыктанган топ менен биригишкен. Алар башка улуттагы согушкерлердин жихадчыларынын колдоосун алышты, айрыкча Египеттен Айман

аз-Завахири жана Сауд Аравиядан Усама бен Ладендин колдоосуна татыктуу болушту. Алар Афганистандагы советтик аскерлерге каршылык көрсөтүп, өзгөчө кеңейтилген Советтер Союзунун өкмөтүн алсыратуу убадасын бергендиктен, Америка Кошмо Штаттары жана Сауд Аравиянын өкмөттөрү Студенттерге колдоо көрсөтүштү. Совет Афганистандан чыгып кеткенден кийин дагы бир катар мобилизацияланган тажрыйбалуу согушкерлер Эл аралык *Жихад биримдигинин* курамында турушкан.

*Бүгүнкү күндөгү чындык*

Азыркы учурда Жакынкы Чыгыш мамлекеттери көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болууда. Калктын санынын ылдам өсүшү инфраструктурага, мектептерге жана жумушка орношууга тоскоолдук жаратуу менен бирге улуттук экономиканын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп жатат. Палестина калкынын талаптарын канааттандырбоо Араб-Израиль чатагынын улануусун сактап калууда. Телекоммуникациянын, анын ичинде интернеттин тынымсыз өнүгүшү үзүрлүү экономикалык иш-аракеттерди жүргүзүү жана иштеп жаткан саясий жана бизнес структураларын бузуу үчүн мүмкүнчүлүктү талап кылат. 2010-жылдын декабрь айында Тунистин борборунан баштап, андан кийин Египетте жайыла баштаган "Араб жазы" деп аталган элдик демократияга каршы наразычылык толкуну Тунистин президенти Бен Алини жана Египеттин президенти Хосни Мубаракты ондогон жылдар бою бийлик жүргүзгөндөн кийин кызматтан кетүүгө аргасыз кылышты. Йеменде, Бахрейнде, Ливияда жана Сирияда ушул сыяктуу көтөрүлүштөр туруктуулукка эмес, кандуу жана узак убакытка созулган жарандык согуштарга алып келди.

Борбордук бийликтин тутуму начарлаган ар бир мамлекеттеги бийлик үчүн болгон катуу күрөштө биз динге болгон кайрылуусун көрдүк. Бахрейнде калктын маргиналдашкан көпчүлүгүнүн мүчөлөрү укук коргоочулар менен биригишип, бийлик өкүм сүргөндө жумушсуз калышты, түрмөлөрдө отурушту жана кыйноолорго туш болушту, ошондой эле, алардын кээ бир мечиттери талкаланды. Иракта, шииттердин саясий лидерлеринин өкмөттө жана жеке армиялардын башында секулярдык Саддам Хуссейн режиминен кийин көтөрүлүшү, сунниттердин катуу реакциясын

жаратты. Түндүк Ирак жана Сириядагы өкмөттүк күчтөргө каршы Багдадда жана Дамаскта жайгашкан аскердик жана каржылык жактан компетенттүү Сирия жана Леванта ислам мамлекети (ИГИЛ) мусулман эмес калкты терроризмге түртүп жатат.

*Үмүт элеси*

Жакынкы Чыгыштагы баш аламандыкка жана жихаддык топтордун куралдуу күчтөрүнүн күчөшүнө карабастан, ар дайым үмүттөнүүгө негиз бар. Акыйкаттыкты жана тынчтыкты орнотуу үчүн кадамдар жасалышы мүмкүн. Өкмөттөр ислам дининин атын атаган радикалдуу согушчандарды өзгөртүүгө салым кошо алышат. Өкмөт террористтик актыларды жасады деп шектелгендерге карата мыйзамдуулукту колдонушу керек, аскердик күчтү колдонуу так аныкталган согушчандарга каршы болуп, аскердик аракеттердин натыйжасында жарандардын курмандыктары үчүн жоопкерчиликти сезип, аларга аяр мамиле кылышы керек. Өкмөттөр кыйноолор сыяктуу экстралегалдык тажрыйбалардан алыс болушу керек. Өкмөттөр сейрек жана көз карандысыз коомдук массалык маалымат каражаттарынын жардамы менен мыйзамдуу аракеттерди жана аскердик иш-аракеттерди так жана ачык чагылдырышы керек.

Саясий лидерлер зомбулуксуз ыкмаларды колдонуп, мусулман элдерине жана башка улуттарга келтирилген зыяндарды оңдоону талап кылышы шарт. Саясий лидерлер адилетсиздикке жол бербеши керек. Алар Батыштын кош стандарттарын ашкерелеген ыкмаларды иштеп чыгып, бирок ошол эле учурда Батыш элдерин жана өкмөттөрүн ынандыргандай – адилеттүүлүк жана чынчылдык менен иш алып баруулары зарыл. Жалпыга маалымдоо каражаттары жана өкмөттүк эмес уюмдар плюрализмден жана исламдын негиздерине каршы улуттук өкмөттөрдүн кысымчылык тажрыйбаларына зомбулуксуз каршылык көрсөтүү маданиятын өнүктүрүүгө жардам бере алышат. Диний мекемелер бейөкмөт уюмдар жана өкмөттөр менен катар эле өткөн доордогу ислам дининин принциптерин жана баалуулуктарын биздин заманга ылайыкташтырышы талап кылынат. Куран окутуучулары чыр-чатак болгон учурда дагы толеранттуулукка жана тынчтыкта жанаша жашоого көңүл буруп, көңүл бурулбай калган аяттарды изилдөөгө жана

жайылтууга тийиш. Түшүндүрүү иштерин жүргүзүү – мыйзамдуу жооптор менен гана байланыштуу эмес. Эркек имам салттуу ролунан тышкары дагы билим берүү жана маалыматты жайылтуу жаатында дагы чыгармачыл иш алып баруусу зарыл.

Эски доктриналарды кайрадан карап чыгуу керектелет. Педагогдор цивилизация империя болушу мүмкүн деген башаламан идеяны четке кагышы зарыл. Аларда Батыш цивилизациясынын исламдык принциптерге шайкеш келген оң жактары чагылдырылышы керек. Алар исламдык негизде жыныстардын жана этникалык, расалык, диний жана улуттук топтордун ортосундагы теңдиктин принциптерин ырастай алышат. Алар көп түрдүүлүктү урматтоо сезимин өрчүтө алышат, ошол эле учурда исламдык прогрессивдүү иденттүүлүктү сактоого үндөшөт. Алар адамдарга исламдык деп жаңылышкан катаал салттуу ченемдерди жана тажрыйбаларды аныктоого жардам берүүчү механизмдерди иштеп чыгышы керек.

Экономикалык пландаштыруучулар Сингапур, Коста-Рика жана Малайзия сыяктуу коомдордун өнүгүүсүнүн ийгиликтүү моделдерин изилдеп, социалдык мобилдүүлүктү жогорулатууга мүмкүндүк берген саясатты иштеп чыгышы зарыл. Билим берүүнү пландаштыруучулар, анын ичинде диний мекемелерде жана өкмөттүк эмес уюмдарда, бардык билим берүү деңгээлдеринде, башка бардык топтор менен тынчтыкта жанаша жашоонун исламдык принциптерин баса белгилеши керек. Билим берүү түрмөлөрдө дагы жүргүзүлгөн. Президент Садатты өлтүргөндөн кийин, түрмөдө отурган Исламдык Жихаддын кээ бир лидерлери өздөрүнүн зомбулук доктринасы жөнүндө кээ бир илимдүү ислам аалымдары менен талашып башташты. Ошондой эле алар түрмөдөгү убактысын Куранды жана адабиятты кайра окуп чыгууга жумшашкан. Бул эркектер эң жогорку көрсөткүчкө ээ согушкерлер катары, Куранды тереңирээк үйрөнө башташкан. Алар Курандын улуу кайрымдуулук темалары жөнүндө түшүнүк беришип, жөн гана адамдар ортосунда мамиле кылуу, кеңеш алуу жана Аллахтын көз карашы боюнча тынчтык орнотуу түшүнүктөрүн бөлүп карашып, аларды жарыялай башташкан. Менин колумда ошол жазуулардын айрымдары бар жана аларды мүмкүн болушунча кеңири жайылтууга аракеттенем. Мурунку зордукчул согушкерлер эми ради-

калдаштыруу семинарлары аркылуу түрмөдөгү 20000ден ашуун жаш согушчандарга маалымат жайылтууга мүмкүнчүлүк алышты. Менде  аталган аракеттердин кайсынысы болбосун, тайманбастык менен исламдын атынан бүгүнкү зордук-зомбулук коркунучуна каршы туруууга үмүтүм  бар.

Видеого шилтеме:

https://www.youtube.com/channel/UCUBbjn5UyjPhiNkZHeRHscw

## Жакынкы Чыгыштагы радикалдуу согушчандардын өзгөрүүсүнө карай мамилелер

| Ыкмалар | Муну ким жасайт? |
|---|---|
| **Диний ыкмалар** | |
| Диний жоромолдорду мыйзамдуу түрдө кеңейтүү керек. Чыр-чатак болгон учурларда дагы толеранттуулукту жана тынчтыкты сактоо менен “кароосуз калган” аяттарды изилдеп, жайылтуу. | Диний мекемелер, өкмөттүк эмес уюмдар жана өкмөт |
| Заманбап жана исламга негизделген чыр-чатактарды жөнгө салуу процесстери учурунда зордук-зомбулукка жол бербөөнү жана талаш-тартыштарды чечүүнүн тынчтык ыкмаларын белгилешет. | |
| Эркек имамдын салттуу диний ролунан тышкары билим берүү жана маалымат жайылтуу боюнча чыгармачыл мамилелерин иштеп чыгуу. | |
| “Шейиттердин” принциптерин жана баалуулуктарын заманбап учурга ылайыкташтыруу. | |

| Ыкмалар | Муну ким жасайт? |
| --- | --- |
| Прогрессивдүү ислам биримдигин сактоого үндөө менен, ар түрдүүлүктү урматтоого өбөлгө түзүү. | Диний мекемелер, өкмөттүк эмес уюмдар жана өкмөт |
| Батыш цивилизациясынын ислам принциптерине шайкеш келген оң жактарын белгилөө. | |
| Исламдык негизде гендердик жана этникалык / расалык, диний жана улуттук топтордун ортосундагы теңдиктин принциптерин бекемдөө. | |
| Адамдар исламдык деп жаңылышкан катаал эзүүчү салттуу ченемдерди жана тажрыйбаларды аныктоого жардам берүүчү механизмдерди иштеп чыгуу. | |
| **Саясий ыкмалар** | |
| Мусулман элдерине жана башка улуттарга келтирилген адилетсиздикти күч колдонбостон, оңдоо керек. Акыйкатсыздык менен компромисске барбоо. | Өкмөт жана өкмөттүк эмес уюмдар |
| Батыштагы өкмөттөрдү жана элдерди ынандырган жол менен тышкы саясаттын кош стандарттарын ачыкка чыгаруу ыкмаларын иштеп чыгуу, алардын адилеттүүлүк жана акыйкаттык сезимине кайрылуу. | Өкмөт жана өкмөттүк эмес уюмдар |

| Ыкмалар | Муну ким жасайт? |
| --- | --- |
| Өкмөттүн эзүүчүлүк тажрыйбасында зомбулуксуз маданиятты өркүндөтүү. Негизги ислам принциптери катары плюрализмди талап кылуу. | Өкмөттүк эмес уюмдар жана массалык маалымат каражаттары |
| Мусулмандардын стереотиптүү сүрөттөрүн четке кагып, аларга карата болгон зомбулуктардын себептерин жана жүйөлөрүн чечүүнү талап кылууда. | Батыш өкмөттүк эмес уюмдары |
| **Өнүктүрүүчү ыкмалар** | |
| Жаңы өнүгүп келе жаткан коомдордо (Сингапур, Коста-Рика жана Малайзия өкмөттөрү) өнүгүүнүн ийгиликтүү моделдерин изилдеп, мобилдүүлүк жүргүзүү мүмкүн болгон саясатты иштеп чыгуу. | Өкмөт жана өкмөттүк эмес уюмдар |
| Билимдүүлүк деңгээлине карабай, башка бардык топтор менен тынчтыкта жанаша жашоонун исламдык принциптерин баса белгилөө. | Диний мекемелер, өкмөттүк эмес уюмдар жана өкмөт |

<table>
<tr><th>Ыкмалар</th><th>Муну ким жасайт?</th></tr>
<tr><td colspan="2">Укуктук жана аскердик ыкмалар</td></tr>
<tr><td>Террористтик актыларды жасады деп шектелгендерге карата мыйзамдуулукту колдонуу.</td><td rowspan="3">Өкмөт</td></tr>
<tr><td>Кыйноолор сыяктуу мыйзамдан тыш тажрыйбалардан алыс болуу</td></tr>
<tr><td>Согушчандардын белгилерине каршы аскердик күч колдонуу.</td></tr>
<tr><td>Аскер иш-аракеттеринин натыйжасында болгон жарандар арасындагы жоготууларга жоопкерчиликти сезип, аларга аяр мамиле жасоо.</td><td>Өкмөт</td></tr>
<tr><td>Мыйзамдуу аракеттердин жана аскердик операциялардын кымбат жана чынчыл, ачык экендигин камсыз кылуу.</td><td>Өкмөт жана массалык маалымат каражаттары</td></tr>
</table>

## Жакынкы Чыгыштагы радикализмге жана согушчандыкка көмөктөшкөн факторлор

| **Диний факторлор** | | |
|---|---|---|
| Бүгүнкү күндө кайталана турган даңазалуу мусулман тарыхынын образы | Жогору | Жогору |

| | | |
|---|---|---|
| Ислам булактарынын тексттик дихотомиялык чечмелөөлөрү | Төмөн | Жогору |
| Жашоонун образы катары исламга болгон берилгендик; күн сайын беш убак намаз жана Рамазан орозосу сыяктуу диний парздарды аткаруу | Жогору | Жогору |
| Мусулман эместерге болгон жек көрүүчүлүк | Төмөн | Жогору |
| **Маданий факторлор** | | |
| Батыштын жашоо образынын айрым аспектилерин колдобоо | Орто | Жогору |
| Батыштын жашоо образын кабыл алган мусулсандарга таарыныч | Орто | Жогору |
| Мусулмандардын өтө мыйзамдуу жана консервативдүү жашоо образын кабыл алуу | Төмөн | Жогору |
| **Саясий факторлор** | | |
| Адилетсиздиктин жайылышы жана мусулман дүйнөсүн чет мамлекеттер, айрыкча Палестина өкмөттөрү бузуп жаткандыгы | Жогору | Жогору |
| Батыштын тышкы саясатынын стандарттары | Жогору | Жогору |

| | | |
|---|---|---|
| Улуттук өкмөттүн исламдык эмес өкмөттөргө карата нааразычылыгы | Төмөн | Жогору |
| Коррупциялык жана автократтык маселелерге улуттук өкмөттүн нааразычылыгы | Жогору | Жогору |
| **Өнүктүрүүчү факторлор** | | |
| Салыштырмалуу ажыратуу сезими (жакырчылык жана көтөрүлгөн үмүт менен бирге) | Төмөн/орто | Жогору |
| Шаардык мыйзамсыз топторго мүчөлүгү | Орто | Жогору |
| Жогорку билим деңгээли | Төмөн | Орто/жогору |
| **Жеке факторлор** | | |
| Девианс / аномияга умтулуунун рекорду | Төмөн | Төмөн |
| Саясий жана социалдык согушка каршы теңтуштардын таасирине кабыл болуу | Төмөн | Жогору |
| Такталбаган психологиялык/жеке факторлор | Ар түрдүү | Ар түрдүү |
| Улуттук өкмөттүн башка “душмандарына” жеке нааразычылыгы | Жогору | Жогору |

Бул эки таблица тең: Амр Абдалла тарабынан 2004-түзүлгөн. (2014-ж. жаңыртылган)

# 13-БАП

## Африкалык улутчулдук жана анын диндер аралык мамилелерге тийгизген таасири

Сулайман С. Нянг

ТЕМА: Таха Жабир аль-Альванинин “мен Адам ата менен Обо эненин баласымын” деген талабын жана анын диндер аралык диалогго даярдыгын, Мурунку Гамбиялык дипломат Муса өз элин Африкадан алып чыкканын, Иса наристе кезинде Африкада качкын болгонун жана Мухаммеддин шакирттерин Эфиопиядагы христиандар тосуп алгандыгын чагылдырат. Ньерере, Нкрума жана Сенгхор сыяктуу колониядан кийинки ийгиликтүү Африка мамлекетинин куруучулары адамдарды урууга же динге ылайык мобилизациялоо аракеттерине каршы турушкан. Нигерияда Боко Харамдын жана Сомалиде аш-Шабабдын күч алышы – Африка тарыхындагы жаңы окуялар болуп саналат. Азыркы коом алардын эски тексттерин изилдеп жана терең тарыхын билиши керек.

Бул жашоо – өтө кыска жана азыр сиз тирүүлөр менен өлгөндөрдүн ортосундагы демаркациялык сызыкка өтө жакын келген адамдын сөздөрүн окуп жатасыз. Тооратты окуганда сиз Жаңы Келишимди жана Куранды окуйсуз, өлүмдү түшүнүүгө аракет кыласыз. Доктор Таха аль-Альвани муну жакшы билген. Ал белгилүү адам болгон жана мен аны менен көп көз ирмемдерди бирге өткөрдүм. Ал Лисбургдагы (Вирджиния) Ислам жана Коомдук Илимдер мектебинде иштеп жаткан кезде мен биринчилерден болуп анын студенттерине даректи айткан элем. Анын ою боюнча Кудай анын качан бул дүйнө менен кош айтышарын чечет. Ал мындай чечим кабыл алганга чейин мен өзүм кетип калсам болмок, анткени Кудайдын мындай чечими үчүн бир себеп керек.

Качан бизден Африканын контекстиндеги диндер аралык сүйлөшүүлөр жана колониалдык жана колониядан кийинки сүйлөшүүлөр диндер аралык диалогго кандай салым кошкону жөнүн-

дө сурай баштаганда, мен муну кетүү пункту катары кабыл алам, анткени, доктор аль-Альвани – Жакынкы Чыгыштан Америкага келген күчтүү интеллектуалдардын бири болгон. Биз АКШдагы мусулмандар жөнүндө иликтөө жүргүзө баштаганда, Джон Эспозито борборду жетектеп турган, ал эми мен бул долбоордун биргелешкен директору болуп иштеп, "Рев" кайрымдуулук фондунан акча алдык, мындан сырткары алар жүйүттөргө, христиандарга, афроамерикалык жана евангелист христиандарына, Латиносторго жана башкаларга акча беришти.[1] Доктор Альвани бул китептин негизги бөлүгүн жазган.[2] Ал мусулмандар менен Американын тажрыйбасынын ортосундагы диалогду түшүндүрүүгө аракет кылды. Бул азыркы учурда ал калтырган классикалык окуялардын бири болуп саналат. Ошентип, бүгүнкү күндө качан биз анын ысмын белгилеп же Африкадагы мусулман-христиан диалогу жөнүндө сүйлөшкөнүбүздө, кетүү үчүн абдан маанилүү жагдай бар экендигин эске салабыз.

Колониялык жана колониядан кийинки Африка контекстинде диндер аралык диалог жөнүндө сөз кылганда, сиз Африка өлкөсүнө кайтып барышыңыз керек, мен муну өз жашоомдо "менин досум" деп атагам. Африка континентин Ибрахимдин баяндарынын театры катары карасак, анда биз үчүн адам катары өтө кызыгуу жол болуп калат. Эгер сиз еврей, христиан же мусулман болсоңуз, анда сиз аны андай көрө албайсыз, бирок ушул үч диндин ортосундагы мамиле Африка континентине бири-бири менен тыгыз байланган. Эгер сиз жүйүт болсоңуз, анда сизде жыл сайын Седер майрамы болот. Адам ата менен Обо эне окуясына кайтып келесиз, жана сиз доктор аль-Альванинин : "Мен Адам ата менен Обо эненин баласымын", – дегенин уккансыз. Бул окуяны баарыбыз кабыл алабыз. Ошентип, африкалыктар үчүн айтылган: Тооратка кайтып келмейинче, сен жүйүт боло албайсың жана өз элин Африкадан алып чыккан Мусага кайтып барышың керек деген метафораны колдойм. Алар өздөрүн Египеттен чыкканбыз деп айтышат, бирок Египет Африканын бир бөлүгү болуп саналат. Ошентип, сиз баяндоонун канчалык маанилүү экендигин байкайсыз. Африка жана диндер аралык сүйлөшүүлөр жөнүндө сөз кылганда, биздин Африкадагы драмабыздын башталышын көрө аласыз.

Качан сиз христианчылык жөнүндө сөз кылганда – мен муну ар дайым христиандарга айтып келгендей – Иса пайгамбар Африкада качкын болгонун билесиз. Ал Африкага ымыркай кезинде, качкын катары келген. Эгер биз сүйлөшүүлөр жөнүндө айта турган болсок, анда Африкадагы сүйлөшүүлөр ал качкын болуп келгенден кийин башталганын билебиз. Азыркы учурда бизде Европада качып жүргөн сириялыктар бар, мен Африка жана диндер аралык диалогду изилдеп жаткан айрым студенттериме: "Иса пайгамбар айкаш жыгачта турганда, ал арамей тилинде сүйлөгөн жана азыркы учурда Сирияда арамей тилинде кыйынчылыктар болуп жатат", – деп айтам. Ошентип, сиз диндер аралык диалогдун канчалык деңгээлде маанилүү экендигин карап көргөндө, биз адамзат адам сыяктуу чогуу жашоону үйрөнө аларыбызды билишибиз керек. Африка өлкөсүнө кайтып барганыңызда, Африка континенти еврей, христиан жана мусулман элдери үчүн жана Мухаммед пайгамбар үчүн таштап кетүүгө муктаж жер катары кандайча кызмат кылгандыгын көрө аласыз. Ошондуктан, диндер аралык диалог жүргүзгөн бул диндердин бардыгы качкындар көйгөйүнө туш болушат. Пайгамбар жана качкындар жөнүндө баян угушат. Мухаммеддин шакирттеринин Эфиопияга барышы жана алардын христиандар тарабынан кабыл алынышы – качкындар баяны болуп саналат. Ошентип, диндер аралык диалог жөнүндө сөз кылганда, сиз качкындар кубулушуна жана качкындар феномени кандайча акырындык менен ар кандай мазмундуу диалогдун негизин түзө баштары керектигине көңүл бурушуңуз керек. Биз азыр Германияга жана Европага кеткен көпчүлүк сириялыктардын качкын болуу кандай экендиги жөнүндө айткандарын окуп жатабыз. Алар Сириядагы позицияларында ушунчалык коопсуз болушкан жана азыркы учурда ассимиляцияга аргасыз макул болуп жатышат.

Ошентип, Африка өлкөлөрүнө көз чаптырганда, качкындар жана мега-кубулуштар сиздин теологиялык, тарыхый жана социологиялык баяндарыңызда кандайча сизди ээрчип баратканын көрө аласыз. Эми Африкага кайтып барсак. Бүгүнкү күндө Африкадагы кырдаалга көз чаптырсаңыз, африкалык улутчулдуктун диндер аралык диалогго тийгизген таасири көптөгөн африкалык лидерлерге кандайча айкын болуп калгандыгын байкайсыз. Католиктердин лидери болгон Ганалык Кваме Нкруманы карасаңыз, ал

Африкадагы диндер аралык диалогго кошулган. Нкрума Гананын лидери болгондон кийин, эгер сиз ганалыктарды этникалык урууулар боюнча бөлүп-жарууга жол берсеңиз, анда аларды эч качан бириктирбей тургандыгыңызды түшүнгөн. Эгер сиз алардын протестанттар же католиктер катары уюмдашып кетишине жол берсеңиз, анда сизде көйгөй пайда болот. Ошондуктан, ал өзүн "деноминациялуу эмес" христиан деп атаган. Нкрума башка адамдар менен бир аз кыйынчылыктарга туш болгон, бирок диндер аралык диалогду көргөндө, Ганадагы бардык адамдар менен тил табышууга аракет кылган. Сенегалдык Ибрагим Иньяс (ошондой эле Ниас) Кваме Нкрумага абдан жакын болгон. Ал Сенегалда абдан белгилүү болгон. Сенегалда Сенгор менен кандайдыр бир көйгөйлөргө туш болушу мүмкүн эле, бирок Ибрагим Иньяс Кваме Нкрума менен тил табышып кетти. Кваме Нкрума ага африкалык биримдик үчүн Африканы түзө турган болсоң, анда этностук, расалык же башка бөлүнүүчүлүккө өтө кылдаттык менен мамиле кылышы керектигин ачык айтты. Кваме Нкрума эгерде сиз улутчулдуктун жаңы түрүн түзө турган болсоңуз, анда сизге жаңы этика жана бардык адамдар менен мамиленин жаңы ыкмасы керек экендигин түшүндүрдү. Ганадагы Кваме Нкруманын "Көңүл буруу"(*Consciencism*)[3] деп аталган китебин жазуу себептеринин бири ушул болгон. "Көңүл буруу" китеби – адамдар арасында кантип баарлашуу керектигин түшүндүргөн колдонмо болуп калды.

Ошентип, африкалык улутчулдукка жана анын диндер аралык диалогго тийгизген таасирине көз чаптырганда, африкалык тарбиячылар кантип адамдардын ортосунда биримдик түзүүгө болот экендигин изилдешкендигин, ал үчүн алар өз тарыхына жана Жазмаларына кайрылуусу зарылдыгын айтышат. Мына ушул жерде Адамит метафорасы пайда болот. Өздөрүн колониализмге каршы уюштуруп жатышкан бул африкалык топторго жардам берүүчү бир нерсе – бул алардын Адам атанын балдары экендигин жана алардын адамгерчилигин таануу болуп эсептелинет. Бүгүн мен, жаш балдарга, америкалыктарга мындай деп айтам: "Сизге ДНК катуу таасир этет, андыктан сиз Адам атабызга кайрылуу менен арабыздагы биримдиктин негизин көрө аласыз. Бүгүнкү күндө ДНК аркылуу сиз илим менен бирдиктүү экениңизди табууга аракет кылып жатасыз, анткени силер STEMдин: илим, технология,

инженерия жана математиканын туткунусуңар. Ошентип, баяндоолорду ушундайча аныктайсыңар. Ким болбосун мүмкүн алар христианбы, жөөттөрбү же мусулмандарбы, баары бир алардын бардыгы Адам ата менен Обо эненин ролун аркалап жатышат. Муну алар өзүлөрүнүн жүрүм-туруму менен көрсөтүп жатышат. Африканын улуттук окуясы жана анын диндер аралык диалогго тийгизген таасири жөнүндө сөз кылганда, Кваме Нкрума, Хулиус Ньерере (Танзания) жана Леопольд Сенгор (Сенегал) сыяктуу африкалык лидерлердин бардыгы католик болгонун көрөбүз. Африка ой-пикирине чоң таасир тийгизген бул африкалык интеллектуалдардын үчөөсү тең католиктер болгон. Алар бизди эң мыкты лидерлер менен камсыз кылышты; тилекке каршы бизде Мобуту (Заир) жана башкалар бар. Мына ушул эки окуядан мураска калган дилемма – бул сизде эң мыкты жана эң начар католик лидерлеринин болушу. Ошентип, убакыттын өтүшү менен биз алар кантип ушул түшүнүктөрдү кабыл алышканын жана кантип өз ара диалогго барышарын биле баштайбыз. Диалог жөнүндө сөз кылганда, диндер аралык диалог – өтө маанилүү багыт экендигин билебиз. Америка Кошмо Штаттарында диндер аралык диалог менен өткөргөн күндөрдө бир нерсени билдим: биз диндерибизди жоготуу үчүн эмес, жакындашуу жана айырмачылыктар боюнча кеңейүү үчүн диалог жүргүзөбүз.

Конвергенция жана дивергенция чекиттерин кеңейтүү жана жакындаштыруу – абдан маанилүү аспектер болуп саналат. Бул метафора африкалык контекстте абдан күчтүү болуп калды, анткени африкалык лидерлерге көз чаптырганда, алар өз элдерин бириктирүү үчүн сүйлөшүүлөр керектигин билишет. Кваме Нкрума, Леопольд Сенгор жана Юлий Ньерере сыяктуу адамдардын диалогду жайылтууда элдердин расалык багытта бөлүнүп-жарылып кетпешине кам көрүү керектигин түшүнүүнүн бирден-бир себеби ушул. Кваме Нкрума Түштүк Африкадан чыгарылган көптөгөн жүйүттөрдү өз жеринде кабыл алган. Бул Гана окуясынын бир бөлүгү. Ганада көптөгөн Түштүк Африкадан келген качкындар бар, алардын бири Зимбабведен келген Мугабе (Зимбабвенин акыркы премьер-министри) болгон. Алардын көпчүлүгүн Ганада кабыл алышкан жана кийинчерээк алардын кээ бирлери жакшы ийгиликке жетишишип, өз өлкөсүнө кайтышкан. Мам-

лекет жана улуттар ортосунда өз ара көпүрөлөрдү курууга аракет кылган саясатчылар эми диний маселелерди кандайча чечүү керектиги жөнүндөгү дагы бир окуяны жаратууда. Марксизмге ыктаганы үчүн Кваме Нкрумага окшогон адамдар сот жообуна тартылышкан, бирок алар ар башка диндердеги адамдар менен мамиле түзүүгө туура келгенин түшүнгөн. Мисалы, Ганадагы жана Африканын бардык бурчтарынан келген мусулмандар менен иш алып барышы керек болчу. Африкадагы колонизациядан чыгуу кыймылын карасак, лидерлер ортосунда диндер аралык диалог кандайча өнүгө баштаганын көрө алабыз. Менин кичинекей Гамбиядагы тажрыйбамдан улам, көз карандысыздыкка келген айрым саясатчылар коомду диний багытта уюмдаштырууга аракет кыла башташты. Бирок, бул натыйжалуу болгон жок, анткени алардын айрымдары динди – өлкөнү бөлүүнүн жолу катары таанытууну каалашты. Акыры, көптөгөн саясатчыларга адамдардын ортосунда диалог жүргүзүү керектиги айкын болду. Эгер Нигерияга сапар тартсаңыз, анда ал жактан кээ бир америкалык социологдордун бул ааламга кандай көз караш менен караарын жана бул ааламда христиандар менен мусулмандар дээрлик бирдей деңгээлде бөлүнөөрүн көрө аласыз. Ошондуктан, америкалык социологдордун бири "маданияттын гегемониясы" жөнүндө сөз кылат, анда адамдар этникалык жана диний багыт боюнча эмес, жөн гана маданий өзгөчөлүктөрүнө карай бөлүнүшөт. Христиан, мусулман жана салттуу дин жактоочуларын маданият бириктирип турат. Бул ааламдын диндер аралык диалогун өнүктүрүүдө абдан маанилүү жана ал маданий иш-чараларда көрүнүп турат. Мисалы, алардын үйлөнүү тойлоруна барсаң, бардыгы чогулуп калышат. Бул баян – ар кандай диний чөйрөдөгү адамдардын ортосунда жалпы маданиятты түзгөн көпүрөлөрдү куруу үчүн абдан маанилүү болуп эсептелинет. Гамбияга барсаңыз, ошол эле көрүнүшкө күбө болосуз. Коомдук Телерадиоберүү системасында "Африкалыктар: Үч Эселенген Мурас"[4] сериалын жараткан Али Мазруи Африка коомчулугундагы диндерди түшүндүрүүгө аракет кылган. Качан ал Сенегалга келгенде Леопольд Сенгор католик болгон. Ал азчылык жамаатына таандык болсо дагы, Сенегалды жыйырма жыл башкарып турган. Бул кандайча болушу мүмкүн? Бул, албетте маданияттын таасири. Алар өзүлөрүн динге карап бөлүшкөн эмес.

Алар менен сиздин ортонуздарда жалпы маданият бар болгондуктан, алар сиз менен сүйлөшүүгө мажбур болушкан. Диалог үчүн маданияттын мааниси чоң, анткени сиз ал аркылуу диалогду үйрөнө баштайсыз.

Эми АКШга көз чаптырсак, акыркы убактарга чейин бул жерге келген мусулмандар Американын коммунизмге каршы согушунун курмандыктары болгондугун байкайсыз. Мен аларды Кансыз согуштун балдары деп атайм. Американын тарыхында мусулмандар четке кагылбагандыгынын бир себеби ушул. 1986-жылы Рейган Горбачевго жолугушканы Рейкьявикке барганда, ал: “Мен чиркөөлөр, синагогалар жана мечиттер бар өлкөдөн келдим” деп айтканынын да себеби ушунда, мунун видеосун азыр дагы көрө аласыз. Бирок, чындыгында, эгер сиз тарыхты диндер аралык диалог аркылуу карасаңыз, анда саясатчыларды жана алардын кылган иштерин түшүнүшө аласыз. Алар эмнеге көңүл бурушкан? Андан сиз диний лидерлердин диалогго кандайча кызыгып башташкандыгын көрө аласыз.

Америкадагы же башка мусулмандар дуйнөсүндөгү диндер аралык диалогду жамааттар – ар кандай чиркөөлөр, синагогалар жана мечиттер аркылуу сүйлөшүүлөр жүргүзүү жолу менен кароого келгенде – сиз бир топ маселелерге көңүл бурушуңуз керек. Теориялык жактан алганда, Доктор аль-Альвани мусулмандардын бул диалогго кандайча катышып жаткандыгына абдан тынчсызданган. Эгер сиз мусулман болсоңуз, Испаниядагы мусулмандардын тарыхы жөнүндө кабарыңыз бар. Арабдар европалыктарга караганда, Испанияда 711-жылдан 1492-жылга чейин жашашкан. Бул узак убакыт. Европалыктардын 1607-жылдан азыркы күнгө чейинки Джеймстаунга келгени арабдардын Испанияда жашаган жылдарынан дагы аз. Ошентип, мен диндер аралык сүйлөшүүлөр менен алектенген адамдарга айткым келген нерсе – силер Ооганстанда жана дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө түшүнүүгө аракет кылып жатасыңыр, бирок силер бир нерсени тан алууңуздар шарт, силер диндер аралык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жаткан мусулмандардын тынчсыздынган абалына күбө болгонуңуздарда, доктор эмне себептен Доктор аль-Альвани өмүрүнүн аягына чейин бул теманын үстүндө иштегенин көрө аласыз. Бул адамзаттын бар экендигинде жана бир планетада жашаганында. Мен

ким экенимди жана бул планетада кимдер менен бирге экендигимди кабыл алышым керек.

Мен сизге акыркы эки түшүнүк калтыргым келди. Сиз африкалык улутчулдукту жана анын диндер аралык диалогго тийгизген таасирин карап жатып, бүгүнкү күндөгү Африка өлкөлөрүн көрө аласыз, бул азыркы күндөгү Африка тарыхынын жаңы барагын болгон Нигериядагы Боко Харам жана Сомалидеги аш-Шабааб шаарчалары болуп саналат. Азыр бардык диндер аралык кыймылдар Африка өлкөлөрүндө: Сомалиде, Кенияда жана Борбордук Африкада олуттуу крезиске туш болушту. Ал тургай Борбордук Африкага барган Рим Папасы да ошол кризисти жеңүүгө аргасыз болгон. Буга чейин аларда мындай кризистер болгон эмес. Ал жерде элди бөлүп-жаруу үчүн динди колдонуп жаткан элементтер бар. Булар Афганистандагы кризистин, Жакынкы Чыгыштагы жана Сириядагы башаламандыктын натыйжасында пайда болгон экстремисттер болуп саналат. Ушул баяндарды, айрыкча Жакынкы Чыгыштагы окуяларды жана дүйнөдөгү диндин өзүн көрсөтө баштаган жолун карап көрсөк, Кансыз согуштун аякташы бул кризисти ар тараптан жараткандыгын көрө аласыз. Себеби, Америка Кошмо Штаттарындагы Ооганстандын коммунисттерге каршы күрөшүн колдогон адамдар, кийин Америкага каршы чыгышкан. Мунун кесепетине бүгүнкү күндө биз жооп берип жатабыз. Демек, диндер аралык диалог жөнүндө сөз кылганда, адамдар бири-бири менен кантип байланышууга аракет кылып, көпүрөлөрдү жаратканына көңүл буруш керек. Сиз Америка жергесинде диндер аралык диалогго барганыңызда, сиздин имамдар жана христиан дин кызматкерлери америкалыктардай болуп чогуу жашоону үйрөнүп, экстремисттердин басып алышына жол бербеши керек. Бул бүгүнкү күндө биз чече турган биринчи маселе.

Ал эми бүгүнкү күндөгү өтө орчундуу маселелердин экинчиси бул – ар бир улуттун адамдары өзүлөрүнүн тарыхына кайрылып, аларды изилдей албаса, анда алар башка улуттун адамдары менен иштеше албай тургандыгын эске алышы керек. Диндер аралык мамилеге көз чаптырганда, мейли ал Африкабы, же Америкабы, же башка өлкөбү, баары бир алардын баардыгы эбегейсиз чоң ийгиликтерге жетишкенин көрөбүз. Жакында эле Улуттук Чиркөөлөр Кеңеши бир катар окумуштууларды – еврей окумуштуу-

ларын, афроамерикалыктарды, айрымдары пуэрто-риколуктарды жана башкаларды чакырышты. Биз бардыгыбыз Санта-Фе шаарында (Нью-Мексико штаты) болуп, Колумбдун беш жүз жылдыгын жана диндер аралык диалогдун маанисин чечүүгө аракет кылдык. Ал жерде мусулман аалымдары бар болчу, мен бар болчумун, Кариб деңизинен келген дагы бир окумуштуу болуп, Колумбдан кийинки беш жүз жылдыкты көрүүгө аракет кылдык. Баарыбызда кандай өзгөрүүлөр болот? Кантип диндер аралык диалог үчүн көпүрөлөрдү кура алабыз?

Мен бүгүнкү күндө Америкада чындыгында эле диндер аралык кыймыл – жандуу деп айта алам. Доктор Таха жок болсо дагы, мунун тирүү күбөсү. Мен күбө болгондой, ал бул жөнүндө көптөгөн иштерди аткарды жана мен анын кылган иштерин күбөлөндүрө турган көптөгөн башка адамдарды билем.

Ошентип, бул баянды жыйынтыктайбыз. Үйгө кайтып, өзүбүзгө суроолорду бере баштайлы. Биз ийгиликке жетишип жатабызбы же алга жылбай жатабызбы? Айрым студенттер менден: “Доктор Нян, бизде Дональд Трамп бар, ал сиз үчүн эмнени билдирет?” – деп сурашты. Америка элин чоң көйгөй курчап турат. Эмне болоорун чечүүнү мен аларга тапшырам.

## ШИЛТЕМЕЛЕР


1. Захид Х. Бухари “Америка коомундагы мусулмандардын орду: Үмүттөр, Коркуу жана умтулуу” (Muslims’place in the American public square: hopes,fair and aspirations) Джон Эспозито, Сулайман С.Ньян, Таха Жабир аль-Альвани жана Мумтаз Ахмад тарабынан салым кошулган (Волнут Крик, CA: AltaMira басмаканасы, 2004)
2. Таха Жабир аль-Альвани, “Азчылык үчүн фикх: айрым негизги көз караштар” (Towards a fight for Minorities:Some reflections), Бухари, ж.б., 3-37-бб.
3. Кваме Нкрума, “Көңүл буруу”(Consciencism), (Нью-Йорк: Эл аралык басмаканадан,1980)
4. “Африкалыктар: Үч эселенген Мурас”(The africans: a triple heritage) китебинин негизинде сыйлыкка татыган, бирок талаштуу серия бойдон калууда (Little Brown жана Co. 1986);

# 14-БАП

## Африкадагы диндер аралык диалог жана башкаруу: Сулайман Нянгга жооп

Кваси Квакье-Нуако

Тема: Биз динди чиркөөгө, мечитке баруу жана ибадат кылууга айландырдык, бирок өлүм баарыбызга келерин кээде аңдабайбыз. Кээде уруулар арасында келишпестиктер болгондо, айрымдар мындан диний чыр-чатактарды көрүшөт. Диндин максаты – "Мен эмне үчүн бул жердемин?", "Мен эмне кылып жатам?" жана "Мен бул жерден кийин кайда барам?" – деген суроолордун жообун түшүндүрүү болуп саналат. Илгери африкалыктар чыр-чатактар тууралуу сүйөшүүлөр болгондо: "Мен чоң апамдан сурайын деп жатам" деп, акылдуу чечимдерди ойлоп табышкан. Мурда дүйнө жүзүндө колдонулуп келген чыр-чатактарды жөнгө салуу ыкмаларын кайрадан колдонушубуз керек.

Доктор Сулайман Нян Африкадагы постколониялык улутчулдук жана анын диндер аралык диалогго тийгизген таасири жөнүндө сонун баяндама жасады. Бул баянда мен христиан көз карашын сунуш кылам. Мен алдын ала бул түшүнүк христиан done алынган деп айтышым керек. Христиан чиркөөсүндө жана академияда кызмат кылуу мага жашап жаткан дүйнөбүздү жана бул дүйнөнү кантип жакшыраак кыла аларыбызды ойлонууга жардам берет. Кээде төш белгилерди тагынып жүргөндө, төш белгилерди өзүбүзгө ылайыктуу кылып жасоонун ордуна, алардын таасири астында калабыз. Доктор Нянгдын биз менен бөлүшкөн маалыматтарын карап отуруп, мен үчүн улутчулдук дагы деле болсо тынымсыз жүрүп жаткандай сезилет. Африкада деколонизация жаңы формада башталды. "Башка улуттар бекер алган нерсе үчүн эмнеге африкалыктар, жада калса алардын ата-бабалары дагы ты-

нымсыз күрөшүп келишкен" деген жөнөкөй суроону өзүбүзгө беришибиз керек. Менин оюмча, Африкадагы миссиялар түшүнүгү ушул конструкциядан келип чыгат. Ошентип, африкалыктар жүргүзүп жаткан улутчулдук – бул болуп жаткан окуяга кандайдыр бир себеп бар же жогун билүү үчүн тереңирээк изилдеп көрүшүбүз керек болгон кызыктуу көрүнүш. Адамдар конструкцияны түзүп, аны иштетүүгө аракет кылышууда.

Эгерде болуп жаткан нерселерге тереңирээк токтолсок, Сулайман божомолдогон лидерлердин баардыгы болушунча аракет кылышты, бирок эмнегедир Африка дагы деле болсо башаламандыкта калууда. Эгерде биз бул континенттин христианчылык келгенден кийинки мезгилин карасак, анда ар кайсы өлкөлөрдөн келип, Африкада өз өлкөлөрүндө маанилүү деп эсептеген нерселерди жасабаган христиан миссионерлеринин ишин көрөбүз. Миссионерлер өз өлкөлөрүндө жыргап-куунап жашашкан, бирок качан алар африкалыктар менен чогуу жүргөндө, алардын жакшы жашашына жол беришкен эмес. Алардын бирикмелери, чиркөөлөрү жана парсонаждары жамааттан бөлүнүшкөн, бирок алар эл арасында жамаат куруп жатабыз деп ырасташты. Христиандардын адамдарга кызмат кылууга жардам берген мекемелери маданияттын бир бөлүгү деп эсептелген эмес, анткени алар адамдар кызыккан нерселерден четтетишкен. Миссионерлер жана жергиликтүү элиталар түзүлгөн коомдордун купуя позициясын коргоп, саясий көз карандысыздыкка жетүү жүрүшүн алардын кызыкчылыгына коркунуч деп эсептешти. Эркиндик үчүн күрөшкөндөр миссияны негиздеген христиандарды жана алардын лидерлерин африкалык деколонизация процессине каршы дегендери – таң калыштуу деле эмес. Ошентип, мектепке барып, англис тилин үйрөнүп, кээде француз тилин унутуп калуулары – аларды миссионерлердин алдында мыкты окумуштууга айландырды, бирок өз коому үчүн начар студент экендигин далилдешти.

Ушул нерселерди көрүп жатып, биз христианчылыктын бир түрү болгон Pentecostals - *элүүнчү же евангелиялык христиандар*, харизматика жана башкаларды камтыган, жаңы пайда болгон африкалык "христианчылыкты" түшүнө алабыз. Эмне болуп жатат? Филипп Дженкинс туура белгилегендей[1]: Африкалыктар өзүлөрүн ондогон жылдар бою христианмын деп эсептешкени менен, жана

бул континент христиан дининин жаңы бастиону болууга даяр экендигине карабастан, эмнеге алар бүгүнкү күндө ушунчалык катуу күрөшүп жатышат? Эмне үчүн адамдар сүйүүнү жана боорукердикти, боордоштукту жана курмандыкка барууну үйрөткөн динди кабыл алышканы менен, дагы деле жан багуу үчүн кыйналышат? Мен бул теманы которуп жаткандыгымдын себеби, Африкадагы чиркөөлөрдө окуган жана көргөн христианчылык жөнүндөгү маалыматтардын жардамы менен, адамзаттын көйгөйлөрүн чечүү жана бүткүл Африкада боштондукка чыгуунун жолдорун издөө болуп саналат. Кээде маалымат каражаттарынан уккан нерселерибизге ишенип, чындыгында эмне болуп жаткандыгын билбей туруп башыбызды оорутуп алабыз. Биз артка кайрылып, көргөндөрүбүздүн чегинен чыгып, өзүбүзгө суроолорду берип көрүшүбүз керек: “Эгерде ушул маселелер болуп жатса, андан жакшы нерселерди көрүү үчүн тереңирээк карап көрө алабызбы?”

Ошентип жүрүп, эмне болуп жатат? Биз колониализм жана анын таасири жөнүндө көп сүйлөштүк жана бул жөнүндө айтууда көп убакыт коротууга болот. Христианчылыктын Африкага тийгизген таасири чындап эле африкалыктардын өзүлөрүн кандай көрөрүнө таасирин тийгизди деп айтуу туура болот. Африкалык христианчылык жана африкалыктардын аларды боштондукка чыгаруу мүмкүнчүлүгү жөнүндө сөз кылганда өзүбүз талкуулап жаткан кооптуу кырдаалга себеп болгон башкаруу формаларынан баш тарта албайбыз. Биз анын идеологиялык негиздерин толук түшүнбөй туруп, Американын мисалында башкарууну калыптандырдык. Демек, Сулайман айткандай, ал жакта адамдар ишенимге карабастан, чогуу жашашат. Африка Сахарасына Батыш христиандары келгенге чейин, мусулмандар жана традиционалисттер чогуу жашашкан. Алар эч кыйынчылыксыз эле чогуу күн кечирип келишкен. Анда эмнеге Нигерияда Боко Харам менен карама-каршылыктар болуп жатат, эмне үчүн Чыгыш Африкада аш-Шабааб жана фундаменталисттердин чачыранды топтору чыр-чатактарды жаратууда?

Менин оюмча, биз бул чыр-чатактардын себептерин карашыбыз керек. Анын жарымы тышкы саясатка туура келет. Анын таасири тийген ар бир адам өз бутуна тура албайт деп божомол-

донот. Бирок америкалыктар үчүн пайдалуу нерселердин бардыгы африкалыктарга жакпашы мүмкүн. Мына ушунун бардыгы каалоолордун үрөнү. Доктор Нян Афганистанда болуп өткөн окуялар жөнүндө айтып берет. Усама бин Ладенди ким көтөргөн? Эгерде бүгүнкү африкалыктар менен чогуу жашаган христиандар, мусулмандар жана традиционалисттер сыяктуу улутчулдардын күрөшү жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда дүйнөнүн бардык бурчундагы башаламандыкка кошкон салымыбыз жөнүндө дагы ойлонушубуз керек. Эгер андай кылсак, анда аларда талкуулоого керектүү маселелер жана көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү кучагына алган маданият бар экендигин көрөбүз. Бирок чет өлкөдөн кысымдар болуп турса, мисалы Африканын өкмөтү Вашингтондун Эл аралык Валюта Фондусу тарабынан өз бюджеттерин бекитишсе же жумушка орношсо жана эмгек акыны сактоо боюнча ЭВФдин шарттары он беш адам тарабынан гана чечилсе, анда адамдарга пайда алып келүүчү мазмундуу христиан-мусулман диалогунан алыстап кетишет.

Дагы бир айта кетким келген нерсе, колониализмдин таасири астында Африка өкмөттөрү эгемендүүлүккө ээ болгондон бери алсырап калышты. Өкмөттөр күчтөнбөй жатат. Аскер, полиция жана башка күч түзүмдөрүн көзөмөлдөгөн мамлекет, кыйынчылык учурунда элге жардам бере албай жатат. Өкмөттөр алсырап турган кезде диний адамдар социалдык маселелерди жана диний мамилелерди чечүүгө аракет кылганда, баарлашуу диалогго караганда көбүрөөк монолог болуп калат. Эгерде биз чындап эле Африкадагы диндер аралык диалогго умтулсак, анда жашоонун ыйыктыгын жана көз карандысыздыкка жетүү үчүн болгон толеранттуулуктун бүтүндөй дүйнө таанымын кабыл алган африкалыктардын ички табиятын жандандырышыбыз керек.

Көз карандысыздык континентте түзүлгөнү менен, биз өзүбүздүн ким экенибизди билбей, Батыштан көчүрүп алганыбызга байланыштуу башаламандыктын лабиринтинде калдык. Мисалы, алардын канына сиңип калган харизматикага ылайык, алар эч кимди сыйлашпайт, анткени алар Библиянын адабий маанисин текебердик катары түшүнүп алышкан. Аларга христиан дининдеги чоң мааниге ээ маселелер боюнча негизги чиркөөлөр менен сүйлөшүү кыйынга турат. Ошентип, мындай христиандар башка

динди тутунган адамдар менен мамиле түзгөндө, көпчүлүк учурда монолог болуп саналат, анткени алар башкалардын ишенимин кабыл алышы үчүн Библияны адамдарга шилтеме кылып алышат. Бул диндер аралык диалог үчүн жакшы эмес.

Диндер аралык диалог ар башка дин өкүлдөрүн кабыл алууда өз ара сый-урматты талап кылат. Африка дүйнө таанымы адам баласын адам катары кабыл алат. Бул көз караштарды кайрадан өнүктүрүп-өрчүтүү керек. Менимче, биз жашоонун маанилүүлүгүн талкуулап, жашоону жаңыча карап чыгуубуз зарыл. Бул жашоо капитализмге эмес, *Убунтунун (Ubuntu)* негизинде биздин жашоого негизделген. Ошондой эле бизде болгон ар кандай диний ишенимдерди жана маанилүү маселелерди талкуулай алабыз. Бирок, тилекке каршы кээ бир адамдар өздөрүн курчап турган башка диндер жөнүндө өтө сабатсыз болушат.

Диний маселелерди жакшыртуу аракеттери көптөгөн Африка өлкөлөрүндө жасалууда. 2011-жылы Гана парламенти тынчтык кеңешин түзүү жөнүндө акт кабыл алган. Ганадагы католик кардиналы ага төрага болуп шайланган. Ахмадия Мусулман Кыймылынын башчысы жана Гананын башкы имамы башка христиан жана жарандык лидерлер менен бирге, бул Кеңеште кызмат өтөшкөн. Демек, өкмөт тарабынан диний лидерлерди тынчтык жөнүндө сүйлөшүүгө тартуу аракети жүрүп жаткандыгын, алар 2012-жылдагы жана андан кийинки шайлоолордун айланасындагы чыр-чатактардын алдын алышкандыгын көрө алабыз.[2] Мындай аракеттер Африканын башка жактарында да жасалууда. Бенинде христиандар менен мусулмандар биргеликте иш алып барган диндер аралык диалог жүрүп жатат. Ал жакта адамдар телефон аркылуу маанилүү маселелер жөнүндө сүйлөшкөн радиостанция бар. Аны имамдар жана дин кызматкерлери көзөмөлдөп, адамдардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүүдө.

Мындай нерселер биздин аракетибизди талап кылат. Дин биздин өнүгүүбүзгө тоскоол болбостон, тескерисинче бири-бирибизге кандайча жардам бере аларыбызды тереңирээк түшүндүрүп турат. Диндин максаты – сиз билгендей, жөн гана чиркөөгө баруу эмес. Диндин максаты – биздин бул жашоодогу ордубузду билүү, өзүбүзгө маанилүү суроолорду берүү жана аларга жооп издөө. Мен эмне үчүн бул жердемин? Мен эмне кылып жатам? Бул жер-

ден кийин мен кайда барам? Биз түзмө-түз динди чиркөөгө же мечитке баруу, ибадат кылуу менен байланыштырып, өзүбүзгө бере турган экзистенциалдык суроолорду жоготуп, жооп издөө милдетине айландырдык. Ушул көйгөйлөрдү тереңирээк изилдегенибизде, адамдарды токтото турган эч нерсе жок экендигин көрөбүз, анткени баарыбыз жашообузга бирдей таасир этүүчү суроолорду чечебиз.

Биз христиан, мусулман же жүйүт экендигибизге карабастан, өлүм бардыгыбызга бирдей келет. Кылмыштуулук биздин диний мурасыбызды сыйлабайт. Эгерде биз гумандуу коом үчүн иштөөгө олуттуу карашыбыз керек болсо, анда бизди адам кылган нерселерге жана жашообузда пайда таба алышыбыз үчүн, күнүмдүк суроолорго көңүл бурушубуз керек. Африкадагы чыр-чатактар азыр дагы уланууда. Айрымдар мындай көрүнүштөрдү диний чыр-чатактар деп эсептешсе, бирок эл аларды уруулук кагылышуу деп аташат. Менин бул жердеги максатым, мындай көз карашты жактагандар үчүн кечирим суроо эмес, тескерисинче алардын жакшы билиши жана мунун оңолбой тургандыгын сезишин түшүндүрүү болуп саналат.

Илгери адамдар отуруп, кеңешишип, “мен чоң апамдан сурайын деп жатам” деген ойду билдиришкен, чоң апа алардын суроолоруна ар дайым туура жооп берип, алар акылдуу чечимге келишкен. Биз буга чейин бүткүл континентте колдонулган диний жаңжалдарды чечүү ыкмаларын колдонуп, жашообузду жана континенттин жаркын келечегин өркүндөтө турган жолдор менен өз ара диалогго киришишибиз керек экендигин түшүндүк. Болбосо, чыр-чатактар менен башталган нерсе эч кимди көздөгөн максатына жеткирбесин билебиз.

## ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Филлип Дженкинс, “Христиан дүйнөсүнүн кийинки абалы: Глобалдык христианчылыктын келиши” (The next Christendom.The coming global Christianity), (Оксфорд Университетинин басмаканасы, 2011)
2. Уильям А. Авинадор-Канириге, “Гананын улуттук тынчтык кеңеши” (Chana’s national peace council) Коргоо жоопкерчилиги боюнча глобалдык борбор, кыскача саясий маалымат, август, 2014-жыл.

# 15-БАП

# Диндер аралык толеранттуулуктун Курандагы негизи

Абдулазиз Сачедина

ТЕМА: Таха Жабир аль-Альвани бизди башкаларды сүйүүгө жана аларга кам көрүүгө шыктандырган нерселерге көңүл буруууга үйрөттү. Исламда курулган фундаменталдык плюрализм бар. Куранды жана сүннөттү окуунун ар кандай жолдору бар. "Жакшылык кылууда бири-бириңер менен атаандашкыла" деген түшүнүк диний карама-каршылыктарды чечүүнүн теологиялык жолу жок экендигин билдирет. Кудай биз талашып жаткан маселелер боюнча бардык адамдарга кабарлаганда, биз Кудайдын эсептешүүсүн күтөбүз. Бул арада бизде саясий бийликти жүзөгө ашыруунун үлгүсү бар. Төртүнчү халифа Али Малик бин Аштарды христиандык Египетке азчылык жамаатынын бийлигин орнотуу үчүн жөнөткөндө, ага мындай көрсөтмө берген: "Жүрөгүңөрдү мээримдүүлүк менен сүйүүгө толтургула жана аны кол астындагыларыңарга сиңиргиле. Себеби, алар эки түрдүү болушат, же алар сиздин диндеги бир туугандарыңыз, аларга сиз адамгерчиликсиз мамиле жасай албайсыз же алар сиз сыяктуу деңгээлде жаратылган адамдар... Катачылыктарды алар байкабай калып атышат, ошондуктан аларды кечирип коюңуз. Кудай сизге кечирим берет деген үмүт менен жашайсыз жана Кудайдын кечиримдүүлүгү үчүн сиз дагы аларды кечирип коюңуз".

Шейх Жабир аль-Альвани биздин руханий байланыштарыбыз жана адам катары жалпы руханий-адеп-ахлактык тагдырыбыз боюнча ар кандай жамааттардын мүчөлөрү катары биригишибиздин себеби жөнүндө талашкан мыкты илимпоздордун бири катары көрүнөт.

Бүгүнкү күндө диний жамааттардагы плюрализм жөнүндө айтуу – оңой иш эмес. Көпчүлүк диний элдер плюрализм идеясын четке кагышат, анткени алардын чындыкка болгон өзгөчө талабын кандайдыр бир жол менен суюлтуп, компромисске барышат. Адамдардын чындыкка болгон талабы бар, ал эми чындыкка болгон доомат кандайдыр бир жол менен белгилүү бир топтун көзөмөлүндө болот. Бул доомат, негизинен, ишеним коомчулугунун куткарылууга болгон укугунун негизи болуп саналат. Ошентип, диний жамааттарда диний плюрализм башка диндер менен чогуу жашоонун маанилүү методу катары каралат, анткени мындай идея аларда диний акыйкаттыктын монополиясына болгон кандайдыр бир компрамисс катары көрүнөт.

Таха Жабир аль-Альвани ишеним коомчулугунун ортосунда жанаша жашоо жөнүндө абдан маанилүү идеяны сунуш кылган жана мени анын чыгармалары шыктандырат. Менин "*Демократиялык плюрализмдин ислам дининдеги тамыры*"[1] аттуу китебим анын диний жамааттар менен болгон мамилесинин уландысы болуп саналат. Анын башаты Джордж-Таун, Джордж Мейсон жана Джордж Вашингтон университеттеринде пайда болгонун уккан. Толеранттуулук идеясын мен жүйүт кесиптешим жана досум, профессор Дэвид Новак менен дагы бир жолу изилдедим, ал ар дайым чындыкты издеп, адеп-ахлактык жүрүм-турумду еврейлердин салты гана менен чектелбейт деп айтат.

Ошондой эле ал христиан жана ислам дининен жакшы нерселерди үйрөнгөн. Анын айтымында, биз эксклюзивдүү эмес, тескерисинче, бири-бирибизди кайталаган чөйрөдө жашап жатабыз, ошондуктан биздин жалпы салтыбыз бар, биз башка каада-салттар менен бөлүшөбүз, ар бир салтты баалайбыз жана баалуулуктарыбызды өз коомчулугубузда сактап жүрөбүз. Дүйнөлүк окумуштуулар менен академияда сүйлөшкөндө, биз – ишеним салттарын бирдей түшүнүүгө негизделген, биргелешип жашоо идеясын тутунган коомчулуктун өкүлдөрүбүз. Бирок, башка жамааттар менен бөлүшүлгөн жалпы түшүнүк диний жамааттар тарабынан ченемдик катары кабыл алынып, дин окумуштуулары тарабынан берилген герменевтиканын иши экендигин унутпашыбыз керек.

Доктор Таха Жабир аль-Альвани классикалык тексттерди өздөштүргөндүктөн, герменевтика процесси ошондой эле, исламда динден чыккандардын мыйзамдарын камсыз кылган фундаменталдык тексттерди ачып берүүгө милдеттенген. Анын изилдөөсү төмөндөгүдөй эски суроолорго жооп табууну көздөйт: Биз жамааттын ичиндеги расмий ишенимге макул болбогон жана дин мыйзамы менен динден чыгарылган адамдар менен иштеше алабызбы? Өлүм жазасын колдонушубуз керекпи? Ар кандай пикирлердеги диссиденттер менен жанаша жашоо үчүн, эксклюзивдүү чөйрөбүздү канчалык так чечип алабыз?

Менин максатым сиздер менен толеранттуулук, плюралисттик маданият, келечектеги диндер аралык мамилелердин булактары жана тоскоолдуктары менен бөлүшүү. Мен чогуу жашоо жөнүндө сөз болгондо, биздин жамааттар чогулуп, тынчтыкта бирге жашайт деп эсептеген идеалист эмесмин. Менин оюмча, адамдардын аң-сезими диний жана маданий ар түрдүүлүккө ылайыкташтырылып өзгөрүлмөйүнчө, мындай нерсе көп деле боло бербейт. Ыйык Жазмадагы кээ бир түшүнүктөр толеранттуулукка каршы келет.

Жакынкы Чыгыштагы жана башка өлкөлөрдөгү диний азчылык жамааттарга байланыштуу кырдаал – канааттандыраарлык эмес экендигин сиз экөөбүз жакшы билебиз. Мусулман өлкөлөрү гана эмес, ал тургай ар кайсы жердеги христиан жана будда коомчулуктары дагы четке кагылган диний көз караштарга баш ийишти. Коомчулук же алардын лидерлери диндер аралык мамилелердин кырдаалын жөндөөгө аракет кылып жаткан өлкөлөрдүн мейли ал Судан, Иран, Ирак же башка болобу, алардын бирине барсак дагы, ар кандай жамааттар арызданган учурлар көңүл чөгөрүп, күнөөсүз адамдарга карата келип чыккан зомбулуктуу чыр-чатактарды тезинен чечүүнү талап кылышат. Көпчүлүк учурларда, лидерлер улуттук конституциясынын негизинде иш алып барышат, бирок анда азчылык жамаатынын укуктарын коргоого шарт жок. Ошол конституциялык укуктардын канчалык деңгээлде корголору – мусулман дүйнөсүндөгү чоң маселе болуп саналат. Бир жагынан алганда, ислам юриспруденциясынын мыйзамдуу өкүмдөрүндө, биз Курандын рухуна жана пайгамбарыбыздын билдирүүсүнө чыккынчылык кылган эрежелер жана

ошол эрежелердин негизинде толеранттуулуктун зарылдыгын билдирүүдө кыйынчылыктарга туш болобуз. Укуктук мурас жамааттарды динге ишенген жана ишенбеген жамааттарга бөлүүгө багытталган. Мамлекет адамдардын жынысы, расасы жана ишенимине карабастан, бардык жарандарга бирдей милдеттенмелерди аныкташы керек.

Дүйнөлүк коомчулукта адамдар аларды жалпылаштырган бир нерсеге карай адамдык топтордун жамааттары катары чогуу жашоого аракет кылышат. Аларда айырмачылыктар бар жана алар өз инсандык белгилеринен баш тартууну каалашпайт, ошентсе да, аларын коомдогу керектүү биримдикти камсыз кыла турган жалпы муктаждыгы бар. Демек, классикалык ислам, жүйүт жана христиан сыяктуу мен окуган булактар кандайдыр бир жол менен бул теңдешсиз руханий тартип жөнүндө мага маалымат берип жатышат. Ушул маалыматтарды изилдөө менен мен бир нерсени, плюрализм – заманбап маселе эмес экендигин, ал тарыхта бардык мезгилдерде болгондугун түшүндүм.

Эгер сиз Багдаддын VIII-IX кылымдардагы тарыхын изилдесеңиз, анда Багдадда жүйүттөр жана христиандар жашаган квартал болгонун аныктай аласыз. Айтмакчы, бүгүнкү Иерусалимде дагы ошол коммуналдык кварталдарды таба аласыз. Дамаск жана Каир сыяктуу байыркы шаарлар дагы деле Ибрахим коомдорунун диндик жактарын сактап келишет. Анан көп учурда “Алар кантип чогуу жашашкан?” – деп таң каласыз. Заманбап саясат жамааттарды – бөлүүнүн башкы күнөөкөрү катары каралышы керек. Коомчулук башынан өткөрүп жаткан элдер аралык чыр-чатактарды чечүүнү саясатчылардан талап кылуу убактысы келди. Заманбап күч структуралары жана саясий иденттүүлүк бөлүнүп-жарылуу жана чыр-чатактар үчүн колдонулуп жаткандыгын түшүнүү – таң калыштуу деле эмес.

Бардык диний мурастардай эле, исламдын салттарындагы классикалык диний булактарды издегенде, мен алардын баарында татаал акылмандык топтому бар экендигин табам. Исламдан мен көп муундардан бери курулуп келе жаткан салтты таба алам жана бул жөнүндө маалыматтар ыйык жазмада камтылган. Куран бизге адамзаттын мурасы жана жакшы менен жаманга негизделген жалпы адеп-ахлак жөнүндө айтып берет. Кодификацияланган окуу-

лар (сүннөт) аны дагы да бекемдеп, адамзаттын жалпы тарыхый булактары жана байлыктары жөнүндө бизге маалымдайт. Мухаммед пайгамбарга таандык тафсирлер орток адеп-ахлактык негиздеги сүйлөшүүнүн кандайча болгонун так көрсөтүп турат. Мекке менен Мединада башка диндер дагы бар экендигине карабастан, пайгамбарыбыз диндердин вакуумуна кирген эмес. Демек, ислам үчүн ар кандай диний топтор менен кандайдыр бир иштиктүү байланыш түзүү зарылчылыгы келип чыккан. Жаңы билдирүүгө таянсак көпчүлүк жамааты азчылыктарга көйгөй жаратышы жана Куранда диндер аралык мамилелер боюнча көрсөтмөлөр берилиши керек болчу. Ошентсе да, Куран биз үчүн өзүнүн коомчулугунун өзгөчөлүгүн жана жаңы коомдун башка каада-салттарга баш ийдирүү зарылдыгын баса белгилеп жатат. Курандын көйгөйгө болгон мамилеси – Ибрахим диндериндеги плюралисттик маанайды түшүнүүнү талап кылат. Курандын 3:84 аятында ачык-айкын көрсөтмө бар: “Биз Аллахка, бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахим, Исмаил, Исхак, Жакып жана урууларга түшүрүлгөндөр менен бирге бул китептеги Мусага, Исага жана пайгамбарлардын Раббисине ишенебиз: Биз алардын арасынан биринчи же экинчисин айырмалабайбыз жана Аллахка өз эркибизден таазим кылабыз’’. Бардык адамдардын негизги максаты – бирдиктүү (*муваххид*) Ибрахим менен руханий байланыш түзүү болуп саналат. Андан да маанилүүсү, биз Кудайдын ой-ниетин ишке ашыруу үчүн биригишибиз керек. Башкача айтканда, Куран ар кандай диний жамааттардын көз карашында муну ачык-айкын билдирип келет. Менин оюмча азыркы күндөгү эң керектүү болгон акылмандык мусулманчылыктын классикалык булактарында кездешет.

Ушул булактар бизге дүйнөлүк коомчулукту кандайча куруш керектигин так айтып беришет. Мусулман жамааты VII кылымда негизделгенде бир суроо пайда болгон эле. Ыйыктардын тажрыйбасы бизди башка элдерден бөлүп-жарабы же ал жамаатка башкалар менен адилеттүү мамиле түзүүгө жардам бере турган нерсе болобу? Башкача айтканда, Куран илимпоздору бардык адамдар жараткан *такыбалык* деп аныктаган нерсени терең түшүндүрүшкөн: *такыбалык* – бул адеп-ахлактык, руханий аң-сезим. Адамдар башка адамдар менен байланышы үчүн, ошол аң-сезим-

ди өстүрүшү керек. Куран терминологиясындагы адеп-ахлактык руханий аң-сезим адамдардын Жаратканыбызга болгон түз мамилесин, ал эми адеп-ахлак адамдардын ортосундагы горизонталдык мамилелер экендигин көрсөтөт. Сиз Кудай менен болгон байланышыңызды талап кылсаңыз болот, бирок бул байланыштын негиздүүлүгү – сиздин башка адамдар менен болгон мамилеңизге байланыштуу. Муну кантип кылуу керек? Бул нерсени мен руханий тажрыйбалардан, мусулмандар жамаат үчүн орноткон ырым-жырымдардан таптым. Жамаат намазынан баштап, акыркы жолку Меккеге болгон ажылыктын тажрыйбасына чейин, мусулман такыбалыгы адамдарды бири-бири менен калыс жана акыйкат мамиледе болууга үндөйт.

Ошондой эле, мен бул байланыштын рухун теологиялык окуулардан көп кезиктирдим. Мен теологияны этика чыгымдары деп бөлбөйм. Мен этиканы теологиялык этика деп эсептейм, б.а., биз айтып жаткан мамилени орнотуу үчүн диний түшүнүккө негизделген этика. Исламдагы теологиялык окуулар мусулмандардын акыл-эсин Кудайдын катышуусунда гана эмес, башка адамдардын да бар экендигин үйрөтүүчү маселелерди камтыйт. Алар сизден эмнени талап кылып жатышат? Эгер алар сиздеги жеке жамааттын мүчөлөрү болушса, анда алар сизден эмнени талап кылышмак? Эгер алар ири адамзат коомчулугунун мүчөлөрү болсо, анда алар сизден эмне күтөт? Мындай суроолор мени идеалдуу адамзат коомчулугун калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болгон этикалык ой жүгүртүүлөргө алып келет.

Этикалык ой жүгүртүүлөр динге негизделген. Алар менин башка адамдар менен кандай мамиледе болушум керектиги жөнүндө Кудай мага тубаса шыктандырган маалыматтарды берген деген түшүнүккө негизделген. Эгер ал мындай кылбаса, анда мени эмне үчүн башка адамдар менен бирге жаратмак? Эмне үчүн Ал мени өзүнчө, өз алдымча жашай турган алыскы аймакта жарата албайт? Жаратуунун максаттарынын бири – башка адамдар менен байланышуу. Эгерде мен алардын алдындагы милдеттенмелеримди такыр билбей калсам, анда мен эмне кылам? Дин мени аларды жек көрүүгө үйрөтүп жатабы, анткени алар менин коомчулугумдун катарына кирбейт же алар менен макул болбойт? Адамдын жыргалчылыгы үчүн ушул орчундуу суроону канткенде так

чечем? Куранда этикалык маселелер боюнча ой жүгүртүүлөр адилеттүүлүк жана калыстык сезимине терең сиңип калган. Доктор Таха Жабир аль-Альванинин диний ой-пикиринин мааниси ушунда: мени башка адамдарды сүйүүгө жана аларга кам көрүүгө шыктандыр! Ушул жерде ойлонуп көрө турган суроо: Куран жөнүндөгү этикалык ой-пикирлер биздей жөнөкөй адамдарга эмнени ачып берет? Аларды кайдан издеш керек? Менин оюмча, алар жамааттын социалдык практикасында орун алышы керек, жамаат өз мүчөлүгүн башкалар менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоого үйрөтөт. Ислам салттарында, диний билимди жана салтты толугу менен чагылдырган бир дагы "чиркөө" жок экендигин унутпашыбыз керек.

Бизде "чиркөө" сыяктуу мекеме жок; бизде чындыктын жана расмий ишенимдин чегин аныктаган экклезия жок. Ислам дини андай кылбайт. Чиркөөнүн жоктугу бир көйгөйдү жаратат, тактап айтканда, тарыхый окуяларда ишеним менен ыкчам ишенимдин ортосундагы жаракаларды байкоого болот. Негизинен, мусулман элдеринин саясий жана социалдык тарыхы ири окуялар болуп турган реалдуулукту ачып берет. Тарых бизге: "Мусулман эместер менен болгон кээ бир учурларда мусулмандардын жүрүм-туруму ислам үйрөткөн нерселерге ылайык келбей калган. Мусулмандар бүткүл жаратылышка кайрымдуулук жана боорукердик мамиле кылуу жөнүндө ислам үйрөткөн нерселерге каршы чыккан учурлар болгон" – деп көрсөтөт. Ошентип, биз көпчүлүк дүйнөлүк диндердегидей эле ислам docininen дагы идеал менен реалдуулуктун ортосундагы кадимкидей дал келбестикти табабыз.

Чиркөөнүн жоктугу салтты плюралисттик чечмелөө мүмкүнчүлүгүн түзүп жаткандыгын баса белгилөө – маанилүү. Чындыгында, жалпы жамаат жана анын каада-салты үчүн сүйлөгөн расмий институт болбогондуктан, исламда плюрализм диний тутумдун өзүнө сиңип калган. Демек, бүгүнкү күндө мусулман коомчулугунда кимдир бирөө сизге: "Менин сизге ислам жөнүндө айтып жатканым – бул ислам жөнүндө ойлонуунун жалгыз жолу", – десе, анда ал таптакыр жаңылышат. Чындыгында, ислам булактарын чечмелөөнүн ар кандай жолдору бар. Куранды жана сүннөттү окуунун ар кандай жолдору бар. Исламда курулган фундаменталдык плюрализм бар. Ал тургай, аяттын тили – плурипотенттүү

(көп маанилүү, көп жактуу). Бул сизди ар кандай герменевтикалык кадамдарга жана тыянактарга алып келет. Куранды канчалык көп окуган (динге ишенген адам катары) сайын, ошончолук көп "асыл таштар" катылганын байкайсыз. Кээде алар сизди ойлондурат, кээде сиз аларды кабыл аласыз. Демек, ар кайсы мезгилде диний жетекчилер мусулмандар менен мусулман эместердин ортосунда ынтымак жана жакшы мамиле түзүү үчүн колдонуп келген бул диний негиздер Куран сыяктуу ачылган булактардан алынат. Куран адамдардан ой жүгүртүүнү талап кылат.

Аларга аян аркылуу берилген нерсенин негизинде түш болгон маселелер жөнүндө ойлонуу керектигин эскертет. Ар кандай ишеним жамааттарынын ортосундагы чогуу жашоо мүмкүнчүлүгүн изилдеп жатып, Курандан келип чыккан үч багытты аныктай алабыз. Бул адамдардын диний ар түрдүүлүктөн келип чыккан маселелерди чечүү үчүн ар кандай мезгилдерде кабыл алган үч багыты. Куранга ылайык, диндин эксклюзивдик өлчөмү болушу мүмкүн, ошондуктан мен чындыкты жана өзгөчө куткарууну менин диним жана менин жамаатымдан алдым деп айта алам. Бул жерде четтөөчүлүк абсолюттук чындыкты түшүнүүнүн бир гана жолу экендигин билдирет, ал жамааттын өзүн-өзү кабыл алуусунда ыйыктыктын үстөмдүк кылган көз карашын чечмелөөдөн келип чыгат. Башкача айтканда, ошол чындык жана ошол эле үстөмдүк кылган ыйык парадигма бир гана учурда коом тарабынан өзү менен өзү чектелет жана бааланат. Адамдардын Кудай менен болгон биримдигин ушул гана жол менен түшүнө алабыз. Аллахтын жалгыз экендиги жөнүндөгү негизги жана абсолюттук доомattар менен эч кандай компромисске барууга болбойт жана адамдардын Кудай жөнүндөгү диний чындыкты түшүнүшүнүн бирден-бир жолу ушул.

Бирок, Куран башка диний жамааттардын дагы инклюзивдүү түшүнүктөрүн камтыйт. Ошондой эле Куран адамзатка тарыхтын ар кайсы мезгилдеринде чагылдырылган көптөгөн турмушка жарактуу диний каада-салттар болгонун түшүндүрөт. Демек, бирөөсү гана башкалардан жогору деп эсептелген күндө дагы, инклюзивисттик көз караш мусулман, христиан, жүйүт диндериндегилерди инсан ээрчий турган тарыхый парадигма болушу мүмкүн. Сизде ушул салтка болгон көз карашты башкара турган та-

рыхый чен-өлчөм бар. Бирок, ошол эле учурда, сиз башкалардын салтына дагы кайдыгер карабайсыз. Ошондуктан, мен Куранды – инклюзивисттик көз караш деп таптым.

Куранда плюралисттик көз караш дагы бар. Чындык кандайдыр бир каада-салтка, же бир жамаатка гана таандык эмес. Биз муну заманбап бир тенденция катары кабыл алып, өзгөчө диний чындыкка болгон талаптарды азайтууну кааласак дагы, ал чындыгында, Куранда орун алганын тана албайбыз. Куранда ал жөнүндө кандай сөз болгонун көрөбүз. Курандагы адамзат коомчулугуна көз чаптырсак, анда Курандын ар бир ишеним жамааты үчүн диний-саясий мейкиндиктин түзүлгөнү таң калтырат. Ар бир жамааттын өзүнүн мейкиндиги болушу керек. Демек, ислам тарыхында мусулман коомчулугунун антисемитизми болбогону таң калыштуу эмес. Мен баарыныздарды тарыхка баш багып, анын ичинде Осмон империясынын тарыхын карап чыгууга чакырам. Мен мусулмандар арасында диний же этникалык дискриминация болгон эмес деп айта алам; бирок, эч качан антисемитизм болгон эмес. Бул жарым-жартылай Курандагы дүйнөнүн плюралисттик көз карашына байланыштуу.

Куранда эмне деп айтылганын карап көрсөк: “Оо, каапырлар, мен силер сыйынган нерсеге сыйынбайм. Силер дагы мен сыйынган нерсеге сыйынбайсыңар. Мен силер сыйынган нерсеге сыйынуучу болбойм. Силер дагы мен сыйынган нерсеге сыйынуучу болбойсуңар. Менин диним – мен үчүн, сенин диниң – сен үчүн”. (109:1-6)

“Менин диним – мен үчүн, сенин диниң – сен үчүн”. Кантип сен өзүңдүн диниңе ээ боло алгандай, мен дагы өз диниме ээ боло албайм? Мунун жөнөкөй билдирүүсү – бул чогуу жашоо принциби: Келгиле, чогуу жашайлы. Башкача айтканда, буга чейин дүйнө ар кандай деңгээлде, ар кандай темпераменттеги элдер менен жана ар түрдүү руханий каалоолор менен иштей тургандыгы жөнүндө ой пайда болгон. Өзүбүздүн руханий каалоолорубуз менен макул болбогон адамдарды айыптайбызбы? Биз ушундай кыла алабызбы? Куранда “Жок” деп айтылат. Сизде өз аймагыңызды талап кыла турган коомдук жана белгилүү бир жер бар; бул сиздин мейкиндигиңиз. Бирок, эгерде сиз ошол принципти кабыл алгыңыз келбесе, анда Кудай өзүңүз бара турган жолду көр-

сөттү. Сизде жол менен жүрүү эркиндиги бар, же болбосо жолду четке каксаңыз болот, бул сиздин эркиңиз. Сиз тандаган нерсеге ылайык ошондой жыйынтыкка ээ болосуз. Башкача айтканда, руханий геномду бөлүшүп, руханий жактан бирдей болуш керек деген эч кандай катуу талап жок.

Курандагы ушул маалымат жөнүндө ой жүгүрткөндө, Аллахка негизделген плюрализм жөнүндө такыр башкача түшүнүккө ээ болосуз. Мен бул жерде Куран жөнүндө айтып жатам. Мага кээ бир скептиктер бул плюралисттик билдирүү жөнүндө: “Сиз өзүңүз либералдуу ойчул болгонуңуз үчүн ушундай нерселерди ойлоп таап жатасызбы?” – деп сурашат. Мен аларды аудиторияны мен ойлоп тапкан жокмун деп ишендирдим. Келгиле, Курандын Маида сүрөсү, 5:48-аятындагы сөздөрүн текшерип көрөлү:

> Биз сага Китепти Чындык менен андан мурдагы китептерди тастыктоочу, аларга күбө болуучу катарында түшүрдүк. Алардын ортолорунда Алланын сага түшүргөнү менен өкүм кыл. Өзүңө келген Чындыктан ажырап, алардын тилине кирбе. Силердин ар бириңер үчүн бир жол-жобо (жазып) койдук . Эгер Алла кааласа баарыңарды бирдей коом кылып коймок. Бирок жиберилген жол-жоболор аркылуу силерди сынамакчы . Жакшылык иштерде жарышкыла. Бараар жериңер – Алланын алды. Ал силердин талашкан нерсеңерден кабар берет.

Демек, ар бир жамаат өз жолу жана жүрүм-туруму менен автономиялуу. “Эгер Кудай кааласа, баарыбызды бир эл кылып жаратмак”. Анда бизде эч кандай айырмачылыктар болмок эмес жана бардык диний согуштар маанисиз болуп калмак. Кудай био-медициналык тилди колдонуу менен руханий жактан бирдей кылуу үчүн баарыбызды клондоштуруп коймок. Ал андай кылган жок. Эмне үчүн Ал муну кылбады? Анткени “Ал сизге берген нерселер менен сизди сынап көрүшү мүмкүн. Ошондуктан, сиз жакшы иштерде алдыга умтулуңуз”. Бул нерсени объективдүү көрсөтүүнүн бирден-бир жолу: жакшы иштер, адеп-ахлактык жүрүм-турум. Башкача айтканда, адеп-ахлактык жүрүм-турум

боюнча бири-бириңиз менен атаандашыңыз. “Барар жериңер – Алланын алды. Ал силердин талашкан нерсеңерден кабар берет”.

Котормону бурмалаган жокмун деп сизге белгилүү бир шарттарда ишендирем. Ошентип, Кудай ар бир жамаатка Ыйык Жазманы, мыйзамдарды, ырым-жырымдарды жана ишенимдер тутумун жөнөттү: Ал эмне үчүн мындай кылды? Адамдар бири-бирине жалган адаттарды кармоо шылтоосу менен айыптоону токтотушу керек.

Ар бир жамааттын теология жана тажрыбасындагы айырмачылыктар боюнча эмне кылышыбыз керек? Этика ушул жерден даана көрүнөт. Биз бири-бирибиз менен ынтымакта жана тынчтыкта жашоо үчүн жакшы нерселерди жасоо менен гана жарышка түшүшүбүз керек. Адамдардын жашоосун анализдесек, акыр аягы баардыгыбыз өлүмгө туш болобуз жана жер бетиндеги жашоо убактылуу жашоо болуп эсептелинет, ошол учурда Кудайга кайтып барганда анын эсеби болот жана Кудай биз бири-бирибиз менен талашып-тартышып жаткан бардык маселелерибиз жөнүндө кабардар. Жамааттарда жашоо менен убакыт дагы бир жолу диндер аралык айырмачылыктарды чечүүнүн жолу жок экендигин, анткени ар ким өз динин туура деп эсептерин көрсөттү. Муну “Менин жолум – туура жол, сиздин жолуңуз туура эмес” деген сыяктуу түшүнүктөр тастыктап турат. Куранда мындай теология иштебей тургандыгы ачык-айкын көрсөтүлүп турат. Биз жөн гана бири-бирибиз менен чогуу жашоону үйрөнүшүбүз керек.

Сиз бул нерселерди кантип жасайт элеңиз? Анда кантип тил табышуу керек? Жалпы тил – бул Кудай сизге илхам катары берген нерсе. Кудай сизге жакшы иштерди кылып, жакшылык жасоого түрткү берди: сиз ошону жасаңыз! Кедей-кембагалдардарга тамак берүүдө, жетимдерди карап, согуштарды жана дүйнөнүн кыйрашын токтотууга жардам бериңиз... Бири-бириңерди өлтүрүүгө аракет кылбагыла, туурабы? Бул Куранда жазылган плюрализм, мен аны өзүмдүн оюмдан чыгарып айткан жокмун.

Мага сизден, арабдардан, кандайдыр бир кепилдик керек! Алар Куранды таңуулап жатат деп айта алышат, бирок сиздерди мен Куранды либералдуу баалоо менен алектенбейм деп ишендире алам. Мен Куран менен ойногон эмесмин, эч кандай саясат жүргүзгөн эмесмин жана эч кандай жарандык жамаатка каршы

эмесмин. Мен жөн гана саясатка бир аз кызыкдармын.

Эгерде Куранда плюрализмдин же чогуу жашоонун модели кабыл алынса, анда ал кандай болмок? Теологиялык же этикалык плюрализм болмокбу? Бул менин жеке суроом. Эгерде теология этика булагы болсо, анда жакшы болмок. Мени башка адамдар менен кантип чогуу жашашым керектиги жөнүндө ойлорду жараткан Кудайга болгон ишенимим абдан пайдалуу болмок. Эгер теология мага сендей ишенбеген адам тозок отуна дуушар болот деп айтса, анда мага теологиянын кереги жок. Мындай учурда теология эч нерсе кыла албайт.

Ушул убакка чейин биз диндер аралык мамилелердин жалпы теологиясын түзө алган эмеспиз. Себеби биз аны жасаган учурдан баштап, экологиялык өзгөчө талабыбызды курмандыкка чалууга аргасызбыз жана бул теология болуп саналат. Мен кээ бир нерселерге ишенем, бирок ал нерселерге башка эч ким ишенбейт деген теологиябы? Ошондуктан мен өзүмдүн ишенимимди бузбайм. “Мен компромисске барбайм” деп айткан учуруңузда, сиз диний чөйрө менен карама-каршы турасыз.

“Анда диндин коомдогу ролу кандай?” – деген экинчи суроо пайда болот. Джон Роулз биздин коом демократиялуу жана ийгиликтүү болушу үчүн жана адамдардын демократиялык укуктарын сактоодо биз бири-бирин кайталаган консенсуска муктаж экендигибизди үйрөттү. Эгерде сиз коомго ар тараптуу доктриналарды алып келсеңиз, анда сиз коомчулукка зыян келтиресиз. Коомчулук доктриналык маселелер менен түбөлүккө күрөшөт. Эгерде сиз жалпы эл катары, эмнеге муктаж экениңизди жана жакшы жашоо үчүн эмне кылышыңыз керектигин түшүнсөңүз, анда биз сиз менен кандай мамиледе болуу керек деген этикалык талаптарды карап чыгууга аргасыз болобуз. Бул жерден сизге мен “этиканы” өтө абстракттуу түрдө колдонбошумду ачык айта алам. Мен этиканы адамдар аралык мамилелерди жөнгө салуу булагы катары колдонуп жатам. Мен сиз менен кандай мамиледемин? Эгер сиз менин бир тууганым болсоңуз, анда сиздин алдыңызда кандай милдеттенмелерим бар? Эгер мен сиздин кошунаңыз болсом, анда мен сиз үчүн эмне кылышым керек?

Бул мени христиандардын Агапе идеясына б.а. “жакыныңды сүй” деген идеясына алып барат. “Жакыныңды сүй” – бул

христиан этикасынын негизи. Христиан дини ислам дини сыяктуу эле ушуну үйрөтүү менен алектенет. Эгерде биз ушул нерсени каалосак, анда биз адилеттүүлүктү жана акыйкаттыкты сактоо үчүн жалпы иш-аракет кылышыбыз керек. Ошентип, "жакшы иштерде алдыга умтулгула" деген буйруктун мааниси ушунда жатат. Эгерде сиз айланаңызда болуп жаткан адилетсиздиктерге кайдыгер карай берсеңиз, демек, сиз моралдык жактан кайдыгерсиз. Жакшы коомдо адеп-ахлактык жетишпегендик жокко эсе. Анткени, сиз ага кайдыгер карай албайсыз. Бүгүнкү күндө иммиграция биздин өлкө үчүн чоң маселе болуп атат. "Бул менин ишим эмес; мен иммигрант эмесмин; мен бул жерде жаранмын", – деп бул нерсеге унчукпай отура албайбыз. Ар бирибиз өзүбүздү коопсуз сезе турган жерге муктаж болуп жана башка адамдар жөнүндө ойлоно баштапыбыз керек. Эгерде биз бул маселе боюнча моралдык позицияны карманбасак, анда адамдын негизги укуктары бузула турган иммиграннттар бар экендигин түшүнүшүбүз керек. Анын үстүнө, эгер сиз ошол бузулган укуктарды коргобосоңуз, анда сиз этикалык деңгээлде акыйкаттыкты колдойсуз. Бул жерде мен айтып жаткан нерсе – ченемдик салттар менен практикалык чечимдердин өз ара аракети болуп саналат. Пайгамбарыбыздан бир жолу: "Оо, Аллахтын пайгамбары, мага дин жөнүндө, баардыгы жөнүндө айтып бер", – деп сурашты. Бул суроого пайгамбарыбыздын берген жообун эсибизден чыгарбашыбыз керек: "Сен Кудайга баш ийесиң, Аллах жараткан нерселердин баарына жакшылык кыл". Бул исламдын негизги окутуусу. Мен адамдардын ортосундагы өз ара аракеттенүү жөнүндө айтып жатам; эгер ал боорукердик менен кабарланбаса, анда дагы кандайча кабардар болот эле? Диндер аралык мамилелердин жалпы теологиясы болбогондо, биз кандай шартта жашайт элек?

Толеранттуулук маданияты – Кудай бизди камсыз кылган этикалык сезимталдуулукка байланыштуу. Ар бирибиздин табиятыбыздан жакшы менен жаманды айырмалап билүү жөндөмүбүз бар. Куранда кыямат күнү: "Мен ага жана буга ишенбедим, мен сага ишендим, оо, Кудай" деп айта аласыңар деген так бир сөз бар. Бирок Кудай: "Коңшуңа калыс жана адилеттүү мамиле жасашың керектигин билдиң беле? Мындай кылбашың керек эле?" – деген жооп кайтарат. Башкача айтканда, мага ишенбесеңиз дагы,

сиз менин алдымда моралдык жактан жооптуусуз, ошондо эмне кыла аласыз, – дейт. Макул, Мага ишенбегиле Мага ишенбеген миңдеген адамдар бар, мага баары бир, бирок эгер сиз адамдар менен туура эмес мамиледе болсоңуз, анда мен сизди кармайм. Мен сизди коё бербейм''. Бул Куран колдонгон тил. Жок, биз адамдар алдындагы жоопкерчилигибизде аянган жокпуз.

Ошентип, биз абдан татаал суроого туш болобуз. Менин Куранда айтып жаткан нерселеримдин бардыгы жөнүндө: "Ой, бул ислам үйрөткөн нерсени идеалдаштыруу эмеспи? ISIS (ИГИЛ) адамдар жөнүндө эмне айта аласыз? Алар ойлонбостон башка адамдарды өлтүрүп жатышат, муну кантип түшүндүрөсүз? – деп сурашат. Бул өтө орчундуу суроо. "Терроризм жөнүндө кантип түшүндүрөсүңөр? Терроризм жихад, согушуу, ыйык согуш, Кудай жолунда өлүү деген сыяктуу исламдык ой жүгүртүүдөн шыктандырылбайбы?" Ошол учурда менден сурап: "Жакшы, жакшы, бир аз күтө туруңуз. Биз сиз айтып жаткан нерсени кабыл албайбыз. Мусулман дининдеги бул зомбулуктар жөнүндө айтып бериңиз", – деп сураганыңыз кадыресе көрүнүш. Мусулмандардын тарыхта мындай жасаган иштери туурабы?

Буга жооп катары мен мусулмандардын укук таануучуларын кылымдар бою шыктандырган өтө сезимтал документке кайрылганы жатам. Азыр деле муну окуп жатканда "О, кудай, биз буга этият болушубуз керек" деп жатышат. Бул документ мусулмандардын экинчи халифасы болуп саналат, аны Умар Ибн аль-Хаттаб сунуш кылган жана бул документ Иерусалимдин тургундарына сунушталды. Бул тарыхый булактарда сакталып калган өтө маанилүү документтер болуп эсептелинет.

Бир христиан дин кызматчысы бар эле, ал Халифага келип: "Бизге бир нерсени кепилдик кылып беришиңиз керек, анткени биз Иерусалимдин тургундарыбыз", – деп айткан. Кооптонуу мусулман баскынчыларына карата болгон, алар христиандарга азчылык катары адилеттүү мамиле жасашып же чиркөөлөрүн басып алып, мечиттерге айландырабы деп тынчсызданган. Халифа: "Жок. Сиздин өмүрүңүзгө, буюмдарыңызга жана чиркөөлөрүңүзгө кепилдик берилет, алар басып алынбайт жана талкаланбайт", – деди. Египет бүгүнкү күндө христиан чиркөөлөрүн басып алса, анда кандай көйгөйгө туш болушу мүмкүн экендигин элестетип

көрсөңүз. Бүгүн көптөгөн чиркөөлөр бомбаланып жаткандыгын билем; Пакистанда жана башка жерлерде мусулман согушкерлери тарабынан башка диний жамааттардын жашоосу жана мекемелери коркунучта турат. Бул мыйзам бузуулар жөнүндө укканда, ар дайым менин оюмда "Халиф Умар берген көрсөтмөлөр эмне болду?" деген суроо. Анткени бул эң ачык-айкын көрсөтмөлөр болгон "Элдин бакубат жашоосуна коркунуч келтирбегиле..." деп айтылган.

Биз Америка жөнүндө сөз болгондо, "мамлекетти тобокелге салбагыла" деп айтмакбыз. Анткени, Вирджиния университетиндеги солчул аспирантым ФБР тарабынан такай текшерилип, аны Америка мамлекетине коркунуч туудурат деп эсептегени дагы деле эсимде. Башкача айтканда, бардык коомчулук, анын ичинде биздин коом дагы мамлекеттин жыргалчылыгына коркунуч келтире тургандардан дайыма коркуп турушат. Сөз мекемелер жөнүндө болуп жатат. Институттар, атүгүл, айрым жарандар өзүлөрүнүн бейкапар жана үзгүлтүксүз коркунучунан коргонушу керек, туурабы?

Бул жерде сиз таптакыр башкача түшүнүккө келесиз. Куран Ибрахимдин башка жамааттарын "Китеп ээлери" деп тааныйт. Демек, жүйүттөр, христиандар, зороастриялыктар, балким сабилер Кудайдан жетекчилик алган адамдар катары каралат. Бул элдердин бардыгы "Китеп ээлерине" киргизилген. Эң кызыгы, мусулмандар Индияны басып алганда, индустар да "Китеп ээлери" деп жаңы фатва чыккан. Башкача айтканда, аларга дагы башка монотеисттер сыяктуу жол берилиши керек болгон. Аларга тең укуктуу жарандардай мамиле жасалды деп айткым келбейт, анткени мен чынчыл адаммын. Кээ бирлерге басмырлаган сыяктуу угулса дагы, аларга үстөмдүк кылган жамаатка салыштырмалуу, укуктары төмөн, экинчи сорттогу жарандар катары карашкан. Албетте, орто кылымда мусулман дүйнөсүндөгү бир дагы шаарда "Китеп ээлери" бирдей жаран катары эсептелген эмес. Азыркы мааниде карасак, аларда жарандык жок болчу. Ошого карабастан, Ахли аль-Китабга – Китеп ээлерине, автономиялуу жашоо – өз тутуму, диний мекемелери, уюмдары бар жана эч нерсе тийбейт деп эсептеген.

Келгиле, коомдук уюмдашуунун үстөмдүк кылган парадигмасы – бул адамдардын чогуу жашоосу жана тең укуктуулук ченемин тааныгандыгы жөнүндөгү менин талашымдын чындыгын аныктоого багытталган акыркы далилдерди карап көрөлү. Менин таяныч пунктум – юридикалык документ. Мен текшерген мыйзамдуу документтер ошол кездеги саясат менен алектенип жаткандыгымды ачык-айкын билдирет. Мыйзамдуу жашоо – бул саясатчылар жана жарандар башынан өткөргөн жашоо. Албетте, практикалык мааниде идеал менен реалдуулуктун дал келбестигин байкаса болот. Мусулман коомдорунда адам чыдагыс учурлар бар экендигин байкай алабыз. Мусулмандардын мыйзам жөнүндөгү китептери, анын ичинде укук таануу илиминдеги дүйнө, Имам аш-Шафи жана юридикалык мектептердин башка бардык негиздөөчү имамдары *дар-аль-Ислам* жана *дар-ал-харб* болуп бөлүнөт. Биздин жашоо мусулман башкаруучуларынын же мусулман эмес башкаруучулардын үстөмдүгүндө болуп саналат. Акыркы убактарда аскердик экспедициялар басып алышы мүмкүн болгон аймактар бар. Бул *дар-ал-харб* (согуш мекени) болуп саналат. Алар мамлекеттин саясатына сиңип калгандыктан, алардын укуктук түзүмдөрүндө жана укуктук келишимдерде көйгөйлөр бар болчу. Мамлекет өз чектерине коркунуч туудурган мусулман эмес державаларга качан каршы тураарын түшүнүшү керек эле. Алардан жылына эки-үч жолу душманга каршы күрөшүү менен, аларды багындыруу талап кылынган. Саясат диний идеалдар үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды жаратаарын унутпоо – өтө маанилүү.

Бүгүнкү күндө да биз муну чындык деп эсептейбиз. Мен Иерусалимдеги еврей, христиан жана мусулман палестиналыктардын ортосунда түшүнүшүү көпүрөлөрүн куруу үчүн эл аралык уюмдун демөөрчүлүгү астында тынчтык миссиясына барганымда жүйүт кесиптештерим менен бул тууралуу сүйлөштүм. Биз Иерусалимдеги “Папалык институтта” он беш күн болдук. Биз диний жамааттар менен иштешип жаттык. Палестиналыктар белгилүү себептерден улам келүүдөн баш тартышты. Баш тартуунун негизги себеби – алардын Израилдин коопсуздук кызматы тарабынан дайыма басынтылышына негизделген. Ошондуктан, алар бул эл аралык диалогго катыша алышкан жок. Баарыбызга белгилүү болгондой, диалогдо баардыгы бирдей болушу ке-

рек эле. Палестиналыктар аларга бирдей мамиле жасалбагандай сезишчү. Бул талаш биз катышкан машыгуунун максаттарына чоң сокку болду. Ошентип, биз христиандар жана иудейлер менен сүйлөштүк. Кээде софи мугалимдер келип калчу, бирок алар палестиналыктардын көпчүлүгүнүн жактоочулары болушкан эмес. Мындай кырдаалда биз таптакыр башка саясий чөйрөнү, саясий практикалык иш-аракеттерди жана саясатты иштеп чыгууну көздөп, көптөгөн көйгөйлөрдү толугу менен билип калдык. Мен диний колдонмолордун тарыхый жактан көйгөйлүү бөлүктөрүн жана диний мыйзамдардын колдонулушун жакшы билем деп айткым келет жана мен муну четке кага албайм. Мусулмандардын башкаруу мүмкүнчүлүгү бар болчу, кээде алар мамлекеттик саясатта жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөтүшсө, кээде алар адамдардын кадыр-баркын көтөрө албай калышчу. Тарыхтын студенттери сыяктуу өзүн-өзү даңктоодон жана “Мен үчүн укмуштуудай мезгил болду!” деген дооматтардан алыс болгум келет. Мен болуп өткөн кырдаалдар үчүн кечирим сурагым келбейт, бирок диний плюрализмди жайылтуудагы ар кандай кырдаалдарга түшүнүү менен мамиле кылууңуздарды каалайм.

Дүйнөлүк диндердин арасында толеранттуулук маданиятын өнүктүрүүнүн шаблону боло турган саясий-диний документти издеп жүрдүм. Бүгүн сиз жана мен үчүн бирдей иштей турган документти кайдан табабыз? Биз – Түндүк Америкада жашаган еврейлер, мусулмандар жана христиандарбыз. Баарыбыздын ортобузда жакшы жамааттык мамиле түзгүбүз келет.

Менин акыркы далилим тарыхый документ болмокчу. Менин еврей жана христиан кесиптештерим мен сунуштаган документ халифага таандык жеке сүйлөшүүнүн бир бөлүгүбү деп көп сурашат. Бул документ төртүнчү халифа Алинин Египетке губернаторун жөнөтүп жаткандагы анын саясий билдирүүсү экендигин мен бир нече жолу баса белгилеп келгем. Губернатор Малик бин Аштар христиан динин тутунган бир өлкөгө жөнөтүлүп аткан, ал жерди мусулмандарды басып алуучу азчылык жамааты байырлаган.[2] Эгер мусулмандар “Биз христиандар менен мамиле түзбөйбүз, анткени алар өзүлөрүнүн жолдорун жоготуп алышкан – алар үчүн куткаруу жок” деген көз караш менен башкарган болсо, анда христиан көпчүлүгүнө каршы зомбулук менен маселе абдан так

чечилмек. Анда кандайдыр бир геноцид пайда болуп, христиандарды өлтүрүү менен мусулман бийлигинде саясий маселелер чечилмек.

Бирок бул жерде Халифанын көрсөтмөлөрү бар, жана мен котормо менен ойнобой тургандыгымды билишиңизди каалайм. Нускамалар: “Жүрөгүңөрдү мээримдүүлүк менен сүйүүгө толтургула жана аны кол астындагыларыңарга сиңиргиле” деген насаат менен башталат. Бул жерде губернаторго анын саясий ыйгарым укугун кандайча колдонуу керектиги айтылып жатат. “Алар эки түрдүү болушат, же алар силердин диндеги бир туугандарыңар же силер бирдей жаралгансыңар”. Төртүнчү халифа Али, губернаторго ушундай көрсөтмөлөрдү жөнөтүп жатат жана ал халифанын өкүлү катары ушул көрсөтмөлөрдү аткарышы керек. “Аларга адамкерчиликсиз мамиле жасай албайсың, анткени алар сен сыяктуу жаратылган; алар сени менен жаратылышты бөлүшүшөт. Алар катачылыктарды байкабай калат, ал эми кемчиликтер аларды жеңет, ошондуктан сен аларды кечир. Аллах силерди кечиргендей жана Аллахтын кечиримдүүлүгү үчүн кечир”, – деди.

Айтмакчы, бул Бириккен Улуттар Уюмунун жакында эле дүйнө жүзүндөгү араб өкмөттөрүнө: “Сиздин Халифаңыз Алинин бул окуусун унутуп калдыңызбы? Андан көрө ушул жолду карманыңыз” деген билдирүүлөрүнүн бири. Бириккен Улуттар Уюмунун веб-сайтын текшерип, Алинин Малик бин Аштарга жазган катын карап чыгып, анын дүйнө жүзү боюнча канча нускада жөнөтүлгөнүн билсеңиз болот.

Мусулмандар жалпы адамзаттын жаратылышындагы теңдик идеясын кайрадан орнотууну талап кылышат, анткени диний жамааттардын көйгөйлөрүнүн бири алардын өзүлөрүн-өзүлөрү четке кагуу болуп саналат. Куран мусулмандарга төмөнкү билдирүү менен эскертип жатпайбы: “Силер адамзаттын аларды жетектеши үчүн алдыга чыгарылган эң жакшы жамаатысыңар”. (Куран 3: 110)

Бул “мен өзүмдүн куткаруумду башкалар менен бөлүшкүм келбейт; мен эң мыктымын” дегенди билдиреби? Бирок Таха Жабир аль-Альвани муну мындайча чечмелебейт. “Сиз мыкты болгондуктан, сиз эң чоң жоопкерчиликти тең бөлүшөсүз”, – деп, ал аны ушундайча чечмелеген. Ал: “Жок, сизде чындап орточо жамаат экениңизди көрсөтүү үчүн чоңураак жүгүңүз бар. Сиз орточо

жамаат катары жашооңуздагы алып жүргөн нерселериңиздин үлгүсүн көрсөтөсүз”, – деди.

Бул жаратуунун теңдиги кайда жайгашкан? Бул теологияда болушу мүмкүнбү? Же диний этикада Кудай көрсөткөн позицияны ээлейби? Менин оюмча, биз эмне кылышыбыз керектигин түшүнүү үчүн диний этиканы үйрөнүшүбүз керек. Куранда мына ушулар айтылган: “Ар бир жанга аны ыймансыздыкка жана адилеттүүлүккө шыктандыруу өлчөм менен берилген, аны колдонгон адам ийгиликке жеткен, ал эми колдобогон адам эч нерсени ишке ашыра алган эмес”. (91: 7-10)

Биз тубаса жакшылык менен жамандыкка шыктанып жатабыз, ал эми жакшылыкты тандагандар – куткарылгандар. Башкача айтканда, бул жерде адамдын жаралуусу жөнүндө сөз болуп жатат: сиз ушундай жаратылгандыгыңыз үчүн, диний жактан белгиленген бир жоопкерчиликте болосуз. Сиз адамзат коомунда кандай жашайсыз? Адам коомчулугунда сиз башкалардан жогору экениңизди, артыкчылыгыңызды сезип жашайсызбы? Кудай бизди ушул үчүн жараткан эмес. Курандын бул билдирүүсүнөн кененирээк тыянак чыгарсак, анда бул артыкчылык же төмөн болуу маселеси эмес; ал “мен куткарылдым, а сен каргышка калдың” деген түшүнүк эмес.

Дамасктык Джон жазган Сарацендердин (мусулмандардын) теологиясы жөнүндө талкууну көрдүңүз беле? VIII-IX кылымдарда Дамаскта кандай дебаттар болгондугун көрүү буга арзыйт. Бул Дамасктык Джон менен мусулмандардын ортосунда болгон. Жон жазган изилдөө мусулмандарга каршы полемика менен алектенип, исламды Кудайдын дини деген жалгандыгын далилдөө менен алек болгон. Тарыхта жамааттардын өзгөчө куткарылууну талап кылган жана адамдар туура эмес болгонун далилдөөгө аракет кылган полемикалар бар. Мындай теология түшүнүү көпүрөлөрүн курууга кызыкдар болгон эмес.

Жыйынтыктоочу анализде, биз жакшылык жасоодо бири-бирибиз менен “атаандашып” жана бардыгыбыз Ибрахимдин чатырынын астына чогулушубуз керек. Бүгүнкү күндө адамдар жек көрүүчүлүк теорияларды жана артыкчылык талаптарды жактай алышпайт. Тескерисинче, алар бири-бирине “коңшулар” жана “бирдей жаралган” адамдар катары мамиле жасашы керек.

# ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Абдулазиз Сачедина, “Демократиялык плюрализмдин исламдагы тамыры” ( The Islamic roots od democratic pluralism), (Оксфорд Университетинин басмаканасы, 2001).
2. https://www.al-islam.org/richest-treasure-imam-ali/imam-ali-s-letter-malik- al-ashtar-richest-treasure

# 16-БАП

## Плюралисттик коомдогу диний ишенимдер

Даниэль А. Мадиган[1]

ТЕМА: Биз жашаган экосферада эч кандай чектөөлөр жок. Ошондой эле, биз адамзаттын жеке өзү, үй бүлөсү же жамааты үчүн гүлдөп-өнүгүшүн түзгөн көрүнүштү жеке иш деп эсептей албайбыз. Кудайдын адамзатка арналган бир нече долбоору жок. Ошондуктан, биздин Кудайга ишенгенибиз жана ал жөнүндөгү түшүнүгүбүз ар кандай. Эгер биз Кудайдын астында бир эл болууну кааласак, анда биздин ишенимибизди башкача көз карашта карагандар жана биздин оюбузду бөлүшкөндөр суракка алынышы керек. Көптөн бери өзүбүздүн идеалдарыбызды актай албай келгендигибизди моюнга алышыбыз керек. Биз сатуучулар сыяктуу жүрүм-турумубуздан оолак болуп, тескерисинче “акысыз үлгүлөр” болушубуз керек.

Бул жерде мен тобокелге салып жаткандай сиз мени логиканы кыйратуучу Иезуит стереотибине ылайык деп ойлошуңуз мүмкүн. Оксфорд англис сөздүгүн толугу менен казып көрүүнү каалаган адам ошол жерде “Иезуиеттик” жана “талмудик” (talmudic) сөздөрү синоним сөздөр экенин көрө алат. Бирок, мен ойлоп жаткан нерсе сөздүн маанисиндеги божомолдор деп ойлобойм. Бизге тема катары берилген айрым сөздөргө кылдат токтолууну көздөп жатам: Плюралисттик коомдогу диний ишенимдер. Бул сөздөрдүн ар бири чоң мааниге ээ, алар мааниси жагынан өтө татаал жана алардын ар бирин ар кандай чечмелөөгө болот.

Азыр саясий спектрдин эки тарабындагы адамдар спектрдин кайсы жагында турганына жараша коркуу же кубануу менен, дүйнөнүн көп жерлеринде плюралисттик коомду куруу долбоору чоң коркунуч алдында тургандыгын түшүнүшөт. Кээ бирлери экин-

чилерин диний, этникалык жана идеологиялык өзгөчөлүктөрүнө карап мажбурлап, же жок кылууну каалашат. Кээ бирлери жөн гана экинчисин четке кагуу же маргиналдаштыруу максатында, мыйзамдуу жолдорду колдонуу менен кыйынчылыкка дуушар болушун эңсешет. Бирок, азыркы дүйнөдөгү кризистик абал ушул кризис бүткөндөн кийин биз кантип көптүк коомду кургубуз келет деген суроого көңүлүбүздү бурбайт деп ишенем. Плюралисттик коомду кургубуз келет деген менен биз эмнени билдиребиз? Биз курууга аракет кылган коомдор жөнүндө узак мөөнөттүү көз караштар болушу мүмкүн. Конфликттик кырдаалда ар бир адам бир позицияны же бир тарапты карманууга мажбур болот, ошондуктан биз плюралисттик коомдун аныктамасын ар бир адам түшүнүшү керек экендигин айтабыз, анткени айырмачылык, ар түрдүүлүк сыяктуу түшүнүктөр – плюралисттик көз караштын ызы-чуусу. Көптүк менен плюрализмдин айырмасы жөнүндө мен буга чейин да айткан элем. Көптүк бул жөнөкөй факт: диндердин, этностордун, тилдердин жана маданияттардын ж.б. көптүгү бар, ал эми плюрализм – бул мамиле, саясат болуп саналат.

Бирөөнү плюралист деп айтуу кандайдыр бир жолдор менен ошол көптүктү кабыл алат. Бул көпчүлүк учурда оң кабыл алуу болушу мүмкүн эмес; балким, жөн гана ийиндерин куушуруп, “Бизде канча дин бар экендиги маанилүү эмес, анткени алардын бири дагы чындыкка жатпайт” дегендей. Же болбосо плюрализм кээде теологиялык милдеттенме болуп калышы мүмкүн, мындай учурда биз “Кудай мындай көптүккө жол берет, жада калса Кудай бул көптүктү каалайт” деп айта алабыз. Же болбосо, релятивдештирүүчү көз караштагы мындай чечим кабыл алынышы мүмкүн: “Менин өзүмдүн позициям бар, бирок мен башка позицияларга кандай мамиле кылсам, мага дагы ошондой позиция менен мамиле кылышат”. Же болбосо, плюралисттердин белгилүү бир тобу чындык – ушунчалык татаал, көп кырдуу жана ар бир диний көз караш анын жалпы бир бөлүгүн гана түзөт деп айтышат. Башкалар өздөрүн плюралисттик деп эсептеши мүмкүн, анткени алар “диний милдеттенмелер – жөн гана жеке табит маселеси” деп эсептешет, ошондуктан алар менен талашууга болбойт. “Плюралист” деген түшүнүктү билдириши мүмкүн болгон бир катар нерселер бар, ошондуктан биз плюралисттик коом кандай болушу мүмкүн

экендигин так билебиз деп шашылбашыбыз керек.

Плюрализмди жана плюралисттик коомдорду ойлоп табуунун кеңири таралган ыкмаларынын бири аларды эң керектүү жана глобалдуу деп көрсөтөт. Бирок, бул жол мага балканизациянын бир түрү сыяктуу сезилет. Мен эмне жөнүндө айтып жатканымды түшүндүрүп берейин. “Балкандашуу”, адатта, империядан кийинки кырдаалдан келип чыккан көп улуттуу мамлекеттердин бөлүнүшүнө карата колдонулат, мисалы, Осмон империясы кулап, анын Түштүк-Чыгыш Европасы өз карамагына өткөндөн кийин, же Француз, Бельгия, Британия ж.б. Африкадагы жана Түштүк Азиядагы империялык режимдер эсептелинет. Дин, тил же уруу ж.б.у.с. терминдер өлкөлөрдүн өзүнчө жамаатын жаратуу менен мамлекеттерди түзүүгө жардам берди. Бири чек араларды белгилөө менен, көпчүлүктү башкаруу жана ар бир топтун өз чөйрөсүндө иштөөсүнө мүмкүнчүлүк берди. Экинчиси, чек араларды бекемдөөдө тоскоолдук жаратпай, бөлүнүүчүлүккө шек келтирбеши керек.

Көпчүлүк учурда бул АКШда болуп аткан плюралисттик коомдун түрү сыяктуу сезилет. Биз коомубузду – ар кандай диний каада-салттардан куралган нерсе катары ойлойбуз жана биз алардын ар бирин өз ордунда кармагандан башка эч нерсе кыла албайбыз. Биз көпчүлүгүбүз же дээрлик бардыгыбыз макул болгон минималдуу жалпы мейкиндикти аныктай алабыз, бирок андан кийин: “Бүттү, эми калганы: ырым-жырым, дин таануу, үрп-адаттар жана маданият, Кудай жөнүндөгү сенин түшүнүгүң”, – дейбиз. Биз кандайдыр бир жол менен тынчтыкта жанаша жашоого жана идеалдуу плюралисттик коомду түзүү үчүн ушул жол менен бара алабыз деп ойлоп, диндерибизди бири-бирибизге аздыр-көптүр таңуулабайбыз деп чек араларды орноттук. Эч ким башка бирөөнүн ыйык нерсесине тоскоол болбойт.

Бирок, биз бул жерде экология жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча тажрыйбабыздан үйрөнө турган бир нерсе бар деп айткым келет. Менин оюмча айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ченемдик укуктук актыларды кабыл алуунун мамлекеттик, а түгүл улуттук деңгээлдеги мааниси бар деп эсептеген эки гана адам калды окшойт, алар – Дональд Трамп жана Скотт Прюитт. Бирок айлана-чөйрөгө болгон мамилени балканизациялоонун эч кандай

мааниси жок экендигин баарыбыз билебиз, анткени биз бир экосферада жашайбыз. Кентуккидеги көмүр менен иштеген электр станциясынын түтүнү Тынч океанындагы деңиз деңгээлинин көтөрүлүшүнө таасирин тийгизди. Алардын үйлөрү Кентуккиден миңдеген чакырым алыстыкта жайгашса дагы, деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү адамдар үчүн каргашалуу натыйжаларды алып келди. Экосферада чектөө жок: анткени бул баарыбызга мүнөздүү нерсе. Менин айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндөгү айтканым бул диний плюрализм жөнүндө кандай ойдо экенибиз сыяктуу эле жалпыбызга тиешелүү түшүнүк. Мен сүрөттөп келген диний "балканизация" бизге кандайча жардам берет? Биз "О, сен сүйүүгө ишенесиңби? Биз дагы сүйүүгө ишенебиз; бул абдан сонун!" дейбиз. Же болбосо "Тынчтык, бизде да тынчтык бар!"дейбиз. Биз бири-бирибизге жогорку диний "аймактын" музей-бөлүктөрүн, кээде идеалдарыбызды көрсөтөбүз. Бирок музейлердегидей эле, бирөө аны карап аябай суктанат, экинчисине ал эч кандай таасир бербейт.

Адамдардын чыныгы жашоосу буга караганда бир аз тынчырак, Европанын Түштүк-Чыгыш тарабындагы баштапкы балкандыктар муну изилдеп табышкан. Бул адамзат коомунун экологиясы деп аталган нерсе, жана биз бирдей болгондуктан, адам болуу, адамдын гүлдөп-өсүшүн түзгөн нерсени, ошондой эле идеалдуу коом же жеке өзүбүз жана үй-бүлөбүз үчүн кылгандарыбызды жана көз карашыбызды көрсөтө албайбыз. Биз дүйнөнү бөлүшкөндөн баштап, адамдардын жашоосунун бирдиктүү экосистемасы пайда болот. Диний жана этикалык чектерден артка чегинүү жана кандайдыр бир суверендүү кол тийбестик укугун алуу – менин укугум болуп саналат.

Мен эмне үчүн кээ бир мусулмандар аль-Маиданын 48-аятын диний плюрализм деп атоодон тартынышкандыгын түшүнө алам. Аллах Куранда баарыбыз үчүн бир мыйзамды жана жашоо образын орнотконун айтканда, ар башка диндерди бири-биринен айырмалап турган олуттуу ишеним айырмачылыктарын кантип камтый тургандыгын байкоо кыйын. Көпчүлүк диндердин окшоштуктарын үстүртөн гана белгилешет же жөн гана аларды элестеткен биримдикти чагылдырышып, "*бардык диндер х-ти окутушат*" же "*бардык диндер у-не ишенишет*" деп айтылат. Бирок чынды-

гында кайсы диндерди окутуп жаткандыгына жана динге ишенгендер эмне деп ырастаганына көңүл бурбаган адамдар гана диндер бирдей деп ойлошот. Биз, чындыгында, бардыгы бирдей: теги, баркы жана тагдыры бир деп ойлойбуз. Бирок, биз ишенген жана тутунган нерселер – ар түрдүү жана бири-бирибиздин ишенимибизге олуттуу мамиле кылууга милдеттүүбүз. Биз аларды олуттуу кабыл алып жана музей сыяктуу жалгыз калтырбашыбыз керек. Бул ошол ишенимдерде биздин аныктыгыбызга шек келтирип, биздин туруктуу абалыбызды суракка алышына жол берүүнү билдирет.

Биз айырмалаган нерселер жөн гана аларды чектен чыгаруу дегенди билдирбейт. Алар адам болуу деген эмне экендигинин өзөгүн түзүшөт, анткени биздин Кудай жөнүндөгү түшүнүгүбүз адамдын жашоосу жана адамдын гүлдөп-өсүшү эмне экендигин түшүнүү менен тыгыз байланышта. Эгерде биз бул жөнүндө көп маанилүү болгубуз келсе, анда христиан чөйрөлөрүндөгү бул теологиялык антропологияны – биздин адамзат жөнүндөгү түшүнүгүбүз Кудайга болгон ишенимибиз менен тыгыз байланышта экендигин айтуунун технологиялык жолу болуп эсептелинет. Динге ишенген адам үчүн теологиялык антропология болбогон антропология жок. Теология келечек үчүн жөн эле нерсе эмес. Азыркы учур – азыркы жана ушул жердеги нерселер менен байланыштуу.Теология Жаратуучу катары Кудайда да бар, жана албетте, биз баарыбыз Кудайдын дүйнөнү жаратуусуна катышабыз. Демек, биздин теологиялык антропологиябыз биздин бири-бирибизге болгон мамилелерибиз – биздин өзөгүбүздү түзөт.

Ошондуктан, плюралисттик коом – жөн гана өзүнчө диний жамааттардын курамына ээ болгон коом боло албайт, алардын ар биринин Кудайга койгон көз карашы ар түрдүү жана мамлекет сыяктуу ар биринин өзүнүн көз карандысыздыгы бар, ошондуктан алар бир экосистеманы бөлүшүп турушат. Бир эле адамдын расага же кулчулукка, жынысына же улутуна, согушка же тынчтыкка, ден соолукка жана жыргалчылыкка болгон ишеними бүтүндөй коомго таасир этет. Биз адамдардан обочолонуп жашабайбыз.

Биздин ишеним ар бир адамга таасир эткендиктен, баарыбыз бири-бирибизге жооптуубуз. Ошондуктан биз бири-бирибиздин алдыбызда жооп беришибиз керек. Көпчүлүгүбүз табигый ай-

лана-чөйрөбүздүн абалына байланыштуу бири-бирибиздин жашообуз жөнүндө, тактап айтканда жашоодогу, келечектеги жолубуз,кубаттуулуктуу өндүрүү мүмкүнчүлүгүбүз, тамеки тарткан жерибиз,таштандыларды кантип жана каякка таштап жаткандыгыбыз жөнүндө билип калдык, жана мындай иш-аракеттерди жасоодо кимдир бирөөнүн алдында жооптуу жана милдеттүү экенибизди эсибизге сакташыбыз керек. Ошентип, биз бири-бирибизге жасаган мамилебиз, сүйлөшүүбүз, кээде билип-билбестен адилетсиздик менен аралашып кеткендигибиз жана бизге доомат койгон башкалардын укуктары үчүн бири-бирибизди жоопко тартууга укуктуу жана милдеттүүбүз. Бул, албетте, көпчүлүктүн башкаруусу же салттуу маданияттын башкаларга берген буйругу менен гана байланыштуу эмес. Көпчүлүк жамааты башкалар сыяктуу эле жардамга муктаж. Бул нерсе – чыдамдуулукту жана момундукту талап кылган узак, татаал процесс. Доминанттык маданияттар адамдар ортосундагы мамилелердин мүнөзүн ар кандай түшүнүү менен кабыл алуунун натыйжасында кыйынчылыктарга жана өзгөрүүлөргө даяр болушу керек.

Коомчулуктун плюрализмдин түрү менен иштей албагандыгынын дагы бир себеби бар. Ал ар бир адамдын иденттүүлүгү социалдык жактан калыптангандыгында, бирок мен “социалдык жактан курулган” деп айткым келбейт, анткени ал заманбап эмес терминдер. Менин айтайын дегеним, биздин гумандуулук сезимибиз коомдо калыптанат. Ар бир адамдын инсандыгы – бул кайчылаш иш-аракет, алар үй-бүлөсү жана достору менен болгон мамилеси, маданияты, улуту, диний ишенимдери жана башка көптөгөн нерселерди камтыган татаал желе сыяктуу. Адамга сен мусулман же христиансын деп жөнөкөй эн белги коюуга эч кандай мүмкүнчүлүк жок.

Мисалы, мен австралиялыкмын; бирок австралиялыктардын бардыгы эле – христиан эмес. Мен бул жерде – АКШда жаран эмесмин, мен – Ички Кирешелер Кызматы “резидент эмес чет элдик” деп айтууну жактырган жаранмын. Мен – жөн гана дин кызматчысымын. Албетте, австралиялыктардын бардыгы эле – дин кызматчылары эмес, мен сыяктуу эле, дин кызматчылардын бардыгы – иезуит эмес. Мен ушул факторлорду алып жүрөм жана Азияда, Австралияда, Жакынкы Чыгышта, АКШда, Улуу Брита-

нияда, Италияда жашап келген адаммын. Мен үчүн бардыгы – абдан маанилүү, анын ичинде мен баалаган достук мамилелер, алган компетенттүүлүктөрүм жана кабыл алган меймандостугум бар. Иезуит дин кызматчыларынын бардыгы эле – ислам дининин студенттери эмес экендигин билүү – сизди таң калтырбашы керек.

Бул дил баянды окуган ар бир адам үчүн биздин ар бирибиздин инсандыгыбыз бул ушунчалык көп мамилелердин жана факторлордун айкалышкан чырмалышы болуп саналат, мен үчүн, мисалы, Джорджтаундагы кесиптештеримдин биринин айтканы эч кандай мааниге ээ эмес, ал: “Оо, ал – мусулман”, – деп көп нерсени түшүндүрүп жаткандай. Биз ар кандай динди тутунган болсок дагы, ал экөөбүз тең бир университеттин профессору болуп эмгектенебиз, бул бизди белгилүү бир тил жана стилди бөлүштүрүү менен артыкчылыктуу азчылык жамаатынын катарына кошот. Биз экөөбүз тең ак топтогу адамдардын катарын толуктайбыз, бул дагы артыкчылыктуу топ болуп эсептелинет, ошондуктан биз ага киргенден пайда гана табабыз. Биздин айырмачылыктарыбыз бар, бирок айырмачылыктардын же жалпылыктардын бири дагы биздин ким экенибизди аныктабайт. Биз экөөбүз тең – уникалдуубуз жана биздин ким экендигибизди өзүбүздүн чырмалышкан мамилелердин негизинде гана чындап түшүнсө болот. Адам жөнүндө көп нерселерди айтууга болот, бирок диний этикет кандайдыр бир жол менен бизге абдан көп маалымат берет деген ой бар.

Ошентип, мен АКШда жана Австралияда болгон карама-каршы ойлордун плюрализмге тийгизген таасирин изилдөөгө ыкчам аракет кылып көрдүм, биз бул жерде мусулман болуу мейкиндиги жана башка диндер үчүн мейкиндиктерге курама сыяктуу Абдул Азиз Сачединанын Иерусалимдин эски шаарындагы кварталды сүрөттөгөндөй ой жаратабыз деп божомолдогонбуз. Бирок, биз бир гана адамдын экосистемасында жашап жана Кудай жараткан адам экосистемасынын мүчөлөрү катары, биздин ар бирибиз уникалдуу экенибизди түшүндүк. Биз бир класстын, бир улуттун, бир диндин же бир этностун өкүлдөрү болуу менен аныкталбайбыз. Эч кандай курамалоо жок; бир гана чырмалышуу жана бири-бирине болгон мамиле бар. Кудай туруктуу жана монохромдуу кылып калтырган бул дүйнөнүн бир дагы бөлүгү жок. Кудай үзгүлтүксүз жаратып жана бир бүтүнгө айкалыштырган нерсе

жок. Ал мезгил-мезгили менен кармалып турушу мүмкүн болгон диний адамдын чыныгы диний идентификациясы жана адамдын инсандыгынын бир гана элементи болуп саналат. Мындай учурда жаңылбашыбыз керек, анткени ал жерде бир гана христиан же кокусунан пайда болгон элемент бар деп айткым келбейт, анткени аны таштап койсоңор деле ал чоң айырмачылыкка алып келбейт, бирок кээ бир адамдар үчүн бул чындык болуп саналат. Интервью бергендерди көп эле угабыз жана алар: "Мен католик болуп чоңойгом, эми мен X-мин", – деп жооп беришет. Алардын диний этикети, алардын ким экендиги – маанилүү эмес. Адамдын ишенимин идентификациялоо – идентификациянын бир бөлүгү деп айтсам дагы, кээ бир адамдар үчүн бирдиктүү элемент – аныктоочу элемент болушу мүмкүн. Бирок, адамдын өздүгүн аныктоочу элемент болушу мүмкүн болгон бир нече маани бар. Биринчи маани, аныктоочу элемент – кеңири жайылган элемент. Башкача айтканда, ал көп нерсени өзүнөн өткөрөт; бирок бул жөн гана купе эмес. Мисалы, христиан болуу, католик болуу, иезуит болуу – ушулардын бардыгы менин инсандыгымда кеңири жайылган элементтер жана алар бири-биринен бөлүнбөйт деп үмүттөнөм.

Кээ бир адамдар үчүн диний иденттүүлүк – адамдын инсандыгын аныктоочу чектерин белгилөө болуп саналат. Менимче, биз баарыбыз өздөрүн диний же улуттук иденттүүлүк менен аныктаган адамдарды билебиз, бирок алардын чыныгы мазмундары жок. Бул жерде ким ушул тарапта жана ким башка экендиги гана аныкталат. Көпчүлүк учурларда биз динди чекти аныктоочу элемент катары колдонобуз, анткени ал биздин инсандыгыбызды каптап же чыңдап тургандыктан эмес, тескерисинче, ал биздин кандай иш алып баргандыгыбыздан, кандайча окумуштуу, окутуучу, мугалим же сүрөтчү экендигибизден кабар берет. Учурдагы европалык жана америкалык коомдук пикирлерде буга окшогон көптөгөн мисалдарды угуп жатабыз: "Бизде христиан маданияты бар жана ушунча мусулман качкындарын кабыл алуу биздин инсандыгыбызга коркунуч келтирет!" Эгерде бул маданияттар чыныгы мааниде христиан динин тутунса, анда "Жакшы кабардын" чоо-жайы бейтааныш адамды тосуп алып, муктаж болгондорго жардам берүү жана маданий бир тектүүлүк жөнүндөгү ой-пикирлерин жокко чыгарат. Эгерде Исанын жолдоочулары

ушундай адамдар үчүн терең мааниге ээ болушкан болсо, анда Исанын өз өмүрүн сактап калууну көздөгөн адам андан айрылат, ал эми “Жакшы Кабар” үчүн өз жанын жоготууга даяр болгон адам жөнүндө бир нече жолу айткан эскертүүсүнө олуттуу карашы мүмкүн. (Лука 9:23; 17:33)

Биздин диний каада-салттар айрыкча иудаизм, христианчылык жана ислам жөнүндө сөз болгондо, чек араны эрте аныктоо аракетине өтүшөт. Даниел Боярин бул темада христианчылык менен иудаизмдин ортосундагы жолдун бөлүнүшү, башкача айтканда, бул жерде так чек ара болушу керек деген сезимдин акырындык менен өнүгүшү жөнүндө эң ачык айткан. Ал аны мисалы, сиз еврей христианмын деп айта албайсыз деген ой менен бөлүшкөн.[2] Сиз же еврей, же христиан болушуңуз керек. Эми көпчүлүктүн жашоосу чындыгында, андай болгон жок, эки тараптын бийликтери ошол чек араларды полиция менен көзөмөлдөй баштаганга чейин, элдер чек араларын толук билбей келишкен. Биз жалпылыкка караганда, көбүрөөк айырмачылыкты байкадык.

Куранда жана ислам салтында ушул сыяктуу нерселер болуп жаткандыгын көрөбүз. Исанын жолдоочулары ишенимдеби же алар ишенген жокпу? Биз кайсы жерди чек кылабыз? *Муминин* деген кимдер? *Мумин* жана *мусулман* болуунун айырмасы эмнеде? Ошентип, биз көптөгөн диний каада-салттардын башында чек аранын кайда жайгашкандыгын түшүнүү аракетин көрөбүз. Профессор Сачедина Дамасктык Джонду эскерди. Джон буга мисал келтирип, исламды башка христиан адаттары сыяктуу эле бир жаңылыштык кетирди деп эсептеген, ал чек аранын туура эмес бөлүштүрүлгөнүн мисал кылат.

Мен айткан курама плюрализмдин тенденциясы – биздин диний өзгөчөлүктөрүбүз болуп эсептелинет, алар негизинен диний айырмачылыктарды ким жөнгө саларын жана ким көзөмөлдөйт экендигинин үстүндө иш алып барышат.

Аллахтын астындагы бир элден башка исламдык *умма* деген эмне? “Ишенгендер” үчүн чыныгы суроо пайда болот: кайсы бир заманбап улуттук мамлекетте Кудайдын алдындагы бир эл болуу деген эмнени билдирет? Мен желекке таазим этип чоңойбосом дагы, ар кандай адамдар Кудайдын астында бир эл болууну көздөгөнүнө кубанычтамын. Бирок, бул эмнени билдирет?

Бул суроого бизде теологиялык жана этикалык жооптор бар. Профессор Сачединанын айткандарына кошулам, биз теологияны антропологиядан бөлө албайбыз, анткени бардык теология антропологияны камтыйт. Ошондой эле теология кандайдыр бир мааниде антропологиялык мааниге ээ, анткени Кудай – Жаратуучу, ошондуктан биз Кудайдын дүйнөсүндө, тактап айтканда, Кудай жаратып жаткан дүйнөдө жашап жатабыз. Ошол себептен, теологиянын бардыгы эле саясий мүнөзгө ээ эмеспи? “Кудайга баш ийген эл болуу” деген эмнени билдирет деген суроого ар кандай жоопторубуз бар, ошону менен бирге эле: биз бир адамдын экосферасында жашап жатабыз, ошондуктан биздин бири-бирибизге болгон мамилебиз, ар бирибиздин укугубуз жана милдеттерибиз бар. Өлкөдө болуп жаткан окуялардын негизинде азыркы учурда өзүлөрүн “христианмын” деп тааныштырган адамдардын көпчүлүгү “мусулмандар өз ордуларын билип эле: бул жерде жашай беришсе болот” деп айтышат. Биз, айрыкча акыркы алтымыш жылда, жүйүттөр бизге сунуш кылган чакырыкты уккандай эле, мусулмандар сунуш кылган чакырыкты угууга даяр турган күн келет деп үмүттөнөбүз. Бардыгыбыз өзүнчө бир реалдуулукту курууга бири-бирибиз менен мамилебизди түздөп, башка адамдардын кыйынчылыктарына олуттуу мамиле кылабыз деп ишенем.

“Оо, бул сенин чындыгың” деп айткандарды угуу кадимки эле көрүнүш болуп калды. Бул дагы курама менталитет болуп эсептелинет. Ал эми *ал-хак* деген эмне? Албетте, бир гана чындык бар. Эгер Кудай бирөө жана Ал *Ал-Хак* болсо, анда бизде бир гана чындык болот. Сенин чындыгың, менин чындыгым, алардын чындыгы деген нерсе жок. Чындыкты чогуу издөөнү үйрөнүшүбүз керек, аны өтө эле каттуу себетке салгандай кылбай, же: “Бул сенин чындыгың; бул сен үчүн жакшы, бирок менин чындыгым өзүнчө жана башкача” дебешибиз керек. Бул иш бизден момундукту талап кылат. Ар бир ишенген адам үчүн, Кудайдын алдында бир эл болуудан өткөн маанилүү саясий маселе жок. Бул суроону чогуу чечүү үчүн, бизге эки түрдөгү кичипейилдик керек, бул жерде мен досум жана кесиптешим Кэтрин Корнилдин эмгегине таянам.[3]

Биринчиси – гносеологиялык момундук. Биз билген нерселер жөнүндө бир аз момундукка ээ болушубуз керек жана Кудай жөнүндө чындыкты толук чагылдыра алышыбыз мүмкүн. Бирок албетте чектөөлөр бар. Бул убакытты талап кылат. Куранда айтылгандай, Аллах биздин бири-бирибизден айырмалаган чындыкты ачып бергенде гана, жете турган максат болот. (Куран 5:48) Бирок, бул чындыкка жакындашуу үчүн ортодо күрөшүү жана эч кандай сүйлөшүү болгон жок дегенди билдирбейт.

Менин азыркы ишимде мен эң негизгиси, ислам дининин христиан теологиясынындагы кыйынчылыктарын караштырам. Иса, үчилтик жана аят жөнүндө берилген суроолордун бардыгы – орундуу суроолор болуп саналат. Бул суроолордун ар бирин Исанын жолдоочулары да сурашкан жана алар дагы деле бул жөнүндө сурай беришет. Демек, бул жерде: “Менин жеке мейкиндигим – теологиялык мейкиндигим бар, жана мен мусулмандардын сураган нерселерин эске алып, Кудай жөнүндө ушул нерселерди айта берем”, – деген сөз жөн жеринен эмес. Кийинки берилген суроолор – чыныгы суроолор. Бир гана Кудай жана адамдардын бир гана “экосферасы” бар экендигин эске алганда, биз эч качан Кудайдын чындыгын түшүнө албай тургандыгыбызды билсек дагы, бири-бирибизди угушубуз керек.

Биз билген нерселер жөнүндөгү эпистемологиялык кичипейилдик-момундук – бул жөн гана релятивизм эмес. Тескерисинче, бул адамдын акылынын жана тилинин чеги жөнүндөгү реалдуулук. Ошондой эле, бул ар дайым Кудайга болгон сый-урматты билдирет. Курандын Ихлас сүрөсүндө (112:4) айтылгандай, Аллахка салыштырылгыс эч нерсе жок. Кудай – башка адамдарга караганда чексиз күчтүү жана өтө сырдуу боло турган бир зат эмес. Кудай – биздей эмес жана биз эч качан Кудайды өз тилибиз менен түшүнбөйбүз. Бирок, биз Кудайдын чындыгын түшүнө албасак дагы, ал чындык бизди түшүнүп, өзгөртө алат.

Биз талап кылган момундуктун дагы бир түрү – бул адеп-ахлактык момундук, бардык улуу идеалдарга карабастан, бизде адеп-ахлактык ийгиликсиздиктин тарыхы бар экендигин моюнга алуу керек. Албетте, тарыхтын бардыгы андай эмес, ал биздин азыркы учурдагы кемчиликтерибиз. Баарыбыздан чыныгы адеп-ахлактык момундук талап кылынат. Дүйнөдө адилеттүүлүк-

тү орнотуу үчүн биз өзүбүздүн күнөөбүздү гана эмес, кылымдар бою созулуп келе жаткан эзүүнүн торлоруна чырмалышкандыгыбызды жана бири-бирибизди билүү үчүн чынчылдыкты жана кайраттуулукту таба алабызбы?

Биз тарыхыбызда жана азыркы учурда дагы деле адилетсиз экономикалык түзүмдөргө, мунай зат, курал-жарак жана баңги заттарды эксплуатациялоо, адамдарды сатуу жана эмгекти эксплуатациялоо, жеке кызыкчылыктарды көздөгөн жана салкын эсептешкен союздарга, агрессиялар менен үстөмдүккө катышып жатабыз жана цивилизация менен динде, адамзаттын кыйратуучу кылмыштарында Жаратуучуга кайрылуу менен актанабыз. Биз көп учурда расасы, улуту, жынысы жана ишеними башка адамдарды жек көрөбүз жана биз дүйнө жүзү боюнча кедей-кембагалдардын тирүү калышы үчүн аз гана кайрымдуулук кылабыз.

Ошондуктан, момундук бизден сатуучу адамдай иш-аракетти токтотууну талап кылат. Мындай сонун ойду мен он сегиз ай мурун Римдеги методист үгүтчүнүн оозунан уккам. Анын айтымында, биз ар дайым өзүбүздү сатуучу адамдай алып жүрөбүз: "Бул жерге келип, сатып ал, биздин чектелген коомго кошул" деп, биз христиан сатуучуларындай болуп, Кудайдын падышалыгынын алдында жүрөбүз. "Биз – сатуучу эмеспиз", – деди ал. "Биз бекер үлгү болушубуз керек". Чындыгында, "Кудайдын алдында" жашаганда, адамзаттын жашоосу кандай болоорун адамдарга сездирип, биз башкаларга тирүү мисалдар болушубуз керек.

Эгер биз мусулмандар, христиандар, иудейлер, индустар жана буддисттер Кудай алдындагы адамзаттын чыныгы үлгүсү катары жашабасак, анда биз жашообузду текке кетирип жаткандай болобуз. Мусулман жана христиан катары биз Ибрахимдин Кудайына ишенүүдөн келип чыккан адам болуунун өзгөчө жолун, кантип жашоону (жана башкаларга эркин сунуш кылууну) үйрөнө алабыз. Азырынча биз Ибрахимдин салтында белгиленгендей, Кудайдын каалоосу боюнча жашай алган жокпуз. Кудай буюрса, барган сайын биз ошондой жасайбыз.

# ШИЛТЕМЕЛЕР


1. Доктор Ричард Джонско менин лекциямдын стенограммасын редакциялаганы үчүн рахмат.
2. Даниэл Боярин, “Еврейлик христианчылыкты кайрадан карап чыгуу: шектүү категорияны жок кылуу үчүн аргумент (ага менин чек ара тилкесин ондоо тиркелет)”. “Еврейлердин кварталдык кароосу” (Jewish quarterly review), 99-бөлүм, 1- номер, Кыш, 2009, 7-36 -бб, (карап чыгуу ), Пенсильвания Университети тарабынан басылып чыккан DOI: 10.1353 / jqr.0.0030
3. Караңыз: Кэтрин Корнил, “Диндер аралык диалогдун мүмкүнчүлүгү” (The impossibility of interreligious dialogue), (Нью-Йорк, Crossroad Publishing компаниясы, 2008). Кэтрин Корнилл өзүнүн позициясын кыскача баяндайт. (2013) “Диндер аралык диалог үчүн шарттар”, “Вилли-Блэквелл диндер аралык диалогдун шериги” (The Wiley-Blackwell companion to interreligious dialogue) ( Корнилл тарабынан редакцияланган ), John Wiley жана Sons ААК, Чичестер, Улуу Британия. doi: 10.1002 / 9781118529911.ch2.

# АКЫРКЫ СӨЗ

Париж, Сан-Бернардино, Брюссель, Стамбул, Анкара жана Лахор шаарларындагы адам өлтүрүү, каргаша жана бүтүндөй чет өлкөлүк кийлигишүүлөр айыгышкан этникалык жана диний согуштар менен коштолуп, Мусулман дүйнөсүнүн көпчүлүк бөлүктөрү аябай талкаланган дүйнөдө жашап жаткандай таасир калтырат. Бернард Льюис жана Самуэль Хантингтон сыяктуу цивилизациялардын кагылышуусу жөнүндө изилдеген окумуштуулардын ойлору – маанилүү болгон окшойт. Бактыга жараша, цивилизациялар диалогуна күйүп-бышып, ишенип жүргөндөргө да тиешелүү күчтүү каршылыктар бар. Мүмкүн маданият жана диндер боюнча диалогду жайылтуучулар туш болгон эң чоң көйгөй – бул жалпы маалыматтын жетишсиздиги болуп саналат. Маалымат жана технология доорунда жашап жаткандыгыбызга карабастан, фактыларды түшүнбөстүктөн бурмалаган учурлар кездешет. Ошондуктан, цивилизациялар диалогу – бул диндер ортосундагы көпүрөлөрдү куруу жана түшүнүшүүнү өркүндөтүү үчүн абдан маанилүү жана шашылыш муктаждык болуп эсептелинет.

Бул мыкты жыйнак – цивилизациялар диалогунун жакшы мисалы. Анда биз белгилүү дипломаттардын, окумуштуулар жана активисттердин ойлору жана тажрыйбалары менен бөлүштүк. Алардын салымдары – кесипкөй жана чагымчыл мүнөзгө ээ. Биз дүйнө жүзү боюнча актуалдуу болгон темалардын баарынан билим алабыз жана шарияттын, исламдагы диний мыйзамдын маанисин илимий талкуулоодон баштап, биринчи кресттүүлөрдүн ынталуулугун ИШИМдин мүчөлөрүнө салыштырууга чейин талкуулайбыз. Адам баласы бул китепти маалымат алуу, ошондой эле аракетке чакыруу катары окуйт деп үмүттөнөм. Эгер биз дүйнө – чындыгында талкаланган деп эсептесек, анда биз бул дүйнөнү айыктырууга үндөгөн, Ибрахимдин ишениминин өзөгүндө турган

улуу иудейлик сөздөргө кулак төшөгөндөн башка эч нерсе кыла албайбыз. tikkun olam.

АКБАР АХМЕД

*Ибн Халдун Ислам таануу кафедрасынын төрагасы,*
*Америка университети, Вашингтон, Колумбия жана*
*Ирландиядагы Пакистандын экс комиссары*

## МЕН МУСУЛМАНМЫН

*Шейх ТАХА ЖАБИР АЛЬ-АЛЬВАНИНИН* керээзи

Али аль-Талибдин котормосу, Таха Жабир аль-Альванинин небереси

МЕН АКЫЙКАТТЫКТЫ ЫЙЫКТАЙМ, ЭРКИНДИКТИ ДАҢАЗАЛАЙМ ЖАНА АДАМЗАТТЫ СЫЙЛАЙМ.

Жумшактык аркылуу алсыздыкты көрсөтүү менен мен күчтүүлөргө алардан да күчтүү бирөө бар экендигин эскертем. Мен байларга кедейлердин укуктарын аткарууга кеңеш берем, жана ошол эле учурда кедейлерге алардын арасындагы байлардын байлыгы жакырлардын укуктарын аткаруу үчүн берилгендигин эскертем. Мен жакшылык менен жумшактыкты жакшы көрөм жана жамандыкты четке кагам. Мен такыбалыкка чакырам жана зордук-зомбулукту четке кагам. Мен жетекчилик менен бирге чындыкты колдойм. Мен жалганчылык, алдамчылык менен күрөшөм жана коррупцияга тыюу салам. Мен мүмкүн болушунча элдешүүнү каалайм. Мен тынчтыкты эңсейм жана согушту жек көрөм. Мен момундукту жакшы көрөм жана жакшы жашоого умтулам. Баарыбызга өлүм буйруса дагы, мен муну – бул өткөөл жашоодон түбөлүккө өтүү үчүн көпүрө деп эсептейм. Мен эң жакшы аяктоону каалайм жана Кудайдан баш паана издейм. Мен бейишти сүйөм жана тозок отун жек көрөм. Мен коопсуздукту издеп, туруксуздукту жек көрөм. Мен авторитаризмди жаман көрөм. Мен арамза, кыйратуучу же коррупционер эмесмин.

Менин тукумум Адам менен Ободон бери башталат, анткени Адам – менин атам болсо, Обо – менин энем. Адамзаттын бардык мүчөлөрү – менин эжелерим жана бир туугандарым. Мен бир дагы адамды жек көрбөйм, аларга чыккынчылык кылбайм жана аларды басынтпаймын. Тескерисинче, мен адамдарга туура жол көрсөтүп, алардын жолун жарык кылып, алар менен бирге бейишке жетүү үчүн аракет кылып жатам. Мен алардын ортосунда тосмо болуп, тозокко түшүп калбоону көздөп жатам. Мен

ааламды сүйөм жана ага таандыкмын. Мен ааламдагы бардык коңшуларымды, анын дарактарын, өсүмдүктөрүн, таштарын, жаныбарларын, тоолорун жана дарыяларын жакшы көрөм. Кудай – Эң Улук, Ал мени ушул жерде жараткан. Ал мени ушул жерге кайтарат жана бул жерден мени дагы бир жолу калыбыма келтирет. Мен бул жерге таандыкмын жана бардыгыңыздарды аны өркүндөтүү үчүн чакырам. Менин каалоом – чындыкты даңазалоо, менин максатым – анда тынчтыкты жана коопсуздукту жайылтуу. Менин максатым – тынчтык жана коопсуздукту орнотуш үчүн өз жаным менен күрөшүү. Мен акыры, Кудайга кайтып барам. Тынчтык – менин максатым. Коопсуздук – менин каалоом. Терроризм – менин душманым. Чыр-чатак – менин душманым. Ички тынчтык – менин издөөм.

Сиз мени тааныйсызбы? Сиз бул жер жүзүндөгү ушул сыпаттамага окшош адамды билесизби?

**Мен мусулманмын!**

# Демөөрчүлөр

Алфавиттик тартипте

**Амр Абдалла** – Эфиопиядагы Аддис-Абеба университетинин Тынчтык жана Коопсуздук Изилдөө Институтунун Саясий Анализ жана Изилдөө боюнча улук кеңешчиси болгон, учурда Виржиния штатындагы Ислам ойлору Эл аралык институтунун Мусулман Коомдорундагы Билим берүү реформаларын баалоо жана илгерилетүү боюнча директору.

**Сайид Амир Акрам** – Вирджиниядагы Гаррисонбург шаарынын Чыгыш Меннонит Университетинин Диндер аралык кызматташуу борборунда Люс окумуштуусу болгон жана азыркы учурда Коннектикут штатындагы Йель университетинин теология мектебинде сабак берет.

**Зайнаб Альвани** – Вашингтондогу Ховард университетинин Теология мектебинин ислам таануу боюнча профессору

**Валид аль-Ансари** – университеттин профессору жана Келал, Хишам жана Лайла Эдрис ЭЛСведи университетинин, Цинциннати Огайодогу Ксавье Университетинин ислам таануу бөлүмүнүн башчысы

**Азиза У. аль-Хибри** – Караманын негиздөөчүсү жана төрагасы. Адам укуктары боюнча мусулман аялдары үчүн юрист, Вирджиниядагы Ричмонд шаарынын Ричмонд университетинин Т. С. Уильямс атындагы Мыйзам мектебинин пенсиядагы профессору жана АКШнын Эл аралык диний эркиндик боюнча комиссиясынын мүчөсү.

**Ричард Джонс** – Вирджиния жана Александриядагы теологиялык семинарияда Миссия жана дүйнөлүк диндер боюнча профессор жана пенсионер аль-Альвани Вашингтондун Теологиялык Консорциумундагы Мусулман-Христиан Изилдөө башчысы.

**Даниэль А. Мадиган** – Джорджтаун Университетинин Теология кафедрасынын доценти жана Вашингтон штатындагы Принс-аль-Валид бин Талал атындагы борбордун улук мүчөсү.

**Кваси Квакье-Нуако** – Вашингтондогу Ховард университетинин Теология мектебиндеги дүйнөлүк диндер кафедрасынын доценти.

**Сулейман С. Ньян** – Вашингтон университетинин Африка таануу боюнча профессору болгон. Ал Сауд Аравияда Жидда шаарындагы Гамбиянын элчисинин орун басары болуп эмгектенген.

**Энтони К. Э. Куэйнтон** – резиденцияда элчи жана Вашингтондогу Америка Университетинин Эл аралык кызмат мектебинде тышкы саясат боюнча профессор.

**Абдулазиз Сачедина** – профессор жана Вирджиния Фэйрфакста Джордж Мейсон университетинин ислам таануу боюнча эл аралык илим изилдөө кафедрасынын төрагасы.

**Абдулазиз Саид** – Эл аралык тынчтыкты жана чыр-чатактарды четтетүү программасын негиздеген жана Вашингтондогу Америка Университетинин эл аралык кызмат мектебинде Мухаммед Саид Фарсинин Ислам Тынчтыгы кафедрасынын негиздөөчүсү болгон.

**Вильгельмус (Пим) Г. Б. М. Валкенберг** – Дин жана маданият боюнча Катардагы профессор жана Вашингтондогу Американын католик университетинин теология жана дин таануу мектебинин Диндер аралык изилдөө жана диалог институтунун директору.

Кудайга болгон биргелешкен руханий саякатыбызды жана адамзаттын алдындагы руханий жоопкерчилигибизди дагы бир жолу ырастоо – бул баарыбыз тең бөлүшө турган жүк жана фанатизмге, бейкалыстыкка жана адамзаттын боорукердик жана адилеттүүлүк сезимине чыккынчылык кылган бардык идеологияларга каршы чара. Бүтүндүк – биздеги айырмачылыктарыбызга карабастан, коом жана адамдар үчүн – Вашингтондо, Колумбия округунда алты жылдан бери уланып келе жаткан мусулман-христиан диалогунун темасы болуп саналат.

Ишенимдин күчү – биримдиктин күчү, байланыш каражаттары аркылуу коомдун таануу – буга жетүүнүн бир жолу жана ирактык укук таануучу Таха Жабир аль-Альванинин чоң көз карашынын бир элементи.

2007-жылы кырк жылдык Вашингтон теологиялык консорциумунун эшигин ачууну көздөгөн Сент-Франдис де Салес ордеринин дин кызматчысы Джон Кроссин менен Таха Жабир аль-Альванин уулу – Ахмед Альвани ортосунда сүйлөшүү башталды. Ахмед Альвани атасынын ислам илимин Батыштын социалдык чөйрөсү менен байланыштырган долбооруна институттук өнөктөш издеп жүргөн.

*Диний эмоциялар, идеялар социалдык чыр-чатакты тутантышы керекпи?*
*Чыр-чатакка ортомчулук кылуу боюнча чыгымдарды ким төлөйт?*
*Адамдын эмгегин баалоонун туура жолу кандай?*
*Куранда “Китеп ээлери” деген сөз эмнени билдирет?*

Мусулман жана христиан ойчулдары ушул маселелерди чечүүдө кээде биригип, өздөрүнүн түпкү ынанымдарын издешет. Кээде бул жуп бири-биринин көз караштарына макул болушат жана бул менен ар дайым өздөрүнүн айырмачылыктарын ачыкка чыгарышат.